**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**Б.СЫДЫКОВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ-ӨЗБЕК ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Кол жазма укугунда**

**УДК:**

**ТАШБАЕВА ГҮЛМАЙРАМ АБДИАШИМОВНА**

# САЛТТУУ КЫРГЫЗ ҮЙ-БҮЛӨСҮНДӨ БАЛДАРДЫ ЭМГЕКЧИЛДИККЕ ТАРБИЯЛООДО АТА-ЭНЕНИН РОЛУ ЖАНА АЗЫРКЫ МЕКТЕП ПРАКТИКАСЫНДА ПАЙДАЛАНУУНУ ӨРКҮНДӨТҮҮ

**13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы**

**Илимий жетекчи: педагогика илимдеринин доктору, профессор Муратов А.Ж.**

**Ош – 2023**

# МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ**.........................................................................................................3

**I БАП. САЛТТУУ КЫРГЫЗ ҮЙ-БҮЛӨСҮНДӨ БАЛДАРДЫ ЭМГЕКЧИЛДИККЕ ТАРБИЯЛООДО АТА-ЭНЕНИН РОЛУ ЖАНА АНЫ АЗЫРКЫ МЕКТЕП ПРАКТИКАСЫНДА ПАЙДАЛАНУУНУ ИЗИЛДӨӨНҮН ТАРЫХЫЙ-ТЕОРИЯЛЫК ӨҢҮТҮ**

1.1. Этнопедагогикада «салттуу кыргыз үй-бүлөсү» түшүнүгү..................10

1.2. Балдарды эмгекчилдикке тарбиялоо идеясынын кыргыз элинин оозеки адабиятында жана ырчылар чыгармачылыгында чагылдырылышы...............18

1.3. Балдарды эмгекчилдикке тарбиялоонун кыргыз эл турмушундагы мааниси...........................................................................................................24

1.4. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-эненин ролу проблемасынын кыргыз этнопедагогикасында изилдениши.......................................................................................................31

1.5. Изилдөөнүн методологиялык негиздери............................................37

*Биринчи бап боюнча корутунду*..................................................................43

**II БАП. ИЗИЛДӨӨНҮН МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ**

2.1. Изилдөөнүн материалдары..................................................................47

2.2. Илимий изилдөөнүн методдору...........................................................58

2.3. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекке тарбиялоодо ата-энелердин тажрыйбаларын азыркы учурда мектеп практикасында пайдалануунун педагогикалык шарттары жана мүмкүнчүлүктөрү................**75**

2.4. Кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекке тарбиялоо салттарын азыркы мугалимдердин жана тарбиячылардын практикада колдонулуш тажрыйбалары.................................................................................................97

*Экинчи бап боюнча корутунду..................................................................105*

**III БАП. САЛТТУУ КЫРГЫЗ ҮЙ-БҮЛӨСҮНДӨ БАЛДАРДЫ ЭМГЕКЧИЛДИККЕ ТАРБИЯЛООДО АТА-ЭНЕНИН РОЛУ ЖАНА АНЫ АЗЫРКЫ МЕКТЕП ПРАКТИКАСЫНДА ПАЙДАЛАНУУ БОЮНЧА ТАЖРЫЙБАЛАРДЫН ЖҮРҮШҮ ЖАНА НАТЫЙЖАЛАРЫ**

3.1. Педагогикалык тажрыйбалардын уюштурулушу жана өткөрүлүшү......109

3.2. Педагогикалык тажрыйбалардын натыйжалары......................................129

*Үчүнчү бап боюнча корутунду*..........................................................................131

**КОРУТУНДУ**.......................................................................................................133

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ**.................................137

# КИРИШҮҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Адамзаттын тарыхында анын прогресске жетишүүсүндө инсандын руханий, адеп-ахлактык өнүгүүсүндө жана дене тарбиясында эмгек жана эмгекчилдик чечүүчү ролду ойноп келген. Кайсыл үй-бүлө, уруу, эл, улут өз жашоолорунун негизги бөлүгүн эмгек менен айкалыштырса гана ошол үй-бүлө, уруу, эл, улут алдыңкы катарга чыгып, тескерисинче, эмгектенбегендер коомдук турмуштун агымынан четке сүрүлүп калган. Азыркы кыргыз коомундагы социалдык-саясый, экономикалык, маданий-руханий өзгөрүүлөр, анын ичинде эмгек рыногундагы атаандаштык, жумушсуздуктун жана социалдык абалдын оорлошу, ички жана тышкы миграциянын толкуну жаштарды эмгекке тарбиялоону өркүндөтүүнү, дүйнөлүк тажрыйбага ылайык жаңылоону талап кылат. Билим берүү мекемелеринде рыноктун шарттарында эмгекке жана эмгекчилдикке тарбиялоодо улуттук тарбиялоо маданиятындагы эл тарабынан топтолгон билимдерди жана тажрыйбаларды колдонуу өзгөчө мааниге ээ. Себеби аларда кыргыз элинин менталитетине, философиясына, психологиясына таандык, ошолордон келип чыккан жана кылымдар бою элдик практикада апробацияланган тарбиялык потенциалдар жатат. Кыргыз эл педагогикасында, анын ичинде ата-энелердин балдарды тарбиялоо процессинде эмгек жалпы адамзаттык, универсалдык, этникалык жана индивидуалдык баалуулук катары каралат да, адамдын тарбия алгандыгынын эң биринчи критерий анын эмгекти сүйөрлүгү, эмгектене билгендиги менен өлчөнөт. Улуттун өзүн-өзү аңдап түшүнүүсү азыркы этапта сөзсүз түрдө ошол улуттун башаттары, тарыхый тамыры менен байланышат. Ал эми улуттук негизге таянган кыргыз мектептери ушул тапта өзүнүн атуулдук позициясы калыптанган, ар тараптан тарбияланган инсанга муктаж, мына ушул муктаждыкты канааттандыруу үчүн азыркы кыргыз педагогикасы элдик тарбиянын салттары менен тарбиялоонун ыкмаларын жана жолдорун

көрсөткөн илимий жоболорго, теориялык жана практикалык сунуштарга муктаж.

Кыргыз эл педагогикасынын эмгекке тарбиялоо жана балдарды социалдаштыруу боюнча тажрыйбалары коомдук турмуштун деградациясындагы, массалык маданияттын туура эмес таасириндеги адепсиз, жалкоо, кылмышкер, наркоман ж.б. терс сапаттагы балдардын азаюуусуна өбөлгө түзүп бермек. Билим берүү уюмдарындагы тарбиялоо практикасы тарбиялануучулардын улуттук жана регионалдык өзгөчөлүктөрүн, элдик акылмандыктын салттарын, этнопсихологиялык кырдаалдарды эске албаган учурда өз натыйжасын биз каалагандай көрсөтө албай тургандыгын тастыктап келет. Элдин жашоосундагы эмгекке тарбиялоо тууралуу элдик педагогиканын идеясы – жалпы адамзаттык мааниге ээ, тарбиялоонун бул түрүсүз акыл-эс, эстетикалык, адептик, дене-бой тарбиясы өз деңгээлинде ишке ашпайт, алардын баары эмгекке тарбиялоодон келип чыгат.

Кыргыз элинин көчмөн турмушта жашоосу, ошого байланыштуу материалдык жана руханий маданияты, тоо климаты, тынымсыз согуштар менен алагды болушу аларды балдарды эмгекке тарбиялоого өзгөчө көңүл бурууга шарттаган. Салттуу үй-бүлөлөрүндө мал багуу, аңчылык, дыйканчылык негизги эмгек ишмердүүлүктөрү болуу менен алар эмгекчилдикке тарбиялоонун методдорун, формаларын, жолдорун жана каражаттарын иштеп чыгып, аларды калыптандырган жана биздин күндөргө жеткизген. Ата-эненин таасири менен балдар аларга жардам берип, турмуш-тиричилигин оңдоого салым кошсо, ошол эле кезде алар эмгек тарбиясы аркылуу атуулдук сапаттарын калыптандырган.

Элдик педагогиканын, анын ичинде ата-энелердин балдарды эмгекчилдикке тарбиялоо боюнча салттарын педагогиканын негиз салуучусу Я.А.Коменский теориялык жактан анализ берип, «Эзелки чехтердин акылмандыгы» деген классикалык эмгегин жазып чыккан жана анда чех элинин турмушундагы бала тарбиялоо маданиятын көрсөткөн. Швейцариялык педагог И.Г.Песталоции «Гертруд өз балдарын кантип үйрөтөт», «Энелер үчүн

китеп», «Лингард жана Гертруд» деген эмгектеринде балдардын ар тараптуу өнүгүүсүндөгү эмгек тарбиясынын ролун белгилеген. Л.Н.Толстойдун балдар үчүн жазган аңгемелеринде, К.Д.Ушинскийдин «Эне тили», «Балдар дүйнөсү», А.С.Макаренконун «Педагогикалык поэма», В.А.Сухомлинскийдин «Жүрөгүмдү балдарга арнайм», Г.Н.Волковдун «Этнопедагогика» ж.б. эмгектеринде ата-энелердин балдарды эмгекке тарбиялоо маданияты ар тараптуу көрсөтүлгөн.

XX кылымдын 80-90-жылдарында советтик этнопедагогика илими салттуу үй-бүлөлөрдө эмгекке тарбиялоо проблемасын ар түрдүү улуттардын жана элдердин мисалында изилдешти, алсак, армян (В.А.Арутюнян), якут (В.Д.Афанасьев), азербейжан (А.Ш.Гашимов), дагестан (Ш.А.Мирзоев, З.Якубов, Р.М.Пашева), татар (Я.И.Ханбиков), грузин (А.Ф.Хинтибидзе), адигей (И.А.Шоров), казак (К.Б.Жарикбаев, А.Табылдиев, С.Калиев) ж.б. элдиердин педагогикасы боюнча изилдөөлөр.

Бул проблема кыргыз этнопедагогикасында да атайын изилдөөлөрдө каралып өткөн. 1974-жылы Б.А.Апышев элдик салттарды жогорку класстарда эмгекке тарбиялоо процессинде пайдалануу боюнча кандидаттык диссертациясын коргогон.(Б.Апыш).

Кыргыз эл педагогикасынын жалпы маселелери, анын ичинде ата-энелердин эмгекке тарбиялоо салттары Р.А.Абдыраимова, А.А.Алимбеков, Х.Ф.Анаркулов, С.О.Байгазиев, Ж.Б.Бешимов, А.Э.Измайлов, Н.И.Имаева, С.И.Иптаров, А.Ж.Муратов, А.Т.Калдыбаева, Ж.И.Койчуманов, М.Р.Рахимова, С.К.Рысбаев, Т.В.Панкова, Т.О.Ормонов ж.б. этнопедагогдордун эмгектеринде илимий талдоодон өткөрүлгөн. Ата-энелердин эмгекке тарбиялоо маданияты боюнча этнографиялык (С.М.Абрамзон, К.И.Антипина, А.Акматалиев, Н.А.Аристов, А.Асанканов, И.Б.Молдобаев, С.Т.Кайыпов ж.б.) жана социологиялык (Р.Ачылова, К.Бектурганова, К.Исаев, Т.Шайдулаева ж.б.) багыттагы изилдөөлөр да кыргыз үй-бүлөсүнүн проблемаларын анализдеп биздин эмгегибизди керектүү факт, материалдар менен камсыз кылат.

Жогорудагыдай изилдөөлөргө карабай салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө ата-энелердин балдарды эмгекчилдикке тарбиялоо маданияты жана аларды азыркы билим берүү уюмдарында пайдалануунун технологиялары ар тараптуу иштелип чыккан деп айтууга болбойт. Бул проблема азыркы учурда төмөнкүдөй карама-каршылыктар менен байланыштуу: азыркы эмгек рыногунда дүйнөлүк атаандаштык күчөп турган шарттарда Кыргызстандын билим берүү уюмдарынан ошол кырдаалга толук ылайык келүүчү социалдык-педагогикалык шарттарда адистерди даярдоонун жетишсиздиги; учурда жаштарды улуттук тарбия салттарынын негизинде тарбиялоого басым жасалып жатса да, бул багыттагы илимий-теориялык адабияттардын кеңири жазылбагандыгы; кыргыз үй-бүлөлөрүндө ата-энелердин балдарын эмгекке тарбиялоо боюнча бай тажрыйбасы болсо да, азыркы учурда аларды колдонуунун жетишсиздиги; рынок экономикасынын талаптарына ылайык балдарды салттуу педагогиканын ыкмалары, каражаттары, жолдору аркылуу тарбиялоонун диссертациялык багытта илимий максатта үйрөнүлбөгөндүгү.

Жогорудагыдай карама-каршылыктарды чечүү биздин изилдөөбүздүн негизги **проблемасын** аныктап, темабызды **«Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-эненин ролу жана аны азыркы мектеп практикасында пайдаланууну өркүндөтүү»** деп атадык.

**Теманын ири илимий программалар (долбоорлор) же негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертация «Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясы» аттуу нормативдик документтин идеялары жана Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинин мектепке чейинки жана башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы кафедрасынын 2012-2020-жылдардагы илимий-изилдөө иштери менен байланышат.

**Изилдөөнүн максаты:** Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодогу ата-эненин ролу жана аларды азыркы мектеп

практикасында пайдалануунун жолдорун, ыкмаларын теориялык жактан ачып берүү.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Кыргыз салттуу үй-бүлөсүндө балдарды эмгекке тарбиялоодогу ата-эненин ролунун мазмунун, функцияларын жана аларды азыркы учурда колдонуунун маани-маңызын аныктоо.

2. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекке тарбиялоодо ата-эненин ролунун көрсөтүүнүн илимий-педагогикалык эволюциясына анализ жүргүзүү.

3. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекке тарбиялоодо ата-эненин ролунун көрсөтүүнүн жана аларды азыркы мектепте колдонууну изилдөөнүн материалдарын, методологиялык таянычтарын жана методдорунаныктоо.

4. Кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекке тарбиялоодо ата-энелердин колдонгон ыкмаларын, формаларын, каражаттарын аныктоо жана аларды азыркы мектепте колдонуунун мүмкүнчүлүктөрүн сунуш кылып, аларды педагогикалык тажрыйбада сынактан өткөрүү.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык мааниси:** «Салттуу кыргыз үй-бүлөсү», «Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндөгү эмгекке тарбиялоо», «Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндөгү эмгекке тарбиялоодо ата-эненин ролу» түшүнүктөрү заманбап илимий категориялар менен ачылып берилди; элдик педагогикадагы үй-бүлөдө эмгекке тарбиялоонун өзгөчөлүктөрү, факторлору, методдору, ыкмалары талдоого алынды; кыргыз элдик педагогикасынын баалуулуктарынын үлгүсүндө балдарды эмгекчил болууга ата-энелердин тарбиялоо өзгөчөлүктөрүн бүгүнкү күндө мектептерде пайдалануунун мүмкүнчүлүктөрү айкындалды.

Изилдөөбүздүн ***практикалык мааниси*** болсо биздин эмгекте чыгарылган сунуштар жогорку жана орто окуу жайларында кыргыз элдик педагогикасын окуп үйрөнүүдө, кыргыз этнопедагогикасы дисциплинасынын мазмунун байытууда, университеттердин жана мектептердин окуу

программаларын, окуу китептерин, методикалык колдонмолорун өркүндөтөтүп түзүүдө, жогорку окуу жайларында атайын курстарды жана семинарларды өтүүдө, мектептердин тарбиялык иш-чараларында жана тарбиялык сабактарында колдонулушу менен түшүндүрүлөт.

**Изилдөөдөн келип чыккан корутундулардын ишенимдүүлүгү жана жыйынтыктарынын негиздүүлүгү** ишти аткаруу алдынан белгиленген методологиялык базага жана предметтин, милдеттердин адекваттуу жолдорун комплекстүү изилдөө методдоруна таянып проблеманы теориялык аспектиден үйрөнүүгө, эмпирикалык материалдарды жыйынтыктоого негизделип, аларды анализдөө жана синтездөө жолу менен максатка жеткендикте.

**Коргоого коюлуучу диссертациянын негизги жоболору:**

- салттуу үй-бүлөдө ата-энелердин балдарын эмгекчилдикке тарбиялоосунун принциптери жана эмгекчилдиктин критерийлери;
- салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-энелер колдонгон тарбиялоонун формалары, жолдору, ыкмалары, каражаттары;
- салттуу үй-бүлөдө ата-энелердин балдарын эмгекчилдикке тарбиялоо салттарын азыркы мектептин, үй-бүлөнүн, жалпы коомчулуктук педагогикалык практикасында пайдалануунун мүмкүнчүлүктөрү;
- салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды ата-энелер эмгекке тарбиялоодо колдонгон тажрыйбаларды педагогика илими иштеп чыккан теориялык-методологиялык негиздерге, дидактикалык принциптерге таянуу менен учурдагы жаштардын тарбиялануусунун эффективдүүлүгүнө шарт түзөрүн илимий аспектиден тастыктоо.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Педагогика илиминин соңку жетишкендиктерине негизделип алгачкы жолу салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекке тарбиялоодогу ата-эненин ролу аныкталды. Ал идеяларды азыркы шартта мектеп практикасында колдонууну өркүндөтүүнүн методдору, ыкмалары, каражаттары илимий багытта иштелип чыкты.

**Илимий изилдөөнүн натыйжаларын тастыктоо (апробациялоо):**

Диссертациянын негизги тыянактары жана жоболору "VIII–Эл аралык Түрк дүйнөсү изилдөөлөрү" (Түркия, 2021) аттуу түрк тилдүү элдердин симпозиумунда тастыкталган.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын толук жарыяланышы:** Иштин негизги жоболору КР ЖАК талап кылган жалпы 11 макалада чагылдырылган.

**Диссертациянын көлөмү жана түзүлүшү.** Диссертациялык иш изилдөөнүн илимий негизин камтыган киришүүдөн, үч баптан жана алардан келип чыккан корутундулардан, жалпы корутундудан жана практикалык сунуштардан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен (194), 23 таблицадан, 3 сүрөттөн турат. Жалпы көлөмү –154бет.

## I БАП. САЛТТУУ КЫРГЫЗ ҮЙ-БҮЛӨСҮНДӨ БАЛДАРДЫ ЭМГЕКЧИЛДИККЕ ТАРБИЯЛООДО АТА-ЭНЕНИН РОЛУ ЖАНА АНЫ АЗЫРКЫ МЕКТЕП ПРАКТИКАСЫНДА ПАЙДАЛАНУУНУ ИЗИЛДӨӨНҮН ТАРЫХЫЙ-ТЕОРИЯЛЫК ӨҢҮТҮ

### 1.1. Этнопедагогикада «салттуу кыргыз үй-бүлөсү» түшүнүгү

Этнопедагогика – бул этностун салттуу билим берүү жана тарбиялоо маданиятын окуп-үйрөнүүчү жана үйрөтүүчү илим. Ар бир улуттук маданиятта үй-бүлө түшүнүгү болот. Үй-бүлө, орусча айтканда – семья, латынча – familia. Ал адамдардын биримдиги, алардын коому, бул коом алардын никелик жана туугандык биримдигине байланышкан. Мына ошол байланыш салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө төмөнкүдөй жалпылыктардан турат: биринчиден, бой жеткен кезден никеге туруу; никеге турган соң күйөөсү менен зайыбы биргелешип болочоктогу баласы үчүн кам көрүү (аялдын оор жумуштарды аткарбашы; аялдын бала багууну, аларды тарбиялоону үйрөнө башташы; аялдын талгагын эркек менен аялдын биримдикте кандыруусу; эркектин бала үчүн керектүү нерселерди даярдоосу; экинчиден, аялдын жана эркектин оокат-тиричиликте өз орду-ордун билүүсү, мисалы, отун алуу, аңчылык кылуу эркектин жумушу болсо, жууркан каптоо, сайма саюу аялдын жумушу, ошол эле кезде экөө бирдей аткара турган иштер болот, айталык, үйгө келген конокту кабыл алуу, жайгаштыруу, сыйлоо аял-эркек бирдей аткара турган жумуш; үчүнчүдөн, үй-бүлөнүн чоң милдети – бала тарбиялоо. Салттуу тарбия маданиятында адамдын жетилиши, анын жаман-жакшы жагы ата-эне менен тыгыз байланыштырылат.

Кыргыз элинин педагогикалык маданиятында үй-бүлө институту мындай бөлүктөрдөн турат.






***1.1 – сүрөт. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балага тарбиялык жактан таасир этүүчү тууганды к байланыштары***

Дүйнөнүн көптөгөн элдеринен, уруу-уруктарынан айырмаланып салттуу кыргыз үй-бөлөсүндө жети ата жана уруу аксакалдары өзгөчө балага тарбиялык таасир бере турган фигуралар болуп эсептелет. Экинчи бир өзгөчөлүк салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө чоң үй-бүлө деген түшүнүк бар, ага ылайык бир үй-бүлөнүн башында чоң ата, же чоң эне турат, ага ошолордон тараган балдар жана алардын балдары бүт келип, ар күнү аткарган иштерин айтып, ар түрдүү маселелери кеңешип, чогуу чечип турат. Мына ошол чоң үй-бүлөнүн башчылары майда үй-бүлөлөрдүн муктаждыктарын билип, бири-бирине жардам берүүгө чакырат.

Кыргыз үй-бүлөсүн этнографиялык багытта изилдеген С.М.Абрамзон мындай бир салттуу үй-бүлөгө аныктама берет: «Токтоназардын үй-бүлөсү 15 адамдан: өзүнөн, анын эки аялынан, алты уулунан (Иманназар, Исак, Абдурасул, Иманалы, Жапаралы жана Жунусалы), эки кызынан, үч келининен жана бир небересинен турган. Тун баласы Иманназар 42 жашта, кенжеси Жунусалы 5 жашта болгон. Иманназардан башка бардык балдары атасы менен бир үйдө жашаган. Иманназар өзүнүн аялы жана алты жашар уулу менен бөлөк кыштоо үйүндө жайгашкан. Үй-бүлөнүн жалпы байлыгы: 150 кой, 20 бээ, 10 уй жана 1 төө болгон. Малдын формалдуу белгилүү бөлүгү өзүнчө түтүн булаткан улуу баласынын менчиги деп эсептелгени менен, чындыгында

мал бөлүнгөн эмес. Тамак-аш запастары да бүт үй-бүлө үчүн жалпы болуп, бирге тамактанышкан. Бүткүл чарбалык тиричиликке жана ички үй-бүлөлүк иштерге жетекчилик анын башчысы Токтоназарга таандык болгон. Ага уулдарынын ичинен бардык жагынан эстүү жана бирден-бир сабаттуу үчүнчү уулу Абдурасул жардамдашкан. Ал үй-бүлөлүк иштерди башкарууда атасынын түздөн-түз жардамчысы гана болбостон, керек учурларда ал бүткүл жамаатка тийиштүү болгон бул же тигил маселелерди үй-бүлөнүн атынан чечкен»[1].

Андан ары этнограф үй-бүлө мүчөлөрүнө мындай милдеттер бөлүнгөнүн айтат: баарына көрсөтмө берген Абдурасул, бүт малга көз салган улуу уулу Иманназар, экинчи жана төртүнчү уулдары Исак менен Иманалы үй чарбасы боюнча эркектин жумуштарын аткарган (отун даярдоо, эгин эгүү, сугаруу, оруу), али кичүү балдары Жапаралы менен Жунусалыга белгилүү милдет бөлүнбөгөн. Жайыт тандоо, көчүү-коюу, мал дарылоо иштерин Токтоназар өзү аткарган. Анын байбичечи (биринчи аялы) «үй-бүлөнүн үй тиричилигин башкарган, келиндерине жана кыздарына буйрук берген, алар аткарууга тийиш болгон үй жумуштарынын түрлөрүн белгилеген. Ал кыз-келиндерине жип ийрүүнү, сокмого калың жүк таарларын согууну, аркан эшүүнү, үй-бүлө мүчөлөрү үчүн кийим тигүүнү, сайманы үйрөтүп, аларга түшүндүрмө берип турган. Байбиче кандай жана канчалык санда тамак даярдоо керектигин айтып, ал үчүн азык-түлүктү бөлүп, меймандарды кабыл алууга сөзсүз катышып, алар үчүн тамак асууга буйрук берген. Кыздардын жана келиндердин адептүүлүгүнө көз салуу да байбиченин милдетине кирген. Ал жүрүш-туруштун эрежелери жөнүндө аларга насаатын айтып, үйдөн көп чыгууга жана чоочун эркектер менен сүйлөшүүгө тыюу салган. Улуу аялы Токтоназардын экинчи аялын да кошуп, калган кыз-келиндерин жемелөөгө укуктуу. Экинчи аялы жалпысынан биринчи аялга баш ийип, бардык иштерде анын

жардамчысы болгон. Анын тилин албай коюуга же каяша айтууга уруксат берилген эмес.

Байбиченин өзү күйөөсүнө гана кыңк этпестен баш ийип, үй-бүлөнүн калган бардык мүчөлөрү менен катар күйөөсүнө «сиз» деп гана кайрылган»

Бул үй-бүлөдө жумуштар төмөнкүдөй бөлүнөт:

*Келиндер:* тамак даярдоо; суу ташуу; от жагуу; жип ийрүү; бээ, уй, кой, эчки сааш; жүндөн кездеме токуу; тери ашатуу; кийиз бышыруу; көчкөндө үй чечүү, үй тигүү; үй-бүлөнүн бардык мүчөлөрү үчүн төшөк салуу; үй-бүлөнүн мүчөлөрүнүн кийим-кечелерин жамоо; эркек жана аялдар кийимин тигүү (өтүктөн башка) ж.б.

*Кыздар:* Келиндер жана аялдар аткаруучу бардык жумуштарды үйрөнүп, келиндерге жана энелерине жардам берүү.

Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө эң негизги жашоо принциби – улууларды угуу болгон. Эгер өзүңдөн улуу ата, эне, эже, ага, башка эле тааныш, же бейтааныш адамдар бир тапшырма берсе, же ишке жумшаса, кичүүлөр аны аткарууга милдеттүү болгон. Муну «Аганы көрүп, ини өсөт, эжени көрүп синди өсөт» деп эсептешкен. Кыз тандоодо, куда түшүүдө ошол кыздын энесине, эжелерине карашкан, «Энесин көрүп кызын ал» деген макал мына ошондон келип чыккан. «Элпек бала» деген түшүнүк бар. Мындай балдар башкалардын жумшаганын тез аткарган, жумушту берилүү менен жасаган.

Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө ар бир үй-бүлө мүчөсүнүн өз орду болгон: чоң ата (ал жок болсо ата) эшиктин бет маңдайына – төргө отурган, анын сол жагына аялы отурат, оң жагына улуулаты эркек балдары отурат, сол жагындагы аялынан кийинки орунга кыздары, алардан соң күйөө балдары менен келиндери отурат. Тейлөө жумуштарын келиндер менен күйөө балдар жүргүзөт. Кээде күйөө баланы пайгамбар сыйлаптыр деп төр жакка өткөзгөн, төркүнгө келген кызга да төр тараптан орун берген. Мына ушул тартипте эт тартылып, устукандар сунулган. Бул тартип байлардын болсун, кедейлердин болсун – ар бир үй-бүлөнүн этикети катары кылымдар бою сакталган. Тамакты эң биринчи үй ээси, андан соң аксакал адам ооз тийген. Тамак тартуу процесси

да эмгек менен коштолгон. Кичүү балдар (ишке жараганы) жана күйөө балдар мал союп, казан асып, тамак бышырган, аларга келиндер жардам берип, кесме кескен. Бышкан тамакты үйгө алып кирген кезде да кичүүлөрдүн бири устукан бөлгөн, күйөө балдар эт туураган, келиндер сырттан камыр бышырып келип турган. Мына ушул тамакка отуруу процессиндеги эмгектенүү муундан муунга өткөрүлүп келген.

Кыз балдар башка бирөөнүн бүлөсү болот деп ата-эне аларды эмгекчил болууга тарбиялаган. Кыз балдарды кеч жаткырып, эрте тургузган. Барган жерине батып кетсин дейт. «Уул туулса, жол сүйүнөт, кыз туулса, очок сүйүнөт» дегендей кызды тамакты даамдуу жасоого үйрөтүү эненин биринчи милдети болгон. «Септүү болгончо, эптүү бол» деп кызды болочок үй-бүлөсүндө жакшы жашап кетүүсү үчүн сайма саюуга, төшөк тигип, каптоого, кийим бычып-тигүүгө, жамоого үйрөнүшү керек. Кыргыз кыздары тогуз жашынан эле музоолорду эмизип, уй сааган, күп бышып, каймак чыгарган, ата-энесине, эркек бир туугандарына төшөк салып берген, бөбөктөрүн кийиндирген, ичиндирген, ойнотуп алаксыткан. Ал эми эркек балдар он эки жашынан балакатка жетти деп эсептелип атасы менен чогуу аңчылыкка чыккан, өзү тоо-токойдон отун таап келген, ат минип, жумшаган жерге барган, жоголгон малдарын издөөгө жалгыз чыккан.

Балдарынын дене-бой, акыл-эс, эмоционалдык, эстетикалык жактан өнүгүүсүндө эң биринчи шарт түзүүчү ата-эне болуп саналат.

Демек, салттуу кыргыз үй-бүлөсүндөгү анын ар бир мүчөсү маанилүү коомдук баалуулуктарга ээ болгон.

Жоокерчилик замандарда, тынбай согуштар болуп келген доорлордо жетим калган балдар, жесир калган аялдар көп кездешкен. Ошол учурда аларды талаада таштап койбогон. Алар чоң үй-бүлөлөрдүн карамагына алынган, же жеңесин кайнисине, келинди кайын агасына никелеп, өз үй-бүлөлөрүнөн чыгарган эмес. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндөгү негизги милдет жоокерлерди даярдоо болгон. Себеби ар бир эркек эл-жерин коргошу керек деген принцип менен жашап, турмуш-шарт ошого мажбурлаган.

«Байыртадан кыргыздар жоого каршы турууга, жоо менен кайсыл убакта болсун согушууга даяр турууга балдарын тарбиялаган. Согушта жеңүүнүн башкы шарты жана чоң мүмкүнчүлүгү – бул же тигил тараптын аскердик билимдеринин, жоокерлеринин күчтүүлүгү, алардын теориясы менен практикасынын туура айкалыштырылышы. Бул балдарга үйрөтүлүүчү аскерий билимдер көптөгөн жылдар бою түзүлөт жана көптөгөн аскер жетекчилеринин тажрыйбасында текшерилип чыккандан кийин уруш талаасында сындан өткөрүлөт. Аталган билимдер согуш стратегияларынан, тактикаларынан, согуш куралдарынан, аскерлердин курамынын күчүнөн, урушка даярдыктарынан, жоокерлердин моралдык-психологиялык абалынан ж.б. компонеттерден турат... ...Согуш – кыргыз жигиттеринин кадимки иши, күндөлүк жашоосу катары кабылданган, андыктан алардын психологиясы согуштук психология, чабуул коюунун психологиясы болгон да, аламан-чабуул деген тактика менен согушка киргенде кадимкидей чыйралып, жазылып калган. Себеби алар ошол согушка, согушта чабуул коюуга даярданып, камынып келген»[111, 368-б.].

Мына ошол аскердик өнөргө үйрөтүү түздөн түз эмгекке тарбиялоо менен байланышат, анткени аскер болуу үчүн эмгектене билүү керек, бул эмгектенүү ат жабдыктарын жасоо, ат багуу, согуш куралдарын жасоо жана сактоо, дене-боюн чыңдоо менен байланышат.

Салттуу кыргыз үй-бүлөлөрүн функциялары негизинен төмөнкүдөй багытта болгон.

**1.1 – таблица. Салттуу кыргыз үй-бүлөлөрүнүн функциялары**

| функциялар | функцияны ишке ашыруучу факторлор |
|---|---|
| **Репродуктивдүү** | тукум улоочулук; көп балалуу болуучулук; эркек балдардын төрөлүшүнө өзгөчө маани берүүчүлүк: ата-энелердин тукум улоосу үчүн алардын ден соолугун чыңдоо; аялдын талгагын канааттандыруу; кан жаңыртуу (башка уруулардын кыздарын алуу, кыздарын ошондой алыс жактарга берүү); бала жарата турган ата менен эненин бири-бирине берилүүсү (махабат кумары) ж.б. |
| **Чарбалык-тиричиликтик** | үй-бүлө мүчөлөрүнүн тамак-аш, материалдык байлык топтоосу үчүн биримдикте эмгектенүүсү; үй-жай (боз үй), мал күтүүсү жана алардын башын азайтпай, улам көбөйтүп отурушу; кийим-кечек, жууркан-төшөк, балта-теше дегендей тиричилик буюмдары менен камсыздоо; үйдөгү жана малканадагы жайлуулукту түзүү, үй-бүлө каражаттарын туура сарптоо, сарамжал кармоо жана керегине жараша туура пайдаланууну уюштуруу ж.б. |
| **Рекреациондук** | үй-бүлө мүчөлөрүнүн дене-бой жактан өсүшүн камсыздоо; үй-бүлө мүчөлөрүнүн акыл-эсин жогорулатууга кам көрүү. |
| **Эмоционалдык** | үй-бүлө мүчөлөрүнүн бири-бири менен сый мамиледе болушу, бири-бирине сүйүү менен карашы; бири-биринин эмоцияларын түшүнүүсү жана колдоосу. |
| **Регенеративдик** | регенеративдик (латынчадан которгондо «regeneratio» деген сөздүн мааниси «кайра жаралуу», «кайра улантуу»). Бул функция ата-энеден, андан жогору уруу-уругунан келе жаткан кадыр-баркты, мүлктү, наам-даражаны мурас катары кийинки бала-чакасына коротпой өткөрүп берүү менен байланышат. |

| | |
|---|---|
| **Руханий (жан дүйнөлүк)** | үй-бүлө мүчөлөрүнүн көркөм өнөр чыгармаларын (манас; күү, ыр, жомок, табышмак, жаңылмач ж.б.) бир угуп, бирге талкуулоосу; бош убактылары чогуу өткөрүү; руханий маданий дүйнөсүн биримдикте байытуу. |
| **Социалдык** | үй-бүлө мүчөлөрүн турмушка даярдап социалдаштыруу, социалдык көзөмөл. |
| **Таалим-тарбиялык** | балдарды ар тараптуу тарбиялоо; ата-эненин жана мурдагы урпактардын тарбиялоо тажрыйбаларын кийинки муундарга өткөрүп берүү; балдар менен байланыш, алардын жетилген инсан болушу үчүн мотивацияларды даярдоо; этикалык-эстетикалык жактан балдарга үлгү боло ала турган инсандар менен тааныштыруу, алардын таасирин тарбиялоого тартуу. |

Салттуу үй-бүлөдөгү эреже-нормалар көптөгөн кылымдарда калыптанып бүтсө да, муундан муунга өткөрүлүп келген болсо да, ал диний эржелердин (мисалы, кыргыздарга ислам дининин кириши), айрым башкаруучу төбөлдөрдүн саясатына, географиялык жана климаттык шарт-жагдайларга, экономикалык абалга байланыштуу өзгөрүп кетиши ыктымал.

Үй-бүлөлүк салттарга кыргыздардын үй-бүлө эрежелеринин жалпы мыйзамдары, жүрүм-турумдары, адаттары, ишенимдери, бири-бири менен болгон мамилелери кирген. Бирок алар сенек болуп катып калган нерсе эмес, улам өзгөрүп, өркүндөп, байып турган көрүнүш.

Салттуу кыргыз үй-бүлөсү дегенде «салттуу» деген түшүнүк орусча «традиционная» дегендин экиваленти, же жөн гана котормосу. Традиция латынча «traditio» деген сөз болуп, ал көптөгөн мезгил аралыгында муундардан муундарга өткөрүлүп берилүүчү жана сакталуучу социалдык жана маданий мурастардын системасын түшүндүрөт. Ал кандайдыр бир мезгилде коомчулук тарабынан түзүлгөн жана калыптанган жүрүм-турумдун

эрежелери, руханий жана материалдык баалуулуктар, идеялар, салттар, ырым-жырым, жөрөлгөлөр сыяктуу нерселерден турат.

## 1.2. Балдарды эмгекчилдикке тарбиялоо идеясынын кыргыз элинин оозеки адабиятында жана ырчылар чыгармачылыгында чагылдырылышы

Эмгек – бул бардык жыргалчылыктардын, бактылуулуктун башаты. Ошону үчүн кыргыз элинде эмгекке, эмгекчилдикке тарбиялоо тууралуу жүздөгөн макал-ылакаптар бар. «Эмгектин наны таттуу, жалкоонун жаны татуу» деген макалда эмгек кылуу аркылуу гана нан келе тургандыгы, ошол нанды эмгек менен тапсаң таттуу болору айтылат. «Эмгеги аздын өнмөгү аз» деген макалда адамды мал-мүлккө, бактыга, байлыкка жеткире турган нерсе – эмгек гана экендиги насаатталат. «Эмгегиң менен элге жак, кор кылбай асыл жанды бак» дегенде адам өзү кор болбой, башкага көз каранды болбой жашашы үчүн, жанын багышы үчүн керектүү нерсе – эмгек экендиги баяндалып, элге жагуунун жолу да – эмгек кылуу экендиги белгиленет.

Мындай элдик макалдарда түздөн-түз эмгекке үндөө, чакырык таштоо идеялары берилет, мисалы, «Эмгек жокко жеткирет, эрикпей кетменди алгын колуңа» [88, 540-б.].

Ушул сыяктуу макалдар-ылакаптар балдарды тарбиялоо үчүн күчтүү сөз куралы катары колдонулган, ата-энелер аларды балдарына айтып, алардын кулагына сиңдирип турган жана муундан муунга сөз байлыгы катары мурасталган.

«Манас» эпосунда бала Манас тарбиясыз болуп жатканын байкалган кезде атасы Жакып менен энеси Чыйырды аны эмгекке тарбиялоо керектигин түшүнөт да, Ошпур деген койчусуна берет. Бул хандын баласын койчуга берүү аны эмгекке бышыруу, тамак-аш кайдан келерин, аны табуу кандай кыйын болорун түшүнсүн дегени. Ошпур Манасты эмгек аркылуу, тагыраак айтканда, койчулук аркылуу тарбиялат, анын баатыр жана лидер инсан катары

калыптануусунда Ошпурдун ошол тарбиясы чоң мааниге ээ болгон. Кийин ал Мажик аттуу досу менен суусу жок дың жерди өздөштүрүп, ал жерге арык казып келип, суу сактагач куруп, эгин эгип, сары өзөк талдан буурусун жасап, жер тилип, мээнет кылып, ошол эгинине Аккула атын айырбаштап алат.

Мына ушул Манас атабыз да кой баккан, дыйканчылык кылган, эгин эгип, суу сугарган, буурусун тарткан деген эпостогу идея кийинки көптөгөн муундардын эмгек тарбиясын алуусуна өбөлгө, үлгү болгон.

Чыңгыз Айтматов мындай деп айтат: «Балалык жана жаштык доорумда кыргыз элдик оозеки адабиятына өлчөөсүз чоң карызмын. Ар кыл аймактын өзүнө гана таандык үрп-адаттарына ылайыкташкан оозеки адабияттын опсуз күйөрманы элем. Булардын баары өз кезегинде адамдарга ырахат тартуулап, жашоолоруна шаң кошкондур. Кийин мен элдик каада-салт, жөрөлгөлөрдөгү, ырлардагы философияны, ишенимдерди, үмүттөрдү, максаттарды, табият менен болгон тыгыз байланышты таба алдым. Алар кандайдыр бир чакырык, бир ишти тапшыруу жана адамзаттын түбөлүк өктөлүү өмүр парздары болуп саналат.

«Эгин эккендеги айтым» мен үчүн кандайдыр бир ыйык дуба, азыркыча айтканда, манифест. Аталарыбыз өзүлөрүнүн бул дүйнөдөгү парзын ушул элдик айтым аркылуу туюшса жана туюнтушса керек. Мен үчүн ата мурастарынын баары кундуу да, куттуу да ыйык таберик.

Азыркы мезгилде эгиндин нан болгонго чейинки мээнетин ким билет да, ким туят? Же нанга жетүүгө жан үрөгөн адамдардын эмгегин ким билип, ким баалай алат?

Ооба, нан белгилүү бир суммадагы акчадан улам сага берилүүчү нерсе, аны дүкөнгө акчаңды санап өткөрүп, ошого айырбаштап аласың. Байыркы кыргыз дыйканынын эгин бастыргандагы айтымын эшит да, анын өз кесибине байланыштуу бардык маалымат камтыганына оозуң ачылсын, анын канчалык даражада көрөгөч, тубаса билимдүү экенин эшите бер, бурадар...

Же ашуу алдындагы айтымда, же шамалга кайрылуудагы элдик нускада не деген философия уюп жатат? Бүгүнкү окурмандар табияттын адам рухуна

болгон таасирин анча деле капарына албай, күнүмдүк жашоосунан ал ыйык казынаны түртүп, оолактатып салгандай. Ошондонбу, алар өткөндөгү ата-бабалардын акыл-оюнда, парасатында не деген нерселер жашырылып жатканы менен иши болбой калгандай...» [13, 152-153-б.б.].

Өткөн кылымдын 30-жылдарында Таластын Шекер айылында салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө чоңойгон болочоктогу жазуучу мына ушундай пикирлерин айтып жатат. «Эгин эккендеги айтым» деген жогорудагы элдик чыгармада эгин сээп жаткан дыйкан топуракка таштаган колундагы ар бир үрөнүн бири – курт-кумурскага, бири – жетим-жесирлерге, бири – карып-мискинге, бири – канаттууларга, анан – сурамчыга, тилемчиге деп, кайрымдуулугун көрсөтөт. Кыргыз дыйканы дан эгинден түшүм алууда эмгегин өзү үчүн гана жумшабайт, жан-жаныбарларга, кушка, коёнго, сурамчы-тилемчиге ж.б. жандууларга да жумшайт, аны үчүн арам чөп койбой отойт, арыгын кенен чаап, сугарат.

Кыргыз элинин дыйканчылык зоналарында, өзгөчө Чүй, Фергана өрөөнүндө эгин сээп, оруу, бастыруу иштерине балдар да катышкан. Бул эмгек процесстери тууралуу биздин күндөргө байыртадан бери ырдалып келе жаткан «Эгин эгүү», «Сугаруу жана эгиндин өсүп бышышы», «Эгин бастыруу», «Эгин оруу», «Буудайды бастыруу», «Жаргылчак» ж.б. чыгармалар келип жетти.

Бол жигиттер, болгула,  
Ор, жигиттер, оргула,  
Чал, орогум, чалгының,  
Арпа, буудай таштабай,  
Боого байлап салгының.  
Ор, орогум, оргунуң,  
Бербе бир дан жоолорго,  
Ор, орогум, оргунуң! («Эгин оргондо) [24, 246-б].

Ырда эмгектин жүрүш ыргагын, эмгек адамындай шамдагайлык, чечкиндүүлүк саптарын, иштөөгө үгүттөө пафосун көрөбүз.

Жыйырмадан боо өлчөп,

Чоң өгүзгө бек тартып,

Кырманга тартат чийнелеп.

Кырманын такыр чаптырган,

Ортого мамы кактырган.

Ак буудайын чачтырган,

Ай туяк менен бастырган.

Эки белек үйдүргөн,

Кыбыладан соккон шамалга,

Күрөк менен сапыртып,

Топонун бөлөк үйдүргөн.

Кызылдарын бөлдүргөн,

Кудай таала кудурет,

Шондой кылып көндүргөн.

Кунан кой сойгон чечкорго,

Дыйкандар көңүл жамдаган («Эгин бастыруу») [24, 248-б].

Кыргыз элинде «Иттин доолдай тиктирем дегени» аттуу тамсил айтылып келген, аны Тоголок Молдо иштеп чыгып эл арасына кеңири тараткан. Мына ошол тамсилде ит кышында суукта калып, музда жатып, аябай үшүйт, ошондо ал жай болсо өзүмө бир доолдай чепкен тиктирип албасамбы дейт, жай болгондо баягы кыштагы убадасы эстен чыгып, көлөкөлөп, «чепкен чыгып эсинен, керилип жатып алат». Мына ошолорго карата агартуучу акын «Жалкоонун жайы ушундай, жайкалып уйку салыптыр» деген мораль айтат. Кыргыздарда ошону үчүн жалкоо кишилерге карата «Доолдай тиктерем деген иттей болбогула» деген ылакап сөз ибаратталып айтылып келет.

«Тарбия ишине чоң азык-көрөңгө, омок болуп берчү дагы бир байлык, бул – этникалык маданияттын казынасы, - деп айтылат «Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясында». –Улуттук салт-санаабыз ал маданияттын жүрөгү. Калкыбыздын боз үйү, түркүн буюмдарга чөгөрүлгөн, түшүрүлгөн не

бир керемет оюулар менен кыял-көчөттөр дүйнөдө сейрээк кездешкен эстетикалык сулуулук экендиги бардыгына маалым. Кыргыз кийимдери да улуттук колоритке эгедер. Калк зергерлеринин, уздарынын, жез оймокторунун, усталарынын колунан бүткөн буюмдар, жасалгалар өзүнүн ажайып кооздугу жана чеберчилиги менен илгертен Туран аймактарында даңкталып келген. Көз жоосун алган алтын-күмүш билерик, шакектерди, керемет кемер курларды, жаркыраган жүгөн-куюшкандарды, койкойгон ээрлерди, колодон жасалган кумураларды, «шиберге койсо өрт кеткен, шилтегени мүрт кеткен» кылычтарды кимдер таңданып карабаган! Археологиялык казуулардан табылып, дүйнөгө белгилүү болгон алтындан уютулуп жасалган бугу, куш, жейрен алган илбирс сыяктуу көркөм эстеликтер жалаң эле байыркы сактарга эмес, кыргыздарга да тиешелүү болгон. Кыскасы, элдин байыртан өнүгүп келген керемет кол өнөрчүлүгү, материалдык маданияты, прогрессивдүү, гумандуу салт-жөрөлгөлөрү Борбордук Азия аймагындагы уникалдуу феномен. Мындай өнөргө эгедер ата-бабаларыбыз менен кийинки тукумдар сыймыктанууга акылуу жана ошондой эле, бул өнөрдү унуткарбай татыктуу улантууга, өстүрүп-өнүктүрүүгө милдеттүү. Этникалык маданият – тарбия булагы. Тарыхый маалымат боюнча байыркы кыргыздардын өзүнүн цирки, эки жүздөн ашык элдик оюндары болгон. Ал оюндардын бир тобу (ордо, көкбөрү, кыз куумай ж.б.) азыр да эл арасында ойнолуп, өзүнүн кайталангыстыгы менен кимдин да болсун көңүлүн бурат. Ал эми кымыз, бешбармак баш болгон, жүздөгөн түркүн тамак-аштын атын камтыган кыргыздын кулинардык искусствосу бүгүн үйрөнүүнүн объектиси, пайдалануунун предмети болууга тийиш. Бул фактылар кыргыздардын бай маданияты бар, канат-бутагы жайылган түптүү журт экенин айгинелейт. Түптүү журттун көөнөрбөс көптөгөн элдик оюндары менен, тамшанткан ашкана даамдарын ойной, жасай билүү өнөрүн өздөштүрүү муундардын социалдашуусуна өзүнчө этномаданий колоритти киргизип, улуттук аң сезимдин дагы да бекемделишине сүрөө болмок. Кыргызстандын элдеринин

этникалык маданияты – тарбия мазмунунун ажырагыс элементи» [56, 10-11-б.].

Мына ушундай этникалык маданияттын ажырагыс бөлүгү болгон «Манас» баштаган элдик эпостор, бир сабына тарбиялык чоң маанини батырган макал-ылакаптар, балдардын акыл-эс эмгегин ишке салган табышмактар менен жаңылмачтар, жомоктор, санат-насыят ырлары эл турмушунун ажырагыс бөлүгү болуп, алар аркылуу эмгекчил болуу идеясы көтөрүлгөн.

Токтогул Сатылганов адамдарды ак иштөөгө, мал багууга үндөгөн көптөгөн санат-насыят ырлары бар, алардын бири «Насыят» деген чыгармасы.

Т.Сатылгановдун интерпретациясында эмгектенүү бул – жашоонун булагы, ошону үчүн эмгектенүүгө мүмкүнчүлүк бар кезде күнүмдүктү ойлобой иштеп калуу керек.

Токтогул Сатылганов сыяктуу элдик ырчылардын эмгектин пайдасын көрсөткөн, эмгектенүүгө чакырган ырлар кыргыз оозеки адабиятынын кенчинде өтө көп болуу менен андагы идеялар – эмгектенүү аркылуу адамдарды гуманизмге, мекенчилдикке үндөө. Адамгерчиликтин башаты – эмгектенүүдө, мекенди сүйүүнүн башталышы да – эмгектенүүдө.

Ал эми кыргыздар баланы бешикке бөлөп жаткан салтта да анын эмгекчил болушун тилөө ишенимдери орун алган. Эгер кыз бала бешикке салынып жатса, анын бешигинин жанынан оймок, ийне-жип, уул балдар бөлөнүп атса кетмен, күрөк, орок ж.б. эмгек куралдары коюлат.

Дал ушундай элдик чыгармаларды жаратуучулар жана акындар элдик педагогдор катары карапайым калкты эмгек кылууга, элди-жерди эмгек менен өзгөртүүгө чакырык таштаган.

## 1.3. Балдарды эмгекчилдикке тарбиялоонун кыргыз эл турмушундагы мааниси

Кыргыздар балдарга эмгек кылууну эң эрте жашынан үйрөткөн. Бул мезгилде эмгектенүү ойноо менен, ата-энесинин балдарын эркелетүүсү менен биримдикте ишке ашкан. Кыймыл-аракет, ордунан жылуу, каз-каз туруу, алгачкы бут шилтөө – баланын жашоосундагы биринчи эмгектери болуп эсептелет. Баланын алгачкы кыймылы да «эмгектенүү» деп аталат. Мына ушул алгачкы эмгек кылуусунан ал белгилүү даражада үзүрүн көрөт, бул баланын да, ата-эненин да кубанычына айланат.

Алты-жети айлык баланын тизелеп, эки колун таканчык кылып алдыга карай жүрүшү – чоң эмгектин башталышы. Ушинтип «эмгектенүү» деп аталган кыймыл менен ата-энелерине, эже-байкелерине, чоң ата-чоң энелерине, таята-таянелерине келе жаткан баланы улуулар алдын ала алдыга жыла тосуп, аны кош колдоп көтөрө коюп эркелеткен. Өзгөчө балдар жанында тынымсыз жүргөн энелери аркылуу колдоого алынган. «Бала төрөлгөндөн баштап ал жашаган ар бир күнгө, ар бир айга, жылга зор маани берип, эркелетип, сылап, колу-бутуна массаж жасап, баланын ден соолугу чың болуп чоңоюшуна шарт түзүлөт. Боюн токтотуп калган мезгилде колтугунан кармап:

Оң бут, оң бут,

Сол бут, сол бут, - деп, улам бир бутуна тургузуп, «атасынын баласы», «энесинин баласы», «кулунум», «ак бөпөм» деп эркелетет. Каз-каз тура баштаганда:

Кана балам,

Секир балам

Оппа, оппа, - деп, баланы ишенимдүү кадам шилтөөгө, басканга даярдайт» [10,11-б.].

Мына ушул эне менен баланын аракетинин түпкү маңызы – баланы эмгектенүүгө даярдоо, анын эмгекчил болуп калыптануусуна даярдоо. Энесинин чакырыгы, колдоосу жана стимул берүүсү менен наристе бутуна турат, жөргөлөйт, алгачкы кадамын шилтейт, басат, жүгүрөт. Атасынын колдоосу менен тайга минет. Эгер мындайда бала эмгекчил болбосо, анын отуруусу, жөргөлөөсү, ордунан туруусу, басуусу улам кечээндеп, бала же ден

соолугу начар жана дене-бой жактан майып (итий, бечел, соргок ж.б.) болуп калат. Кыймыл бул жерде баланын руханий жана дене-бой жактан өсүүсүнө, туура калыптануусуна стимул түзүп берет.

Ошол эле кезде ата-энелер балдарга күлүүгө даярданып, чакырганды түшүнүп калган кезде «күлүп кой», «күлүп койчу», «кана, кана», басууга талпынып калган кезде «тай, тай, тай», «кас, кас, бас, бас» деген сөздөр менен аларда дагы да эмгектенүүгө мажбурлайт. Кыргыз элинде «Салбилек» деген ыр бар. Ал тууралуу адабиятчы Абдылдажан Акматалиев мындай деп жазат: «Салбилек» ыры – бала эми отурууга жарап, талпынып, умтулуп калганда аткарылуучу обондуу ыр. Баланын колун көтөрүп, бутун созуп, тилек айтып, денесин чыйралтуунун эң ийкемдүү жолу.

Сал-сал, сал билек,

Сары майга мал билек.

Коён кошту кош билек,

Кошоктошкон ак билек.

«Тай бөбөк», «Каз-каз», «Тай кулун» деген ырлар да баланын алгачкы кыймыл-аракетине карата арналып, ата-эненин ички сезиминдеги кубанууну, сүйүнүүнү билдире турган сезимдер:

Тай-тай бөбөк, тай бөбөк,

Алды артыңа май бөбөк.

Каз-каз бөбөк, каз бөбөк,

Жалкоолонбой бас бөбөк.

Балдардын улам жаңы алга умтулууларын, өсүп, чоңоюп бараткандыгына ата-эненин элжиреп, жүрөгүнүн эзилиши, мээриминин төгүлүшү»[15, 400-б.].

Кыргыз балдары өтө кичинекей кезден аралашкан эмгектүү оюндар – манжа оюндары. Алардын биринде эки же андан көп бала бирөөнүн алаканына өз сөөмөйлөрүн салат да, бирөө санайт, же ыр айтат, калгандар ошол санак же ыр бүткөндө сөөмөйлөрүн тартып кетүүгө тийиш, эгер кимдин колу алаканда кыпчылып тартылбай калса, аны черткилешет, же башка жазаларды берет.

Муну менен балдар байкагыч болууга, кыймыл жасоого, эмгек кылып колун тез тартып алууга көнүгөт.

«Балдар арасында ушул күндөргө чейин популярдуу болгон оюн – «Ак терек, көк терек». Мында балдар-кыздар эки топко бөлүнүп бири-биринен алысыраак аралыкка кол кармашып турат. Анан биринчи баштаган тарап ырдайт:

Ак терек, көк терек,

Бизден сизге ким керек?

Экинчи тарап болсо колдорунун бири-биринен чыгарбай кармап, тигилердин ичинен чабалыраагын, алсызыраагын чакырат. Мына ушул жерде балдардын төкмөлүк чыгармачылыгы, ыр уйкаштыруу жөндөмдүүлүгү керек болот. Тигил топтун ичинен бирөөнүн чакырыш үчүн анын атын, белгисин айтат. Мисалы,

Тойго минген тору аттай,

Топчуланган манаттай,

Кызыл бешмант кыз керек.

Анан тигил кызыл бешмантчан кыз чуркап жөнөйт да, эгер каршы тарабындагылардын кол кармашып турган тосмосун үзүп кетсе, алардан бирөөнү өз командасына ээрчите келет, эгер тигилер үздүрбөй койсо кызыл бешмант кызды өздөрүнүн тарабына кошуп калат. Ушундай кылып оюн бир жагында калбай калганча улана берет»[117, 604-б.].

«Ак терек, көк терек» оюну – балдарды эмгекчилдикке, күчтүү, кыраакы болууга тарбиялоочу педагогикалык каражат. Мында кол кармашуу, кармашкан колдорду үзүп кетүү, колду үздүрө койбой бекем кармашуу, тик туруу, тайманбай күрөшүү аракеттери ишке ашат. Мунун баары эмгектенүүнүн натыйжасы.

Кыргыз элинде мына ушундай оюндар абдан көп жана алар балдардын акыл-эсин, дене-боюн, сезимин, ой жүгүртүүсүн, дүйнө таанымын өстүрүүгө кызмат кылган. Мисалы, бала Манастын калыптануусунда, болочокто кол баштаган аскер башчы болуусунда анын бала чакта ойногон ат чабыш, улак

тартыш, күрөш, эр эңиш, жамбы атыш, эр сайыш, тогуз коргол, ордо, жаа тартыш ж.б. улуттук оюндардын мааниси чоң болгон.

Өткөн XX кылымда эле Ч.Айтматовдун «Гүлсарат» повестинде балдардын чикелек чабышууда зуулдамай оюнунда «Ак бай, ток бай» деген ырын мындайча чыгармага кыстырып өтөт: «Ат сарайдын жанында балдар чикилик чаап ойноп жатышты. Шудуңдаган бир бала кезеги келгенде чикитин иликтей коюп чапты эле, алыс барып жол боюна түштү. Тосоттогу бала тосо албай калды. Анда чапкан бала туягын салып, макке чейинки аралыгын өлчөй кетти: бир, эки, үч... жети... он... он беш... Эки жаат болуп, баланы эки жактан ээрчип алышкан, чурулдап талашып келет. Акыры эсеп жыйырма эки болду.

- Жана жетимиш сегиз тай болчу, азыр жыйырма экини кошкондо жүз тай, - деп бала кубанганынан колун серпе кыйкырды. - Жүз! Жүз тай болду! Биз уттук!

- Ура! Биз уттук! - деп жаатты коштоп кетти.

Эми утулган жаат зуулдаш керек. Уткан бала макке барды да, чикитти зымырата чапты. Түшкөн жеринен жаатташы андан ары чапты. Үчүнчүсү дагы чапты. Ошентип мактен алдаганча оолактатып кетишти. Мына ошерден макке чейин дем албастан зуулдаш керек. Утулган бала ызасынан көзүнө жаш тегеренди, бирок оюн шарты катаал. «Эмне турасың, бол зуулда!» Зуулдачу бала өпкөсүн толтура желди илеп тартты да, чымылдай чуркап, ырын айтып жөнөдү:

Акбай, Токбай,
Ат болоту жорго тай.
Жорго тайдын жолу менен
Кашка тайды тобу менен
Зуулдатып айдап келем...
Зу-у-у-у!..

Каны бетине тээп, көзү чекирейип чыкса да болбой бала чымылдап чуркап, зуулдап баратат. Бирок макке жете албады, деми түгөндү. Уткан бала кыйкырып жете келип, жонуна чап жабышты.

- Чү, жаныбарым Гүлсары! - деп теминип, эки тарапка мактана кыйкырды. - Эй, карагылачы, мына менин Гүлсарым! Жоргосун карагыла! Чү!» [12, 64-б.].

Мында балдардын оюн аркылуу эмгек кылуусу таамай көрсөтүлгөн, автордун сүрөттөөлөрүнүн тактыгына караганда мындай улуттук оюнду улуу жазуучу да бала чагында ойногону билинип турат.

Улуттук оюндардын катарында «Учту-учту», «Аксак кемпир бапалак», «Кон, кон, көпөлөк», «Каркыра-турна желе тарт», «Муш кетти», «Тыбыр-тыбыр» ж.б. ыр коштолгон оюндар бала турмушунун ажырагыс бөлүгү болуп, аларды эмгекчил болууга тарбиялайт.

Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө көп учурда эмгек коллективдүү жумуш болгон, ата-энелер эмгек процессине катышып жаткан кезде балдары жаш кезинен эле аларды карап, үйрөнүп, көнүгүп, тажрыйба топтоп турган. Ата-эненин эмгек кылуусуна жардамдашуу баланын милдети катары эсептелген. Мисалы, курут бышырып жаткан энесине жардам берүү үчүн баласы от жагып берсе, кызы булактан суу алып келген, атасы камчы өрүп жатса, уулу анын бир жагын кармап берип турган. Кыргыздар көп иштерди (боз үй тигүү, көчтү даярдоо, кийиз жасоо, ууз аш ичирүү, шерине тамак берүү, кереге-уук чабуу, эгин бастыруу, мал айдоо ж.б.) биргелешип бүтүргөн, ашар жолу менен там салган, чогулуп чыгып булактын көзүн, дарыянын боюн тазалаган, жол салган, малдарды дарылаган. Мына ушул жумуштарга кичинекей балдар адегенде пассивдүү катышып, көз салып гана турса, бир аз кол арага жарагандан кийин өздөрү да активдүү аралашкан. Мындай иш-аракеттер, биринчиден, кыймыл менен, экинчиден, ыр жана музыка менен коштолуп турган.

Эң байыркы эмгек процесстеринин бири – кырманда эгин бастыруу. Мына ошол процессти коштоочу «Оп майда» деген элдик ыр айтылып келет. Орулган эгин кырманга алып келинип, кургаган учурда кырманчылар ат, уй, өгүз минип келип, ошого балдарды мингизип коюп, кырманда бастырып, эгиндин данын, саманын, топонун ажыраттырган. Балдар тигил басып жаткан малдарды минип, ошонун басыш ыргагына карап, «оп майда, майда, майда,

эгиндери бизге пайда, самандары сага пайда» деген ырларды айткан. Бул ырлар, бул эмгек ырлары балдарга нан кайдан келерин, эмгектенүү эмне үчүн керектигин үйрөткөн. Мындай эмгек процессинде ырдоо адамдарга оор эмгекти жеңилдетүү үчүн жардам берген, ыр чыгармачылыгы аркылуу адамдардын эстетикалык табити өсүп, дем алуу органдары бышыкталган. Балдар менен ата-энелердин ортосундагы жакындык эмгек процессинде өзгөчө жакшы байкалган, алар бири-бирине жардамдашкан, бири-бирин аяшкан, биргелешип эмгек кылуунун ырахатын сезишкен. Ата-энелер балдарына эмгектенип жатканда «Эмгек кылсаң жашыңдан, дөөлөт кетпейт башыңдан», «Жаталактык – жалкоонун иши», «Жалкоо адам жарыбайт», «Иши жоктун ашы жок», «Эмгеги катуунун татканы таттуу», «Түйшүгү болбой, түшүмү болбойт» ж.б. макалдарды айтып, ошолор аркылуу эмгек тарбиясын эмгек процессинин өзүндө жүргүзгөн.

«Эл турмушунда кол өнөрчүлүк да олуттуу орунду ээлеп, калк ичинен чыккан ээрчи, жаачы, көөрүкчү, темирчи, зергер, бычмачы, тигүүчү, керегечи, уукчу, каңдоочу, кийизчи, таарчы, шырдакчы, килемчи ж.б. өнөрлүү адамдар жанына эртеңки ишин улоочулар катары балдарды, кыздарды ээрчитип жүргөн, бирге иштеткен, албетте, андайда эмгек ырлары бирге аткарылган.

Кой телүү, эчки телүү, кой сааш, козу байлоо, эн салуу, желе тартуу ж.б. учурлардагы ар бир жаңы учурду, салтты элдик ырлар коштоп турган, булар балдарды үй жаныбарларга ыйык жандыктардай мамиле кылууга, алар менен өздөрүн терең байланыштырууга үлгү көрсөткөн.

Кол өнөрчүлүгүнө байланыштуу «Тон чык» деген ырда:

Ак токтумдун териси,
Ашаткысын келтирдим,
Абдан ийин жеткирдим.
Кыткыл кылбай өзүңдү,
Ашаткыңды кандырдым.
Тап менен тузуң салдырдым.
Чык, терим, тон тонума,

Калдыр-кулдур этпесин,

Түшө калгын жонума.

Ийлебесем маа жазык,

Кылдырасаң саа жазык.

Тон чык... Тон чык!.. – деп айтылат.

Мына ушинтип ырдоо менен уул балдар, өзгөчө кыздар, тери иштетүүнүн технологиясын үйрөнгөн, «ашаткы» деген эмне, аны ийге келтирүүнүн жолу кандай, «кыткыл кылуу» эмне, «ашаткысын кандыруу» дегени кандай, «тузун тап менен салдыруу» деген түшүнүктүн мааниси эмнеде, тондун «кылдыр-кулдур» этип калганы эмнеси деген сыяктуу суроолорду ойлоно баштайт. Ырды жаттап, ырдап гана койбостон, андагы ар бир сөзгө маани берүү менен тон жасоонун, терини ийге келтирип иштетүүнүн зарыл иш-аракеттерин, бул жумуштун жалпы процессин өздөштүрүшөт. Демек, бул ырлар эмгекке үйрөтүүнүн (ал эми эмгек болсо жашоодогу ансыз мүмкүн болбогон нерсе) башкы окуу китеби, энциклопедиясы, усулдук колдонмосу болгон.

Жогорудагыдай эле кол өнөрчүлүктүн кийиз жасоо, өрмөк өрүү, кийим бычуу сыяктуу ар кандай учурларынын өздөрүнө ылайык айтыла турган ырлары чыгарылган жана ал чыгармалар балдар тарабынан да улуулар менен бирге эле ырдалып турган.

Бул жерде кыргыз балдарынын эмгекчил болуп өсүшүндө, малчылык, аңчылык, дыйканчылык, кол өнөрчүлүк менен шугурланышында эмгек ырларынын да таасири олуттуу түрдө болгондугун айта кетүүгө тийишпиз»

[117, 604-б.]. Жыйынтыктап айтканда, салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчил кылып тарбиялоо, эмгектенүүгө үйрөтүү ошол үй-бүлөнүн кийинки муундарынын бактылуу жашоосун камсыз кылуучу эң биринчи факторлордун бири болуп, турмушка балдарды даярдоонун башкы каражаты катары эсептелген.

## 1.4. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-эненин ролу проблемасынын кыргыз педагогикасында изилдениши

Кыргыз этнопедагогикасында балдарды эмгекчилдикке тарбиялоо багытындагы ата-энелердин иш-аракеттерин көрсөткөн бир топ изилдөөлөр жүрдү. Алардын сап башында советтик этнопедагогиканын негиздөөчүсү, «Манас» эпосун чуваш тилине которгон Г.Н.Волков турат. Ал өткөн кылымдын жетимишинчи жылдарында Кыргызстанга бир нече жолу келип кеткен. Анын көптөгөн эмгектери [67, 367-б.] этнопедагогика багытында жазылган, 1979-жылы чыккан «Созвездия земли» аттуу педагогикалык публицистикалык китебинде ушундай эле ат менен макаласы чыккан. Кыргыз жергесинде, тагыраагы, Ысык-Көлдө бир ай жүргөн учурунда алган таасирлери тууралуу «Улуулардын кичүүлөргө таасири өлчөөсүз чоң. Тарбиянын күчү акыркы келип мына ушунда» деп айтып, соңку учурда Кыргызстанда элдик педагогиканын көп изилденип жатышынын себеби ал элде «улууларды урматтоо, эмгекчилдик, досчулукка бекемдик, улуттук кадыр-баркына сыймыктануу» күчтүү экенин айтат. «Балдар, балдар, балдар... Алар адамдар тарабынан төрөлгөн жана эл тарабынан тарбияланган үйдүн падышасы, алар кудайлар. Баланын культу – келечектин культу, анда элдин бактылуу келечеги, калктын жарык оптимизми» камтылган [62, 460-б.].

Г.Н.Волковдун «Этнопедагогика» аттуу окуу китебинде [61,10-11-б.б.]. эмгекти тарбиялоонун бир фактору катары көрсөтөт да, «эмгек элдик педагогикада өзгөчө орунда турат» деп айтат.

1964-жылы Ж.И.Койчуманов «Идеи воспитания в творчестве Тоголок Молдо» деген темада кандидаттык диссертациясын коргогон жана китебин чыгарган [86, 186-б.]. Ага удаа эле 1965-жылы Б.Байсеркеевдин «Этнические взгляды киргизских акынов-демократов Токтогула Сатылганова и Тоголока Молдо» деген темадагы диссертациясы корголгон [49, 23-б.].

Н.И.Имаева кандидаттык диссертациясы «Идея воспитания в творчестве кыргызского акына-демократа Токтогула Сатылганова»[76, 19-б.]. жана анын негизиндеги китеби «Идеи воспитания в творческом наследии Токтогула»[76, 126-б.]. деп аталат. Бул үч диссертация кыргыз элдик акындары Токтогул Сатылганов менен Тоголок Молдонун чыгармаларындагы педагогикалык идеяларды ачып берүүгө арналган. Эки акындын тең чыгармачылыгында эмгектен ролун көрсөтүү, жалкоолукка, жан бактылыкка каршы күрөшүү ойлору айтылат. Т.Сатылгановдун санат-насаат ырлары жаштарды адептүү, эмгекчил болууга чакырган, анын ошол чакырыктары өз мезгилинде балдар үчүн сабак болгон. Ал эми Тоголок Молдо «Кемчонтой», «Телибай тентек» поэмаларында, «Иттин доолдай тиктирем дегени» аттуу тамсилинде адам турмушундагы эмгектин ордун баса көрсөтүп, эмгектенүү тууралуу элдик идеялар айтылган.

Ж.Койчуманов, Б.Байсеркеев, Н.Имаева кыргыз эл акындарынын чыгармаларындагы этнопедагогикалык идеяларды таап чыгып, аларды боордош элдердин жана классикалык педагогиканын окуулары менен салыштырып чыгып, акындарыбыздын улуу педагог болгондугун далилдешкен.

Т.Ормонов «Педагогические воззрения древных киргизов. Эпос «Манас» деген темадагы (Казань, 1972) педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча коргогон диссертациясында [126, 21-б.], «Манас» эпосунда балдарды жоокерчиликке тарбиялоо аларды эмгекке үйрөтүү менен тыгыз байланыштуу экендигин көрсөтөт. Кыргыз элинин түшүнүгүндө болочоктогу эл башкарар кол башчы өзүн эмгек менен чыңалтып, мине турган атын да, курал-жарактарын да маңдай тери менен табышы керек. Манас менен Мажик деген досу бирге иштеп, өзү эле эмес достору да эмгекчил болот. Диссертацияда Манастын мына ушул сапаттары элдик педагогикалык идеядан келип чыккандыгы ачып берилет.

Биздин эмгек менен бир топ жагынан байланышкан диссертация Б.Апышовдун «Народные традиции и их использование в трудовом

воспитании старшеклассников (на материалах сельских школ Киргизской ССР)» деген темадагы 1974-жылы корголгон диссертациясы. Ал кездеги жаш окумуштуу, биринчиден, элдик салттарды дыкаттык менен изилдеп чыккан; экинчиден, кыргыздардын эмгек тарбиясына байланыштуу ойлорун системалаштырган; үчүнчүдөн, элдик традициялардын социализм дооруна ылайыктууларын ылгап чыккан; төртүнчүдөн, байыртадан тартып кыргыздар колдонгон салттарды Кыргыз ССРинин айыл мектептеринде эмгекке тарбиялоого колдонуунун ыкмаларын, жолдорун көрсөткөн. Диссертация тоталитардык коом, өнүккөн социализм өкүм сүрүп турган кезинде жазылгандыктан биринчиден, элдик педагогиканын көп жактарын так айта алган эмес, экинчиден, ал кезде «политехникалык эмгек», «социалисттик чарба», «колхоз-совхоз», «өндүрүштүк бригада» деген түшүнүктөр болгондуктан жыйынтыктарынын көбүн саясатташтырып жиберүүгө аргасыз болгон.

Б.Апышов кийин[29, 440-б.], да жогорку окуу жайлары үчүн «Педагогика» (1993) деген окуу китебин жазды. Анда элдин эмгекке тарбиялоо салттары боюнча мындай деген ойлор айтылат: «...эмгек, пешене тер адамды шыктандырууга, эргитүүгө, жан дүйнөсүн байытууга тийиш. Андай эмгекке бала өзү кызыгат. Эл эмгектин адамды жаратуучу кудуретин туура байкап, балдардын табиятын туура түшүнүп, аларды кызыктыруунун эң сонун усулдарын тапкан. «Кары келсе – ашка, жаш келсе – ишке» дейт эл макалы. Бул балдарды эмгекке психологиялык жактан даярдоо. Бала жашынан эле эмгектенүү инсандык парызы экенин түшүнөт.

«Кылганың бирөө үчүн болсо, үйрөнгөнүң өзүң үчүн» деген накыл сөз эмгектин үйрөтүүчү да, тарбиялоочу да элементтерин эл боолгоп туура түшүнгөндүгүнүн далили. Ар кандай жумушту кайта-кайта аткаруу баланын иш аткаруучу ык, машыгууларын бекемдейт, бул – эмгектеги үйрөтүүчү элемент. Ал эми өркүндөгөн ык, машыгуулары менен аткарган ишине бала сыймыктанса, ага эргип көңүлү көтөрүлсө, мындан биз эмгектеги тарбиялык элементти көрөбүз»[29, 98-99-б.],

Б.Апышовдун кийинки «Педагогика» (Д.Бабаев жана Т.Жоробеков менен авторлош) [440], «Тарбия жараяны» (2008) [30, 126-б.], аттуу китептеринде да улуттук тарбиялоо маданиятындагы эмгек тарбиясы тууралуу ойлору камтылган жана бул ойлор педагогикалык университтердин жана окуу жайларынын студенттери аркылуу Кыргыз ССРинин жана Кыргыз Республикасынынын окутуу-тарбиялоо процессинин практикасында кеңири колдонулган.

А.Э.Измайлов «Народная педагогика: Педагогические воззрения народов Средней Азии и Казакстана» деген китеп[75, 291-б.], жазып, анда улуттук педагогиканын уңгусун Борбор Азияда жашаган тажик, казак, өзбек, кара калпак, түркмөн элдеринин педагогикалык маданияттарынын салттары менен салыштыра карайт да, бул элдерде байыркы мезгилден бери эле эмгекке тарбиялоого өзгөчө көңүл коюп келишкенин, ошону үчүн бул элдердин азыркы мууну иштемчил келерин белгилейт. Баарлашуу форматында автор үй-бүлөдөгү ар кандай кырдаалдарды көрсөтүп, андан элдик педагогика кандай чыккандыгын белгилешет. Үй-бүлөдө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоо идеялары китептин «Народный идеал семьи», «Мат и отец – первые воспитатели», «Трудовое воспитание – сердцевина народной педагогика» деген бөлүмдөрүндө айтылат. Каракалпактарда энесин – апа, ана, аже, ене, шеше, казактарда – апа, ана, аже, шеше, кыргыздарда – апа, эне деп өтө жумшак, уккулуктуу аташканын айтып өтөт. «Элдик педагогиканын жалпы системасында эмгек тарбиясынын маанисин баалоо чынында өтө татаал, эмгек тарбиясы чын эле элдик педагогиканын жүрөгүндө (сердцевиной) турат» [75-б.], - деп жазат А.Э.Измайлов.

Кыргыз элинин педагогикалык маданиятындагы ата-энелердин балдарды эмгекке тарбиялоо концепциясы А.Алимбековдун кандидаттык [21, 25-б.], жана доктордук диссертацияларында [20, 42-б.], «Кыргыз этнопедагогикасы» [62], «Кыргыз элинин билим берүү салттары» [17, 42-б.], деген китептеринде бир кыйла кеңири сөзгө алынган. «Элдин таалим-тарбия практикасында балдарды эмгек кылууга үйрөтүү эрте жашынан эле башталат. Атап айтканда,

ата-энелер балдарды 4-5 жашынан баштап эле өзүн кароого, кийимдерин күтүүгө, үйдөгү тазалыкты, ирettүүлүктү сактоого, бешик терметип бөбөктөрүн багууга, көмөктөшүүгө үйрөтө баштаган. Ошондуктан, бул курактагы баланы «өзүн өзү эптеп», «анча-мынча ишке жарап калган» бала деп мүнөздөшкөн. Ошону менен бирдикте бул куракта «Тиши чыккан балага чайнап берген аш болбойт» деп, алардын өз алдынчалыгын өнүктүрүүгө да өзгөчө көңүл бөлүшкөн.

Кыргыз элинде 7-8 жаштагы баланы «кол арага жарап калган бала» деп мүнөздөшөт. Чындыгында эле бул курактагы балдар мал кайтарууда, багууда, кыздар ийне кармап, үй шыпырып, тамак даярдоодо ата-энелерине дилгирлик менен жакындан жардам көрсөтө башташат. Бул курактагы балдар адеп-ахлактык түшүнүктөрдү, жүрүш-туруш адебин тез кабыл алышат. Ушундан улам, ата-энелер балдарды олдоксон жорук-жосундардан окчун кармап, айрым адепсиз көрүнүштөрдүн маанисин туура түшүндүрүүгө далалат кылышкан.

9-10 жаштагы бала айрым жумуштарды кадыресе өз алдынча аткара баштайт. Ошол эмгек иш аракеттерине жараша алар «орок оргонго», «мал бакканга жарап калган бала» деп мүнөздөшкөн. Кыз балдар уул балдарга караганда социалдык-турмуштук тажрыйбаларды өтө тез кабылдайт. Өзүнүн келбет-боюна, жүрүш-турушуна олуттуу көңүл бура баштайт. Атап айтканда, эркек балдардан бөлөк ойнойт, атасынан, улуу агаларынан иймене баштайт. Ошону менен бирдикте үй-бүлөдөгү милдети да күчөйт. Ар кандай жумушту энеси менен барабар аткарууга көнүгө баштайт. Ал эми үйдөгү тазалыкты сактоо ушул жаштагы кыздардын түздөн – түзмилдетине айланат. Коомдук пикир да «кыздуу үйдө кыл жатпайт» деп кыздардан ушуну талап кылат.

Кыргызда 12 жаш мүчөл жылы эрезеге жеткен же балакатка жеткен курак деп мүнөздөлөт. Өткөн замандарда 12 жаштагы баланы дене бою, акыл тажрыйбасы жагынан жетилген курак деп эсептешкен» [19, 62-б.].

Этнопедагог кыргыз элинин бала тарбиялоосу анын курак өзгөчөлүгү менен байланышып, ошол тарбиянын башатында келечектеги жашоосуна компетенттүү болууга үйрөтөрүн конкреттүү мисалдар менен көрсөтөт.

Элдик педагогикада эмгек тарбиясы адеп-ахлак тарбиясы менен тыгыз байланыштуу. Кыргыз этнопедогикасында Ж.Бешимов[57,21-б], Ж.Ж.Тургунбаева [167, 19-б.], Г.А.Абдымомунова [2, 19-б.], Г.Ж.Карагозуева [84,24-б.], Ж.М.Найманбаев [121, 21-б.], дал ушул балдарды, жаштарды адептик тарбиянын башаты аларды эмгекке тарбиялоодон башталарын ар кандай аспектиден чагылдырып беришти. Бул диссертацияларда эмгекчил бала гана адептүү болот, адептүү бала эмгек аркылуу ошол даражага жетет деген ой башкы планга сүрүлөт.

Кыргыз эл педагогикасынын каражаттары аркылуу болочоктогу башталгыч класстардын мугалимдерин эмгекке тарбиялоого үйрөтүү боюнча Б.Муратбаев [108, 21-б.], кенже класс окуучуларынын адептик-эмгектик активдүүлүгүн өнүктүрүү үчүн элдик салттар менен азыркы методдорду айкалыштырып стимулдаштыруу тууралуу Ч.Т.Осмонова [132, 21-б.], кандидаттык диссертацияларын коргогон.

Элдик педагогика эмгек тарбиясы менен дене тарбиясын бири-биринен ажыратпай, гармонияда карайт. Эмгек да, дене тарбиясы да кыймыл, кыймыл болсо – жашоонун булагы, инсандын туура калыптануусунун ачкычы. Бул багытта С.М.Саипбаевди кыргыз элдинин улуттук оюндарынын педагогикалык маанисин көрсөткөн китебин [153, 44-б.], жана кандидаттык диссертациясын [152, 20-б.], жазган. Х.Ф.Анаркулов монографияларында жана диссертациясында [25-б.], Т.Э.Уметов кандидаттык диссертациясында [171, 138-б.], улуттук оюндар менен эмгек тарбиясынын биримдигин караган.

С.К.Рысбаевдин эмгектеринде [146-б.], көрсөтүлгөн кыргыз фольклорунда чагылдырылган эмгектенүү идеялары, А.Муратов китептеринде жана диссертациясында [188, 54-б.], улуттук тарбиядагы жана Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы эмгек жана эмгектенүү тууралуу ойлор

кыргыз этнопедагогикасындагы бүгүнкү күн үчүн зарыл руханий баалуулуктар болуп эсептелет.

А.Т.Калдыбаева эл акындарынын чыгармачылыгындагы педагогикалык идеялар боюнча кандидаттык [80, 21-б.], жана доктордук диссертациясында [83, 40бет], жана монографияларында [81, 164-б.], кыргыз ырчыларынын негизги темасы эмгек экендигин көрсөтүп, алардын санат-насыят ырларындагы эмгектенүүгө үгүттөө эл турмушунда чоң роль ойноп келгенин көрсөтөт.

Салттуу кыргыз үй-бүлөсүнүн традицияларын өздөрүнө сиңдирген азыркы үй-бүлөдө эмгекке тарбиялоо маселелери Т.Касымов менен К.Миталиповдун «Үй-бүлөдөгү мектепке чейинки бала тарбиясы» аттуу китебинде [81, 122-133-б.], теориялык жана практикалык аспектиден чагылдырылат.

## 1.5. Изилдөөнүн методологиялык негиздери

Эмгек жана эмгектенүү илим пайда болгондон тартып эле, ошол илимдин объектине айланып келген. Дүйнөлүк философияда (Ф.Энгельс) адамдын жаралышында башкы фактор эмгек болгондугу, адам эмгектен жаралгандыгы анын XIX кылымдын 2-жарымында жазылган эмгектеринен бери эле бир жарым кылымдай убакыттан бери айтылып келди.

Таанып билүү теориясында К.Маркс жана Г.В.Ф.Гегель эмгек философиясына үзгүлтүксүз кайрылып келген. Өзгөчө бул багытта К.Маркстин «Капитал» деген эмгегин белгилеп көрсөтүүгө болот.

XX кылымда жана XXI кылымдын башында Х.Арендт, Ж.Бодрийяр, М.Вебер, С.Вейль, Г.Зиммеля, М.Мерло-Понти, Ж.-П.Сартр, П.Рикер, А.Хоннет, Ю.Хабермас, бир туугандар Ф. жана Э.Юнгер, М.Фуко ж.б. философтор эмгектин философиясынын маани-маңызын өз илимий-билимдеринин аспектилеринен ачып беришти.

Орусияда А.Ю.Ашкеровдун [50-70-б.], Ю.Н.Давыдовдун [25-124-б.], Т.Ю.Сидоринанын [22-33-б.], китептеринде адам жашоосундагы эмгектин орду, цивилизация жана эмгек, ишмердүүлүк жана эмгек, эмгектин туура бааланышы жана эмгек адамынын эркиндиги, эмгектин коомдук турмуштагы трансформацияланышы ж.б. философиялык проблемалар каралат. Учурда эмгектин философиясы эконимика, социология, саясаттаануу, психология, педагогика илимдери менен интеграцияланып өз объектилерин ар тараптуу карап жатат.

Руханий баалуулуктардын өндүрүш менен керектүүлүктөгү орду тууралуу С.Ф.Анисимовдун [253-б.], тарбиялоо философиясы тууралуу жана тарбиянын табияты жөнүндө Ю.П.Азаровдун [448-б.], философиялык окуулары да ишибизге негиз болду. Б.С.Гершунский билим берүүнүн философиясын жана андагы эмгекке тарбиялоо проблемаларын изилдеген [187-б.].

Кыргыз философтору Р.Ачылова, А.Какеев, К.Исаев, О.Тогусаков, А.Бекбоев, Ж.Бөкөшов ж.б. окумуштуулардын эмгектеринде эл турмушундагы эмгектин маанисин ачып берген учурлар кездешет. Мына ушундай философиялык окуулар биздин диссертациянын эң негизги методологиялык таянычы болуп калды.

Педагогиканын тарыхында анын классикалык өкүлдөрү үй-бүлө, андагы эмгекке тарбиялоо тууралуу ойлорун айткан. Я.А.Коменский [89, 576-б.], И.К.Песталоцци [137, 416-б.], өз китептеринде эмгек адамды өзгөртүүчү күч экендигин, ар кандай адамдын мүнөзүн, эркин эмгек аркылуу калыптоого мүмкүн болорлугун белгилешкен.

Орус педагогу К.Д.Ушинский «Родное слово» (1864) деген окуу китебине жана башка китептерине, макалаларына [177, 384-б.], элдик жомоктордогу, аңгемелердеги эмгекчил адамдардын образын киргизип, ошол аркылуу тарбия берүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн көрсөткөн.

XIX кылымдагы улуу жазуучу Л.Н.Толстойдун окуу китептеринде жана педагогикалык эмгектеринде [166, 542-б.], орус социал-демократтары

В.Г.Белинскийдин [274-б.], Н.А.Добролюбовдун [89-б.], Н.Г.Чернышевскийдин [76-б.], макалаларында, китептеринде эмгек жана эмгекчилдик, алардын үй-бүлөдөгү, эл турмушундагы орду тууралуу ойлору айтылган.

Советтик учурда А.С.Макаренко кароосуз калган жана тарбиялоого татаал деген даражадагы балдарды чогултуп, аларга мектеп ачып, ошол мектепте балдарды эмгекке тартып, эмгек аркылуу тарбиялаган жана ал ишмердүүлүгү тууралуу китептерин [316-б.], жазган. Өзгөчө анын «Педагогикалык поэма» деген китеби советтик билим жана тарбия берүү тармагынын сүйүктүү китебине айланган.

Украинанын Павлыш орто мектебинин мугалими жана директору В.А.Сухомлинский эмгек аркылуу тарбиялоонун, ата-энелерди тарбиялык иштерге тартуунун жолдорун, ыкмаларын, каражаттарын көрсөтүп, педагогикалык публицистикаларын [287-б.], илим жана практикага киргизген.

Үй-бүлөлүк тарбия жана алардын кыргыз элдик педагогикасы менен байланышы, балдардын ата-энелер менен байланышынын педагогикалык аспектилери, окуучулардын көп түрдүү маданияттардагы орду Н.А.Асипованын «Научно-педагогические основы формирования культуры межнационального общения школьников» аттуу диссертациясында [40-б.], «Билим философиясы жана тарыхы» аттуу окуу китебинде[240-б.],«Педагогиканын кээ бир жалпы маселелери» [85-б.], «Социалдык тарбия»[деген эмгектеринде, Р.Т.Сулаймpraванын диссертациясында[ 20-б.], чагылдырылган. Үй-бүлө, азыркы коомдогу үй-бүлө тарбиясы тууралуу К.К.Акматов, Г.Т.Карабалаева, Ж.Б.Карасартова, Н.Койлубаева, З.Кусеинова, Н.Ж.Сартбекова ж.б.педагогдор эмгектерин жазган.

Ж.Б.Карасартова менен Д.С.Сагинбаеванын «Балдарды эмгекке тарбиялоодо элдик педагогиканын тийгизген таасири» деген макаласында [124-125-б.б.], үй-бүлөдө балдарды ар тараптуу тарбиялоодо, үй-бүлөнүн экономикалык маселелерин көтөрүүдө эмгек тарбиясынын ролу чоң

болгондугу көрсөтүлүп, азыркы учурда класстык сааттарды өткөрүүдө элдик каада-салттардын колдонуунун заманбап усулдары чечмеленип берилген.

Баткен областынын Лейлек районундагы №3 эксперименталдык гимназиянын директору Г.Мадаминовдун өз тажрыйбасынын негизинде жазган «Ата-энелер, сиздер үчүн» деген китеп [101, 108-б.], практикалык жумуштар менен теориялык ойлордун айкалышы жагынын өзгөчө маанилүү эмгек.

Советтик жана орус психология илими биздин эмгектин жазылышына теориялык жактан жол көрсөтүүчү идеяларды берди. Инсандын коомдогу ордун аныктоодогу психикалык өнүгүүнүн динамикасы тууралуу Б.Г.Ананьевдин

[22, 380-б.], баланын курак өзгөчөлүгүнүн психологиялык өзгөрүштөрү жөнүндө Л.И.Божовичтин [58, 464-б.], баланынын жаш жана психикалык өзгөчөлүктөрүнө ылайык тарбиялоого багытталган Л.С.Выготскийдин[68, 480-б.],психиканын өнүгүш этаптарын терең ачып берген А.Н.Леонтьевдин[97, 292-б.], психологиянын жалпы теориясын көрсөткөн С.Л.Рубинштейндин[423-б.], дүйнөнү, чөйрөнү, адамды таанып билүүнүн психологиялык мыйзам ченемдүүлүктөрүн терең иликтеген Д.Б.Элькониндин[188, 328-б.], ж.б. окумуштуулардын психология жаатындагы окуулары эмгегибиздин теориялык базасын түздү. Бул жагынан кыргыз психологдорунун (А.Брудный, Ч.А.Шакеева, А.Адыкулов, В.П.Иванова, Т.А.Конурбаев ж.б.) эмгектерин да эске алдык.

Мектеп окуучуларын эмгекке тарбиялоо боюнча П.Р.Атутов, С.Я.Батышев, Л.И.Божович, Б.З.Вульфова, О.Л.Зверева, В.И.Журавлев, Ф.И.Иващенко, Е.А.Климов, П.П.Костенков, А.И.Кочетов, Т.А.Куликова, Н.Д.Левитов, Б.Т.Лихачев, А.В.Орлов, Ю.П.Сокольников, И.Д.Чернышенко, И.Ю.Шилова ж.б. педагогдор жана психологдор өз теорияларын сунуштаган.

Үй-бүлө темасы атайын мектеп окуучулары жана орто кесиптик мектептин студенттери үчүн «Этика жана үй-бүлөлүк турмуштун

психологиясы» предмети үчүн кызыктуу жана түшүнүктүү тил менен Т.М.Афанасьевдин китебинде [33, 224-б.], бир кыйла терең берилген.

Биздин изилдөө үчүн өзгөчө маанилүү болгон диссертациялар жана китептер бул же тигил элдин педагогикалык маданиятындагы эмгек тарбиясынын маани-маңызын, колдонулуш учурларын, балдарга үйрөтүүнүн ыкмаларын, жолдорун көрсөткөн этнопедагогдордун изилдөөлөрү, алар: азербейжан А.Г.Гашимов [43-б.], башкырт А.М.Сафина [23-б.], бурят Н.Д.Доржиева [42-б.], грузин А.Ф.Хинтибидзе [87-б.], дагестан Р.М.Пашаева [15-б.], казак К.Б.Жарикбаев [23-б.], тажик М.Сайфуллаев [46-б.], татар Я.И.Ханбеков [84-б.], түркмөн К.Пирлиев [61-б.], Ыраакы Чыгыштагы майда элдер В.Ф.Афанасьев[93-б.], чечен-ингуш Н.Б.Битаев [58-б.], ж.б. Булардын изилдөөлөрү биздин диссертациянын салыштырма-типологиялык базасына чоң жардам берди.

Кыргыздардын материалдык маданияты, жашоо-тиричилиги, салттуу эмгек куралдары жана эмгекке мамиле, ата-эне менен балдардын үй-бүлөдөгү эмгекке байланыштуу мамилелери боюнча П.П.Семёнов Тянь-Шанский, Ч.Валиханов, В.В.Радлов, В.В.Бартольд, А.Н.Бернштам, А.М.Абрамзон ж.б. саякатчылар, этнографтар, тарыхчылар жазып калтырган мурастар да биз жүргүзгөн изилдөөгө көмөк көрсөттү.

Этнопедагог Г.Н.Волковдун алгачкы китептеринин бири болгон «Воспитание любви к сельскохозяйственному труду у школьников»[67,39-б.], андан кийинки «Трудовые традиции чувашского народа» [64,93-б.], деген китептеринде окуучуларда эмгекке тарбиялоо боюнча өз сунуштарын, ойлорун айткан, анда ошол кездеги өзү жашаган Чувашиянын практикасына кайрылган.

XX кылымдын 90-жылдарында татар окумуштуусу У.Ш.Атагуловдун «Педагогические условия использования идей и опыта народной педагогики в трудовом воспитании школьников» [21-б.], монгол Б.С.Брамсайдын «Совершенствование трудовой технологической подготовки школьников Монголии» [27-б.], Н.М.Борыткonун «Воспитание трудовой направленности

учащихся старших классов гимназии»[19-б.],Чувашияда Г.Н.Григорьевдин «Трудовое воспитание старших школьников в условиях разнопрофильного лицея» [23-б.], деген темаларда кандидаттык, 2000-жылдардан кийин Татарстанда Ф.Ф.Абазовдун «Теория и практика трудовой подготовки сельских школьников в обновляющихся экономических условиях» [40-б.], аттуу темада докторлук, О.А.Петровдун «Трудовое воспитание школьников в условиях социокультурного пространства села»[23-б.], Л.Г.Андрееванын «Трудовоевоспитание в русской народной педагогике»[21-б.], В.В.Климатованын «Идеи и опыт трудового воспитания в народной педагогике Северного Кавказа» [21-б.],М.А.Нахушовдун «Идеи трудового воспитания в адыгской народной педагогике» [21-б.], А.А.Григорьевдин «Теория и практика семейной этнопедагогики народа Саха»[32-б.], деген темаларда кандидаттык диссертациялары жазылган. Бул диссертациялардын мазмундук-формалык жагы, изилдөөдө койгон темаларынын чечилиш методдору биздин эмгекке үлгү болуп берди жана алардын да айрым учурларын өз ишибизди жазууда методологиялык таяныч катары колдондук.

***Биринчи бап боюнча корутунду***

**«Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-эненин ролу жана аны азыркы мектеп практикасында пайдаланууну изилдөөнүн тарыхый-теориялык өңүтү»** деп аталган диссертациянын биринчи параграфы этнопедагогикадагы «салттуу үй-бүлө» түшүнүгүнүн теориялык жана практикалык аныктамаларын айкындоого арналган.

Азыркы ааламдашуу доорунда, түрдүү маданияттар интеграцияланып жаткан учурда да салттуу үй-бүлө мурдагы ата-бабалардын тажрыйбаларын унутпайт, аларды колдонот.

Мына ушул аспектиден салттуу кыргыз үй-бөлөсүндө жети ата жана уруу аксакалдары, чоң үй-бүлө, чоң үй-бүлөнүн башчылары, майда үй-бүлөлөр деген сыяктуу түшүнүктөрдүн эл турмушундагы ролун аныктап бердик, аларды аныктоо үчүн С.М.Абрамзондун этнографиялык маалыматтарынан мисал келтирдик. Ушундай үй-бүлөлөрдө ошол үй-бүлө мүчөлөрүнүн ар биринин (чоң ата, чоң эне, ата, эне, келин, кыз, балдар ж.б.) орду жана милдеттери көрсөтүлдү. Мына ошол үй-бүлөдө улуу муундагылар балдардын дене-бой, акыл-эс, эмоционалдык, эстетикалык жактан өнүгүүсүндө эң биринчи шарт түзүп берүүгө милдеттүү болгон.

Диссертацияда салттуу кыргыз үй-бүлөлөрүн функцияларынын багыттары (репродуктивдүү, чарбалык-тиричиликтик, рекреациондук, эмоционалдык, регенеративдик, руханий, социалдык, таалим-тарбиялык) көрсөтүлдү жана ошол функцияларды ишке ашыруучу факторлор алгачкы жолу иштелип чыкты.

*«Балдарды эмгекчилдикке тарбиялоо идеясынын кыргыз элинин оозеки адабиятында жана ырчылар чыгармачылыгында чагылдырылышы»* деп аталган 2-параграфында кыргыз элдик педагогикасына эмгекке тарбиялоого өзгөчө маани берилгендиги макал-ылакаптардан көрүнөрү белгиленди. «Манас» эпосундагы Ошпур бала чакта Манасты эмгек аркылуу, т.а., койчулук аркылуу тарбиялат, анын баатыр жана лидер инсан катары калыптануусунда Ошпурдун ошол эмгектик тарбиясы кийин чоң мааниге ээ болгондугун көрөбүз. Ч.Айтматов кыргыз элинин «Эгин эккендеги айтым» деген ырын «ыйык дуба», «манифест» деп айтат. Эмгек процесстери тууралуу «Эгин эгүү», «Сугаруу жана эгиндин өсүп бышышы», «Эгин бастыруу», «Эгин оруу», «Буудайды бастыруу», «Жаргылчак» ж.б. чыгармалар, Тоголок Молдо иштеп чыккан «Иттин доолдай тиктирем дегени» аттуу тамсилдери ушул бөлүмдө проблемабызга байланыштуу талдоого алынат. Токтогул

Сатылгановдун «Насыят» деген чыгармасында адамдарды ак иштөөгө, мал багууга үндөгөн, анын интерпретациясында эмгектенүү бул – жашоонун булагы, жан багуунун жападан жалгыз жолу.

*«Балдарды эмгекчилдикке тарбиялоонун кыргыз эл турмушундагы мааниси»* деп аталат. Салттуу үй-бүлөдө наристени эркелетүү, жөрмөлөтүү, каз-таз тургузуу, бут шилтетүү, бастыруу – бүт баары эмгекке тарбиялоонун алгачкы аракеттери. Баланын биринчи кыймылы «эмгектенүү» деп аталат, анда алты-жети айлык бала тизелеп, эки колун таканчык кылып алдыга карай жүрөт. Эненин баланы чакырыгы, колдоосу б.а., мотивациясы менен анын баласы бутуна турат, жөрмөлөйт, кадам шилтейт, басат, жүгүрөт. Атасы болсо аны эң алгач айырмач жасап үйрөтүлгөн тайга мингизет. Кыргыздар баланы кыймылга келтирүүгө өзгөчө маани берип, кыймыл бул жерде баланын руханий жана дене-бой жактан өсүүсүнө, туура калыптануусуна стимул түзүп берет деп эсептешкен да, кыймылдабаган бала ар кандай ооруларга жакын болуп калат дешкен.

Кыргыз балдарын өтө кичинекей кезинде ата-энелери «Салбилек», «Тай бөбөк», «Каз-каз», «Тай кулун» деген кыймыл коштогон ырлар менен аларды ден-бой, акыл-эс жагынан өнүктүрүп, бир аз чоңойгон соң «Ак терек, көк терек», «Ак бай, ток бай» деген оюндар ойнолгон ж.б. ыр коштолгон оюндар кыргыз балдарынын күнүмдүк жашоосунун бир бөлүгүнө айланып, алар аркылуу ата-энелер өз перзенттерин эмгекчил болууга көнүктүргөн.

Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө ата-энелер балдарын коллективдүү жумуштарга (боз үй тигүү, көчтү даярдоо, кийиз жасоо, ууз аш ичирүү, шерине тамак берүү, кереге-уук чабуу, эгин бастыруу, мал айдоо ж.б.) үйрөткөн, ашар жолу балдарды эмгекке активдүү аралаштырган. Мындай иш-аракеттер, биринчиден, кыймыл менен, экинчиден, ыр жана музыка менен коштолгон элдик салттар болгон.

Андан ары диссертацияда кырманда эгин бастыруу учурун коштогон «Оп майда», кол өнөрчүлүгүн коштогон «Тон чык» деген элдик ырлар, кой

телүү, эчки телүү, кой сааш, козу байлоо, эн салуу, желе тартуу ж.б. жумуш процессиндеги балдардын ролу чагылдырылат.

Ошентип, бул бөлүмдү салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчил кылып тарбиялоо, эмгектенүүгө үйрөтүү ошол үй-бүлөнүн кийинки муундарынын бактылуу жашоосун камсыз кылуучу эң биринчи факторлордун бири, турмушка балдарды даярдоонун башкы каражаты экендиги көрсөтүлөт.

*«Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-эненин ролу проблемасынын кыргыз педагогикасында изилдениши»* деген 3-параграфта XX кылымдын 60-жылдарынан башталган этнопедагог окумуштуулардын жана диссертанттардын эмгектерине обзор берилип, алардын ичинен балдарды ата-энелер эмгекке кандайча тарбиялагандагын талдоого алган ойлорго басым жасалат.

*«Изилдөөнүн методологиялык негиздери»* деп аталган параграфта болсо диссертациялык иштин жазылышына методологиялык таяныч болгон эмгектер тууралуу тарыхый-эволюциялык аспектиде обзор берилет.

Дүйнөлүк философияда Ф.Энгельс эмгек адамды жаратты, эмгек кылуунун натыйжасында маймылдар адамга айланды десе, К.Маркс жана Г.В.Ф.Гегель эмгек философиясына баа берет, Х.Арендт, Ж.Бодрийяр, М.Вебер, С.Вейль, Г.Зиммеля, М.Мерло-Понти, Ж.-П.Сартр, П.Рикер, А.Хоннет, Ю.Хабермас, бир туугандар Ф. жана Э.Юнгер, М.Фуко ж.б. философтор эмгектин философиясынын маани-маңызын ачып көрсөтөт. Орусияда А.Ю.Ашкеровдун, Ю.Н.Давыдовдун, Т.Ю.Сидоринанын китептеринде адам жашоосундагы эмгектин орду, цивилизация жана эмгек, ишмердүүлүк жана эмгек, эмгектин туура бааланышы жана эмгек адамынын эркиндиги, эмгектин коомдук турмуштагы трансформацияланышы ж.б. философиялык проблемалар каралат. Бул жагынан кыргыз философтору Р.Ачылова, А.Какеев, К.Исаев, О.Тогусаков, А.Бекбоев, Ж.Бөкөшов ж.б. окумуштуулар да эмгектин эл турмушундагы ролун көрсөтөт.

Бул парагафта диссертациябыз үчүн методологиялык негиз болгон тарбиялоо философиясы, педагогика, этнопедагогика, этнография ж.б.

илимий багыттагы изилдөөлөргө токтолуп, алардын кандай ойлорун колдонгондугубуз тууралуу баяндап бердик.

Жалпысынан бул бап темабызга байланыштуу теориялык-методологиялык, тарыхый-эволюциялык планда жазылды.

# II БАП. ИЗИЛДӨӨНҮН МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ

## 2.1.Илимий изилдөөнүн материалдары

Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-энелердин ролу жана аларды азыркы мектеп практикасында пайдаланууну өркүндөтүү боюнча диссертациялык изилдөөбүздүн материалдары көп багыттуу болду. Алардын айрымдары бул схемеда көрсөтүлдү.




***2.1 – сүрөт. Диссертациялык иштин негизги материалдары***

Ал *материалдарды тандоонун чен-өлчөмдөрү (критерийлери)* төмөнкүлөр:

●материалдардын кыргыз элинин салттуу үй-бөлөлөрүнө таандык экендиги;

●тандалган материалдардын эл арасында узак жылдардан (кылымдардан) бери колдонулуп келип, эл тарабынан апробациядан ийгиликтүү өткөндүгү;

● изилдөөбүздөгү тандалган эл ичиндеги педагогикалык салттардын балдарды, жаштарды эмгекке тарбиялоого салым кошо алышы, эмгекчил балдарды тарбиялоого кызмат кылышы;

● биз сунуш кылган материалдардын ата-энелер тарабынан колдоого алынышы;

● эмгекти жазууда пайдаланылган салттуу кыргыз үй-бүлөсүндөгү эмгекке тарбиялоодо ата-энелердин ролун көрсөткөн материалдардын жалпы адамзаттык гуманисттик идеялар менен шайкештиги;

- биз диссертацияда сунуш кылган материалдардын азыркы мектеп практикасына ылайык келиши, балдардын психологиялык жана курактык өзгөчөлүгүнө, кабыл алуусуна дал келиши;
- материалдардын азыркы саясый-экономикалык кырдаалга ылайыктуулугу;
- материалдардын кыргыз элинин этномаданий, этнопедагогикалык, этнографиялык өзгөчөлүктөрүн көбүрөөк жана туура чагылдырышы ж.б.

Диссертациялык изилдөөнүн *материалдарын тандоонун, жайгаштыруунун негизгипринциптери:*

- салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-энелердин ролу жана аларды азыркы мектеп практикасында пайдаланууну өркүндөтүү боюнча материалдар окуучуларда улуттук рухту, этномаданий мурастарды өздөштүрүүгө көмөктөшүү кызматын аткарууга тийиш;
- тандалган материалдар көбүнчө кыргыз элинин этнографиялык өзгөчөлүктөрүн, улуттук менталитетин, этнопедагогикалык баалуулугун көрсөтүшү керек;
- материалдар конкреттүү ата-энелердин балдарды эмгекке тарбиялоо боюнча конкреттүү иш-аракеттерин, демилгелерин, умтулууларын көрсөтөт;
- материалдар кыргыз элинин белгилүү бир тарыхый учурдагы доордун өзгөчөлүктөрү менен байланышат;
- тандалган материалдарда элдин географиялык-климаттын, геосаясый жайгашуусуна карата өзгөчөлүктөрү болушу мүмкүн;
- материалдарды тандоодо историзм, гуманизм, демократизм принциби жетекчиликке алынат ж.б.

Изилдөөбүздүн материалдары төмөнкүдөй илимдердин материалдары жана методдору менен тыгыз байланышат.

**Этнография.** Бул элдин, уруунун, уруктардын турмуш-тиричилиги, салттары, үрп-адаттары тууралуу илим болгондуктун «салттуу үй-бүлө» түшүнүгү түздөн-түз ушул илимдин объектине кирет. Салттуу үй-бүлө жана

советтик учурдагы, азыркы үй-бүлөлүк мамилелер боюнча этнографиялык эмгектерде (Х.А.Аргынбаев, Г.П.Снесарев, Н.А.Кисляков, К.Л.Задыхина, О.А.Сухарева, Н.П.Лобачева, Л.А.Фирштейн, А.Калыш ж.б.) үй-бүлөнүн курулушу, ата-энелик парыз, традиция жана анын үй-бүлөдө сакталышы, нике жана анын мааниси, балдарды тарбиялоодогу үй-бүлөнүн жооптуулугу тууралуу изилдөөлөр жүргүзүлөт.

Этнограф С.М.Абрамзон «Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер» деген китебинин «Балдар жана аларды тарбиялоо» деген бөлүмүндө: «Патриархалдык коомдун идеологиясы эркек адам малга гана бай болбостон, балдарга да, өзгөчө уулдарга бай болуу талабын өзүнө камтыган. Мындай коомдо үй-бүлөнүн идеалы көп сандаган тукуму бар үй-бүлө, баласыз калгандар өзүн эң бактысыз, бечара адам деп эсептеген», - деп келип, андан ары мындай улантат: «Көпчүлүгү кыймыл-аракеттүү жана мал чарбачылык турмуш тиричилик менен тыгыз байланыштуу балдар оюндары жалпысынан кедей үй-бүлөлөрдө кыргыз баласынын жыргалсыз турмушунда көңүлүнө бир аз төтө болгон, балдар кичинесинен эле көбүнчө үй-бүлөнүн чоң мүчөлөрү менен бирдей эле эмгектенүүгө катышкан» [6, 48-б.].

Ошондон эмгектүү оюндардын бири – чүкө жана ордо. Үй-бүлөдө эркек төрөлөрү менен эле, же төрөлгөнгө чейин эле чоң аталар, таяталар неберелерине деп устукандарынын ичинен каржиликтин башына ашташкан кичинекей сөөктөн чүкөлөрүн чыгарып алган, аны аябай кырып тазалап, балдары ойной турган абалга алып келген. Балдар чүкө атуу менен таамай мээлегенди үйрөнөт, көзү курчуйт, оюн жана чүкөнү бир чекитке мээлегенге көнүгөт, так, шамдагай, кыраакы болот да, мунун баары эмгектенүү, кыймыл-аракет менен ишке ашат.

Чүкө оюндарын ойноо үчүн балдар эмгек кылып, саканы көзөп, ошол көзөлгөн көңдөйүнө коргошундан кыт куйганды үйрөнгөн. Жеңишке жетишүү үчүн кыргыз балдары тынымсыз машыгууларды өткөргөн, ордо деп, ордону сактоо керек деп мекенин коргоонун элементтерин ушул оюн аркылуу түшүнгөн. Кыргыз элинин ар түрдүү аймактарында чүкө оюндарынын андөк,

айкүр, алдүжүм, ачакей-жумакей, ашык, дарттикем, жыдымай, кан таламай, канымдат, келиш, кен, коюмтап, көтөрмөй, кыйыр, «өлдү», таа, таламай, үч тапан деген ж.б. түрлөрү ойнолорун этнограф Н.Рысмендеева «Кыргыз элинин чүкө оюндары» аттуу этнографиялык иликтөөсүндө жазып чыккан [150,176-б.].

Чүкө оюндары, ордо атышуу мезгилинде адам аябай көп басат, чүкөнүн артынан куйит, өзүн өзү чүкө атууга ылайыктап турат ж.б. кыймыл-аракеттерди аткарат. Бул да эмгектенүү болуп эсептелет.

Этнографиялык багыттагы А.Жумагуловдун «Советтик кыргыз үй-бүлөсү», С.И.Каракееванын «Современная киргизская городская семья», А.С.Кочкуновдун «Этнические традиции кыргызского народа (социокультурные аспекты и некоторые вопросы генезиса)» [91,176-б.], деген темада диссертациясы жазылган, Д.Т.Молдокулова «Кыргыздардын үй-бүлөлүк мамилелеринде, турмуш-тиричилигинде колдонулган салттуу жүрүм-турум маданияты (XIX кылымдын аягы XX кылымдын башы)» деген темадагы кандидаттык диссертациясын [107,21-б.], жактаган жана «Кыргыздардын салттык жүрүм-турум маданияты (XIX кылымдын аягы XX кылымдын башы)» деген монографиясын [46-б.], жарыяланган. Бул эмгектерде кыргыз үй-бүлөсүнүн этнографиялык аспектилерин изилдеп чыккан, үй-бүлө турмушундагы балдарды эмгекке көнүктүрүү, эмгек тарбиясы тууралуу ойлор айтылган.

Д.Т.Молдокулова кыргыз элтаануусундага актуалдуу проблемага – кыргыз элинин үй-бүлөлүк мамилелеринин ичинен салттык жүрүм-турум маданияты темасына кайрылган. Ал азыркы коомдун кыргыздын нукура салттык маданияты менен байланышынын үзүлүп бараткандыгын, улуттук салттуу маданияттын азыркы проблемаларын, элдик маданияттын бүгүнкү күндөгү таалим-тарбиялык баалуулугун айтып келип, «Кыргыздарда бала төрөлгөндөн баштап анын балалык чагы ар кандай кырсыктардан, оорулардан коргоо үчүн колдонулган көп сандаган ырым-жырымдарды өз кучагына алган. Анткени биз карап жаткан мезгилде (XIX кылымдын аягы XX кылымдын башы – Г.Т.) кыргыздарда балдардын өлүмү өпкөсү сезгенүүдөн, кызамык, чечек, келте

өндүү оорулардан жана башка себептерден улам өтө жогору болгон» [150-б.], - деп жазат. Чынында эле балдардын өлүмү өтө көп болуп, алардын баарын айыктырууга элдик медицинанын күчү жетпеген. Аялдар шарты жок төрөп-түшүп, балдарды кароо кыйынчылык жараткан. Анан ушундай балдар эптеп бир аз чоңойгондон кийин алардын физикалык жетилүүсүн эмгек аркылуу ишке ашырган.

Кыргыздар тууралуу этнографиялык маалыматтарда жана эмгектерде ата-энелер балдарын эмгекке кантип үйрөткөндүгү тууралуу кеңири маалыматтар берилген. Алардын бири  тушоо кесүү салты.

Тушоо кесүү – бул ата-эненин баланын алдындагы парзы. Бала бир жашка чыкканда кадам шилтеп, талпынып, басууга аракет кылып калат, мына ушул аракеттенүү, баланын дене боюн токтотуп эмгек кылуусу тушоо кесүү салты менен байланышат. Анда чоң эне, же таене баланын бутун байлоо үчүн койдун жүнүнөн бир ак, бир кара жип эшип, аларды баланын бутуна кайчылаштырып байлайт да, тушоо кесүүчү балдар чуркап келгенге чейин кармап турушат. Тушоосу кесилүүчү бала ушул учурда чуркап келе жаткан балдардын кыймылын көрүп, аларды туурап, басуу үчүн талпынат, анан биринчи чуркап келген бала тушоосун кесип, дагы бир бала менен эки колдон алып жетелеп жөнөгөндө буттарын көтөрүп, кадам шилтеп жөнөйт – бул анын эмгектенүүсү, эмгек кылып өз денесин көтөрүп, тең салмак менен алга жүрүүсү.

Этнографтардын маалыматтары боюнча кыргыз балдары койдун козулары, уйдун музоолору, эчкинин улактары менин бирге чоңойгон. Себеби, мисалы, койлор январь-февраль айында эле төлдөй баштап, бул мезгилде көпчүлүк элдин козулары адамдар менен бирге боз үйлөрдө же таш үйлөрдө багылган. Эгер энелери телип, карабай кетсе, аларды башка койлорго эмизишкен, же идиштер менен уйдун сүтүн берген. Күн бир аз жылый түшсө козуларды сыртка чыгарып, «буту-колун» жазышкан, үйдө камалып турган жаңы төлгө чөп, жем, суу берилген. Мына ушул сакманчылык жумушка чоңдор менен бирге эле балдар катышкан. Ар бир баланын сүйүктүү козусу болгон, аны бир туугандай көрүп, «дос» болушкан. Мал багуу жумуштарын

балдар мына ушул козу багуу аркылуу да үйрөнгөн. Мына ушундай эмгекке байланыштуу салттар этнографиялык эмгектерде изилденип, биздин диссертацияга да материал болуп берди.

«Кыргыздардын мал багууга жана дыйканчылыкты жүргүзүүгө байланышкан экстенсивдүү чарбачылыгында, үй-тиричилигинде жумушчу күчтөрү көп талап кылынган. Кичинекей балдар-кыздар улам чоңойгон сайын үй-бүлөдөгү өз ордун так түшүнө баштаган, коомундагы пайдалуу иштерге катыша башташкан. Салттуу чарбачылык жумушчу күчүн көп талап кылгандыктан, балдардын пайдалуу эмгекке аралашуусу эрте башталган. Булардын баары улуу муундун өкүлдөрүнүн көзөмөлүндө жана түздөн-түз таасири менен жүрүп келген. Анткени, салттуу коомдо жалпы эл жол-жосунду, нарк-насилди, салт-адатты бекем кармап жашаган. Бала эс тарта элек учурда кулагына куюп, анын жоопкерчилигин калыптандыруунун мааниси абдан чоң экенин түрк тилдүү элдер да туура баамдашкан. Акылына кире элек бала ички туюму менен баба салтын, нарк-насилин жана рухий көрөңгөлүү түшүнүктөрүн таанып-билип, аларды сактоо милдеттүү парз экенин жоопкерчилик менен сезе билип, жүрөгүнө туюп калат деп ишенишкен. Акырындап бул турмуштук каада-салттар, нарк-насилдер баланын ыйманы болуп, анын турмушуна – тирөөч, өмүрүнө – жөлөк болуп кала берген», - деп жазып этнограф А.С.Усубалиева кыргыз салттарынын жалпы түрк тилдүү элдердин салттары менен да окшош экендигин белгилейт «Жаш муундардын социалдашуусунун жүрүшү жана салттуу тарбиялоо» аттуу макаласында [172, 169-171-б.б.]. Демек, этнографтардын белгилөөсү боюнча балдардын социалдык чөйрөгө ыңгайлашуусунда эмгек процесси чоң мааниге ээ болгон.

**Көркөм адабият.** Кыргыздардын салттуу үй-бүлөсүндө эмгекке тарбиялоо технологиялары көптөгөн акындардын, жазуучулардын чыгармаларында көрсөтүлөт.

Т.Сыдыкбековдун «Көк асаба» романында байыркы кыргыздардын жоокерчиликке үйрөтүү үчүн балдарды эмгек кылууга көндүргөнү көрсөтүлсө, «Тоо балдары» романындагы окуучу балдар мөмө багын тигип,

өстүрүп, андан берекелүү түшүм алып мөмө тоюн өткөрөт, Ш.Бейшеналиевдин «Мүйүздүү козу», «Мүйүзүнөн айрылган сүзөөнөк» деген чыгармаларындагы Азиз деген баланын кой баккандары көрсөтүлөт.

Кыргыз балдарын согуш учурундагы эмгектенүүсү, «Ак-Сай десанттары» аталып, тоого барып, дың бузуп жер айдап, эгин себүүгө даярдануусу – кыргыздардын салттуу үй-бүлөсүндөгү эмгекке тарбиялоонун бир көрүнүшү болуп чыгат. Турмуш-шарт, согуштагы кырдаал балдарды эрте жетилтет да, аталардын ордуна он эки-он үч жашынан балдар чарбалык жумуштарды аткарууну моюндарына алат. Алардын кароосуна жана иштетүүсүнө аталарынын мурда минип жүргөн аттары тийт. Султанмураттын Чабдары, Кубаткулдун Жибекжалы, Анатайдын Октору, Эркинбектин Акбайпагы, Эргештинн Алтынтуягы балдардын эмгекчилдигин сыноонун каражатына айланат, аталардын үйрөткөнү боюнча өздөрүнө бөлүнгөн аттарды беш бала жем-чөп берип багып, суусунун кандырып, кашылап тазалап, жүнүн жаткырып, этине келтире баштайт, алардын булчуңдары буржуюп куду баатырлардын аттарындай болуп калат. Ал эми кыргыз оозеки чыгармачылыгында Манастын Аккуласы, Алмамбеттин Сараласы, Бакайдын Көктулпары, Чубактын Көкаласы, Күлчоронун Суркоёну, Сыргактын Көкчебичи, Ажыбайдын Карткүрөңү, Коңурбайдын Алкарасы, Кошойдун Тайторусу, Көкчөнүн Көкаласы, Көкөтайдын Мааникери, Жолойдун Ачбууданы, Төштүктүн Чалкуйругу, Көкүлдүн Керкулуну, Курманбектин Телторусу, Семетейдин Тайторусу ошондой даңктуу тулпар болгонго чейин адамдардын эмгегин талап кылган, аларды ийгилиги – саяпкерлердин эмгегинин үзүрү.

Ч.Айтматов да жогорудагы повесттеги балдардын ат багуудагы эмгегин кыргыз фольклорундагы ат баккандардын, ат таптагандардын эмгеги менен салыштырат. «Ошон үчүн «Эрте келген турналар» бул – «эрте жетилген балалык», бул – «божуну эрте колго алган балдардын тагдыры». А кыргыз баласы үчүн бул ишеним – элдик таалим-тарбия салттары боюнча толук жетилгендиктин белгиси. Эл алгезде баланын жигит болгонун, ишке

жараганын аттестат, же диплом алганынан билген эмес, атүгүл анатомиялык-физиономиялык факторлорду да, айталык, анын бетинин, денесинин түзүлүшүнүн өзгөргөнүн да анча таназар алган эмес, ал атасынын атына, атасынын мылтыгына, атасынын карышкыр кармар капканына, кыздын апасынын оймогуна ээ болгонун карап туруп, ишеним берилгенин туюнушкан» [120, 204-б.].

Мындай ийгиликке балдар кантип жетишти? Повестте ал Чекиш чалдын сөзү аркылуу айтылат, ал киши – элдик тарбиячы, аттардын камсоо болуп калганын, андан чыгуу үчүн күндө тер агызып, денин чыйралтып туруу зарылдыгын айтат, андан кылбаса, каруусу жок аттар кошко салганда кара терин төгүп, кош айдоого жарабай калат. Бул Чекиш атанын өз практикалык тажрыйбасын бөлүшүүсү, улуулардан кічүүлөргө өткөрүлүп келе жаткан саяпкердик санат сөзү.  Ал эми Ак-Сайга кош айдоого кетерде Тыналиев башкарма балдардан эмгекке канчалык бышканын, алдыда болуучу жумуштарга канчалык даяр экенин билүү үчүн сынак жүргүзөт, аларды «Ак-Сай десантчылары», «Беш чоро» деп атап, аттарды кантип токуганын текшерет да, балдардын биринен – Эргештен кемчилик табат. Көрсө, Эргеш торусунун басмайылын аттын бооруна толгото тарткан экен, бул болсо улуу кишинин айтуусу боюнча толгонгон бойдон аттын капталын өйкөп жара кылып таштайт, ал болсо аттын капталынын шишип кетишине алып келет, капталы шишиген ат болсо кошто соко тарта албай иштен чыгат. Беш аттан бир аттын ишке жарабай калышы колхоздун айдоосун кечеңдетет, айдоо кечиксе, түшүм да кеч алынып, майданга эгин кеч жиберилип, жеңиш да кечигет.

Мындай турмуштук материалдарды, эмгекке мамилени жазуучу Чыңгыз Айтматов чыгармаларына киргизүү үчүн базаны элдик тарбиядан алган. Ал тууралуу мындай эскерме жазган: «Балалыгымдын башталыш курагын чоң энем Айымкандын жаркын элеси менен энчилеш эстейм. Ал киши башкача бир инсандык касиеттерге ээ болуу менен айылдагы зоболосу зор, акыл-парасаты тунук, кудай өзү ыроологон тубаса билимдүү адам эле. Атам да

андан көп нерсени үйрөнүптүр жана дайыма ошондой энеси бар үчүн сыймыктанып турчу. Чоң энемдин башынан ак элечеги түшчү эмес. Биздин калк каадасына караганда мындай элечекти бир үйдүн нарктуу-салттуу байбичеси гана кие алат эмеспи. Элечек аны кийген чоң энеме ушундай сонун отуруп, чырай-турпатына жагымдуу жарашып калчу да, ал кишини андан бетер сүйкүмдүү, андан бетер сүрдүү көрсөтүп турар эле» [13,11-б.].

Ушундай тарбияда өскөнү үчүн ал «Кайрак жерде», «Сыпайычы», «Атадан калган туяк» деген аңгемелеринде, «Манас-Атанын ак кар, көзү музу» очеркинде, «Саманчынын жолу», «Гүлсарат», «Эрте келген турналар» повесттеринде, «Кыямат», «Кылым карытар бир күн» романдарында эмгек адамдарынын образын жаратып, эмгектин улуулугун көрсөткөн.

Дал ушундай улуу муундагы жазуучулардын көркөм мурастары аркылуу да байыркы учурдан бери салттуу түрдө сакталып келе жаткан улуттун эмгек тарбиясы, эмгекчил адамга мамилеси сыяктуу баалуулуктар бизге өтүп келди.

**Аксакалдар менен аңгемелешүү.** Азыр арабызда жүргөн 60 жаштан жогорку бир топ кишилер кыргыз элинин салттуу үй-бүлөсүнүн эмгекке тарбиялоо боюнча тажрыйбаларын көрүп чоңойгондор же өз ата-энелеринен уккандар.

Биз талаа экспедициаларында ондогон аксакал аталар жана байбичелер менен аңгемелешип, алардын үй-бүлөлүк тарбиясындагы эмгектин кандай ролдо болгонун жазып алдык. Ошолордун кээ бирлерин сунуш кылабыз.

*Акчолпон Абдырахманова (Ноокат району):* Биз бала убакта алты жашыбыздан уй саайт элек. Малды бадага эрте кошуу үчүн апаларыбыз төрт-беш уй саайт. Биз – эки бир tuуган кыздарга бир-бирден уй бөлүп берген. Уй сааштын алдынан бир топ эрежелерди үйрөткөн: колду таза жууш; уйдун эмчегин жумшак кармаш үчүн аны майлап туруш; сүт жакшы чыгыш үчүн музоосун салып, ийдирип, анан учуру келери менен дароо тартып алуу; сүткө кыл жугузбай, чөп-чар түшүрбөй ысык бойдон үйгө алып келүү; сүттү башыруу; сүт бышырган кезде ал ташып кетпеши үчүн жанында сапырып карап туруу; сүттү туура суутуу; сүттү тартып, каймагын толук алуу; алынган

каймакты чалып, май кылуу; каймагы алынган сүттү таза жерге куюу, эгер жайлоодо болсок суурдун ийинене куят элек.

Азыркы кыздар мындай кылышпайт, аларга баары даяр.

*Өмүрзак Ташматов (Ноокат району):* Бала чагыбыз согуштан кийинки жокчулук убакка туш келди. Элде эгин аз. Анан колхоз эгин оруп кеткенден кийин адырдан барып машак терет элек. Машак терүү оңбогондой кыйын иш – орокчулардын оруп аткан кезинде түшүп калган эгиндеринин баштары, же ошол баштардан ажырап түшкөн буудай дандары. Кечке иштесең, эгер сенден башка алдыңа бирөө түшпөгөн болсо бир-эки кило терип үйүңө алып барсаң, бадырак кылып кууруп берет, ошону жеп кыйла тоюп калгандай болосуң.

Машак терип биз өзүбүздүн гана эмес, ата-энелерибиздин да курсагын тойгозор элек.

*Меңди Мамазаирова (Бишкек шаары, жазуучу):* Мен төрт уулдун арасында өстүм. Чынында аябай чакчаңдаган, эркек мүнөз, каалаганын жасаган, хандан-бектен кайра тартпаган мүнөзүм бар эле. Атам менен апам мени эркин өстүрдү. Ошондуктан азыр өз чыгармаларымда да ойлорумду эркин айтып жүрөм деп ойлойм. Бирок ошол эле учурда кыз бала кандай болору тууралуу чоң тарбия алдым. Меңди деген, биринчиден, таенесинин тарбиясын алды. Жүн тытты, сайма сайды, жип ийриди, тери кармады, өрмөк сокту. Апам чоң бычмачы эле. Мен 6-7-класстан баштап өмүр бою азыр элге таанылып калган бычмачы кызым Айгерим окуусун бүткөнчө өзүмө, балдарыма кийимди өзүм тигип келдим. Таенем менен апам, биринчиден, ургаачынын наны жакшы болуш керек деп мени кенедейимен камыр ийлетип нан жасаганга үйрөттү. Аялга тиешелүү бардык жумуш колумдан келет десем жаңылбайм.

Мына ушундай көптөгөн улуу муундагы адамдардын ойлорун, эскерүүлөрүн жыйнап, ата-энелер элдик педагогиканын салттары аркылуу эмгекке кантип тарбиялап келгенин аңдаштырдым.

**Студенттерге эссе жаздыруу.** Мен 2-3 курста окуп жүргөн кезим эле, бир күнү үйгө кошуна апа келип мени үйүнө барып боорсокко камыр жууруп

берүүмдү өтүндү. Менин оюмда эч нерсе жок апанын камырын жууруп, үйүн бир сыйра жыйнап бердим. Алкышын айтып батасын берип атты *( Наргиза Алиева, Б.Сыдыков атындагы КӨЭУ).*

Эзелтен акты төкпөйт. Биздин туугандарыбыздын уул-келини жайлоого чыгып, бээ саап, мал кармашчу. Жеңебиз кээде жалкоосу кармаганда уйларды саабай, сүттүн чайкандысын ар жерге төгүп салчу экен. Көп өтпөй ал келин өпкөсүнөн кургак учук болуп ооруп, бээнин, уйдун сүтүнө зар болуп араңдан айыкты. Ушул мисалдан улам апам мага ак нерсени төкпөө, тамакты кесир колдонбоо, жалкоолонбоо керектигин көп айтат *(Нооманжан к Умутай, Б.Сыдыков атындагы КӨЭУ)* ж.б.

Азыркы студенттер көбүнчө ата-эне, чоң ата-чоң энелеринен уккандарын, көргөндөрүн айтат, бул болсо үй-бүлөдөгү элдик тарбиялык салттар муундардан муундарга өтүп келе жаткандыктын мисалы болуп эсептелет.

Жогорудагыдай жана дагы башка көптөгөн материалдар биздин диссертациялык изилдөөбүзгө булак болуп берди.

## 2.2. Илимий изилдөөнүн методдору

Биздин илимий изилдөө педагогиканын эки багытында жүрдү. Биринчиси – этнопедагогика. Экинчиси – педагогиканын теориясы жана дидактика. Энтопедагогика – бул элдик педагогиканы изилдөөчү илим жана окутуучу билимдердин жыйындысы. «Элдик педагогика – бул эл тарабынан иштелип чыккан жана элдик оозеки чыгармачылыкта, салт-санаада, үрп-адаттарда, ырым-жырымдарда, оюн-шооктордо, этнографиялык, тарыхый жана археологиялык материалдарда сакталып келген педагогикалык идеялардын жана тарыхый тарбиялык тажрыйбалардын чогуусу. Демек, элдик педагогика – бул улуттун сабаттуулугунун жана маданияттуулугунун башаты, анын уюткусу. ...Элдик педагогиканын жоболору элдин өзүнүн турмуштук зарылчылыгынан келип чыгып, илимий педагогика пайда болгонго чейин эле ошол элдин башын кошуп, өнүктүрүп, өстүрүп, тарбиялап окутуп, ошол калктын өзүнүн жүзүн, өзүнүн наркын башка элдердин катарында

калыптанышын камсыз кылып келген. Кыргыз элдик педагогикасынын нукура үлгүлөрүн, нукура жоболорун, кыргыздын улуттук педагогикалык (тарбия-таалим) берүүчү эрежелерин «Манас» эпосунан көрүүгө болот», - деп жазган И.Б.Бекбоев [52-б.].

Демек, биз ишти жазууда элдик педагогиканы изилдедик. Элдик педагогика элдик салттар, үрп-адаттар, элдик майрамдар, фольклордук чыгармалар, улуттук оюндар аркылуу балдарга таалим-тарбия берүү. Ал бири-бири менен байланышкан эки катмардан турат: биринчиси – элдик тарбия салттары; экинчиси – элдик билимдер жана тажырыйбалар. Биз булардын ичинен ата-энелер элдик педагогикалык салттар менен өз балдарын эмгекке кантип тарбиялагандыгын, эмгекти сүйгөн инсанды өстүрүүнүн жол-жоболорун кандайча колдонгонун көрсөттүк. Экинчи жагы – биздин изилдөөнүн педагогикалык теориясына жана дидактикага байланыштуу жагы – ошол элдик салттардын ичинен балдарды эмгекке тарбиялоо салттарын азыркы мектеп практикасында пайдалануунун методдорун, ыкмаларын, жолдорун, каражаттарын көрсөтүп, алардын оптималдууларын тажрыйбада сынап көрүү болду.

Ушул жагдайлардан карап көргөндө **изилдөөнүн объекти** салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекке, эмгекчилдикке тарбиялоодогу ата-эненин ролун көрсөтүү жана аларды азыркы мектеп практикасында пайдалануу процесси болду.

**Изилдөөнүн предмети** болсо салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекти сүйүүгө, эмгекчил болууга тарбиялоодогу ата-эненин ролу жана аларды азыркы мектеп практикасында пайдалануунун мазмунун көрсөтүү болуп эсептелди.

Изилдөөнүн объектине жана предметине карата изилдөөнүн методдору тандалды.

Илимий изилдөөбүздүн **методдору** бул жалпы илимдеги метод түшүнүгүнүн маани-маңызы, мазмуну менен байланышат. Ар бир эле илимде объект, предмет, максат жана ошого жараша милдеттер болот. Мына ушуларга

илимий иликтөөнүн методдору аркылуу жетебиз. Методсуз илимий ачылыш гана түгүл, илимий изилдөө да болбойт. Демек, метод максатка жетүүнүн жолу, ыкмалары, объективдүү реалдуулукту камсыздоонун каражаты. Иштин натыйжасына ар ким ар кандай жолдор менен жетет, демек, метод көп жактуу, көп түрдүү, ошолордун бири ылайыктуу болот, бири күтүлгөн жыйынтыкка жетүүгө туура жол көрсөтпөйт. Методдун тууралыгы илимий иштин түрүнө, мазмунуна жараша тандалат. Методсуз акыйкат аңдалбайт, метод – туура таянылган окуулардан – методологиядан келип чыгат. Методология – ошол изилденүүчү объект багытында илим тарабынан мурда аныкталган теориялар жана алардын практикада текшерилген майнаптуу жыйынтыгы.

Этнопедагогика бул же тигил элдин тарбиялоо багытындагы салттуу мыйзам ченемдүүлүктөрдү, өзгөчөлүктөрдү жана мүмкүнчүлүктөрдү изилдейт, бул жагынан ал жалпы педагогиканын методдоруна таянат, ошол эле кезде элдик үрп-адат, салттар үйрөнүлгөндүктөн, этнографиялык, этнолингвистикалык, фольклортаануучулук, этнопсихологиялык, социологиялык методдор да кеңири колдонулат. Ошондуктан анда төмөнкүдөй методдор көп пайдаланылат:

1. Жалпы логиканын методдору (анализ, синтез, жалпылоо, салыштыруу, моделдөө, долборлоо ж.б.).

2. Жалпы илимий методдор (илимий булактарды анализ жана контент-анализ; социалдык-педагогикалык изилдөөлөрдү синтездөө жана теориялык жактан анализдөө; байкоо; тажрыйбаларды үйрөнүү, жыйынтыктоо жана жалпылоо; педагогикалык эксперимент ж.б.).

3. Тарыхый методдор (салыштырма-тарыхый анализ, мисалы, балдарды ата-энелеринин эмгекке тарбиялоосу түрк элдеринде кандай болгон, боордош элдерде кандай ж.б. проблемалар)

4. Генетикалык метод, мисалы, балдардын ата-энелери, жети атасы ж.б.

5. Структуралык методдор (кандайдыр бир элементтердин жалпы түзүм менен байланышы).

6. Социологиялык методдор (анкета жүргүзүү жана интервью алуу) ж.б.

Булардын ичинен биздин эмгекте төмөнкүдөй спецификалык методдор колдонулду:

1. Кыргыз этнопедагогикасындагы, социологиясындагы, этнографиясындагы идеяларды жалпы педагогика илиминдеги ойлор менен байланыштыруу, типологиялык салыштыруу жүргүзүү.

2. Бизге жакын болгон казак элинин балдарды эмгекке тарбиялоо салттары менен кыргыз элинин салттарын салыштырма-типологиялык анализдөө.

3. Салттуу педагогикалык маданиятты алып жүрүүчү аксакалдар жана байбичелер менен же аларды тарбиясында өскөн балдары менен аңгемелешүү.

4. «Талаа материалдарын» издөө, б.а., айылдарга чыгып, биздин тема боюнча жакшы билген адамдарды табуу, алардын айткандарын видео, аудио форматында сактоо.

5. Этнографиялык эмгектерди, тарыхый жазма булактарды этнопедагогикалык аспектиден анализдөө.

6. Элдик эпикалык мурастарды, фольклордук чыгармаларды талдап, алардын текстиндеги педагогикалык идеяларды бөлүп көрсөтүү.

Ошентип, жыйынтыктап айтканда, биз бул диссертациялык изилдөөдө педагогика илиминде мурда колдонуп, сыноодон ийгиликтүү өтүп келген төмөндөгүдөй методдорду пайдаландык.

I. Теориялык методдор:

- изилденип жаткан тема боюнча философиялык, этнографиялык, этнопедагогикалык, педагогикалык, психологиялык эмгектерге теориялык анализ жүргүзүү;
- проблемага тиешелүү багытта мугалимдердин иш тажрыйбаларын үйрөнүү жана жалпылоо.

II. Эмпирикалык:

- тема боюнча мектептеги окуу-нормативдик материалдарга анализ;
- тарбиялык сабактарды жана айрым предметтерде өтүлгөн сабактарды талдоо;

- тесттерди жүргүзүү;
- ата-энелер, мугалимдер жана окуучулар менен аңгемелешүү;
- мектептердеги класстан тышкаркы иштерге катышуу;
- айылдагы (шаардагы) элдик майрамдар, биргелешип жумуш иштөө (ашар) ж.б. иш чараларына катышуу;
- окуучулардын оозеки жоопторун жана жазуу жумуштарын талдоо ж.б.

III. Эксперименталдык методдор:

тема боюнча мектептерде тажрыйбалык жана байкоо класстарын, эксперментатор мугалимдерди тандап алып педагогикалык тажрыйбаларды жүргүзүү, анын уюштурулушун көзөмөлдөө, алардын жыйынтыктарын математикалык-статистикалык методдор менен анализдөө ж.б.

### 2.2.1. Изилдөөнүн теориялык методдору

Диссертациялык изилдөө ишинде алдыга коюлган максаттарга, милдеттерге, жалпы эле теманы ачып берүүнүн принциптерине ылайык теориялык методдор тандалат.

Изилдөөнүн ***методологиялык негиздерин үйрөнүү (илимий булактарды изилдөө методу).*** Бул биздин этнопедагогикалык багыттагы эмгекте теманы философиялык, этнографиялык, социологиялык эмгектерди таяныч кылып үйрөндүк. Ф.Энгельс, К.Маркс, Ф.Гегель, Х.Арендт, Ж.Бодрийяр, М.Вебер, С.Вейль, Г.Зиммеля, М.Мерло-Понти, Ж.-П.Сартр, П.Рикер, А.Хоннет, Ю.Хабермас, бир туугандар Ф. жана Э.Юнгер, М.Фуко ж.б. философтордун китептериндеги эмгектин адам коомундагы ролу тууралуу ойлору, А.Ю.Ашкеровдун, Ю.Н.Давыдовдун, Т.Ю.Сидоринанын цивилизация жана эмгек, эмгек адамынын бейнеси тууралуу философиялык окуулары, С.Ф.Анисимовдун, Ю.П.Азаровдун, Р.Ачылованын, А.Какеевдин, К.Исаевдин, О.Тогусаковдун, А.Бекбоевдун, Ж.Бөкөшовдун демографиялык социологиялык процесстеги эмгек философиясы, педагогикалык классиктери

(Я.А.Коменский, И.К.Песталоцци, К.Д.Ушинский, А.С.Макаренко, В.А.Сухомлинский ж.б.) жаш муундарды тарбиялоодо эмгектин ролун көрсөткөн илимий ачылыштары биздин диссертацияга методологиялык негиз болгондугун алардын эмгектерин үйрөнүү методунун негизинде аныкталды. Бул багытта мектеп окуучуларын эмгекке тарбиялоо боюнча педагог окумуштуулардын, элдик педагогикалык салттардагы эмгек тарбиясынан орду, аткарылышы, табигый тарбиячылар тууралуу этнопедагогикалык эмгектер үйрөнүлдү.

***Аңгемелешүү методу.*** Бул методду эки учурда колдондук: биринчи учур – кыргыздардын салттуу үй-бүлөсүндө балдарды эмгекке кантип тарбиялаганын билүү үчүн улуу муундун өкүлдөрүнүн аңгемелерин уктук; экинчи учурда азыркы мектеп окуучулары салттуу кыргыз үй-бүлөсүндөгү эмгекке тарбиялоодо ата-энелердин ролу кандай болгонун билүү максатында алар менен аңгемелешүүлөрдү өткөрдүк.

Аңгемелешүүлөр учурунда биздин тема боюнча мындай маалыматтарды алдык: «Атам ыраматылык Жаңы-Жолдун имамы болуу менен бирге өмүр бою адегенде колхоздун, кийин совхоздун малын баккан. Кантсе да, илим-билимге ээ инсан да. Атамдын айткандарын азыр эстесем, өз заманынын алдыңкы, өзүнчө ой жүгүртө билген адамдарынан экен. Бизге, балдар-кыздарына, окугула, бир кесипке ээ болгула, болбосо, мага окшоп көк өгүз болуп каласыңар, мына мен жылкы багам, ферма келип чөп чап десе, чөп чабам, сакманга бар десе, барам, пахта тер десе, терем. Адамдын өгүзүмүн. Эгер силер окуп, кесипке ээ болуп алсаңар, ишиңерге барасыңар, эч ким силерге кожоюндук кыла албайт, - дээр эле.

Мени таң калдырганы: «Балам, бак тиккиле, бактын тилеги жакшы болот. Мен беш баламдан ажырап, байбичем экөөбүз куу баш аталып калганда, ушул жерге үй салып, бак тигип жатсам, өзүмдүн эле тууганым: «Бул бактын мөмөсүн жебейсиң го, жөн эле жаныңды кыйнабай, тапканыңды жеп, турмушуңду өткөрбөйсүңбү»,- деген. Мына бул бактын мөмөсүн балдарым силер гана эмес, неберелерим да жешүүдө, кудаа кааласа, чебере-

кыбыраларым да жешет. «Бак» деген сөз «Башыңан бак, алдыңан так кетпесин» дегендеги «бак» менен мааниси да үндөшүп жатпайбы. «Бактылуу» деген сөз да бак менен башталып жатат. Булар жөнөкөй эле окшошуу эмес, бир касиет-сыры дегенине көөдөк кезимде анча маани деле берген эмесмин. Мына бүгүн ...мишке киргенимде атамдын ошол насаат сөзүн эстеп, анын чындыгына ынанып, чырпык сайып чынар болуусун тилек кылуудамын. Булардын мөмөсүн жейминби, жебеймби, бул – Жараткандын эркиндеги иш. Бирок атам айткандай, менин урпактарым жээрине ишенимим камил. Ата, сиздин осуятыңызды кеч болсо да аткарууга аракет кылып жатамын!» *(Сатканбай Момуналиев, педагогика илимдеринин доктору, профессор)*

Бул жердеги ата менен баланын мамилеси бак кылуу – багбанчылык менен байланышкан. Бак өстүрүү, ар бир көчөттү эгип, сугаруу, астын жумшартуу, аны түшүм алганга чейин, андан кийин да бапестөө оңбогондой түйшүктүү. Атасы баласына ошондой түйшүктүү ишти сунуш кылып атат, атадан балага өткөн насаат боюнча Момуналы атанын айтканын уулу Сатканбай да аткарып Аксы районундагы айылына үй салып, бак өстүрдү, бак бул – көп муундарга азык боло турган байлык.

«Эс тартканы эле сиздин ээрдин үстүндө өңөрүлүп чоңойдум. Бир аз телчиккенде артыңызга учкаштырдыңыз, анан өзүмө тай энчилеп, атайын усталардан ээр алдырып, токулга даярдап, кунан мингиздиңиз.

А дегенде ат токуганды, анан малга көз салганды, анан отун алганды, үй тиккенди, мал сойгонду, көч башкарганды, ууга чыкканды, мылтык атып, капкан салганды, деги сиз эмнени билсеңиз ошонун баарын үйрөткөнгө аракет кылдыңыз.

Экөөбүз далай ирет алыска аттандык. Ат жалында акыл-гөйүңүздү айтып, узун жолдо башыңыздан өткөн турмуш сабактарынан окуп, сырыңызды чечип, дүйнө таанымымды кеңейтип, тагдырдын тайгак жол, терең кечүү, бийик белдерине даярдадыңыз...

Таң калганым, сиздин жөнөкөй, нукура элдик атадан балага берүүчү тарбияңыз, улуттук педагогиканын нагыз үлгүсү болгон экен. Балалык менен

далай ишти чала жасап, бейбаштык кылып, кеп укпай тетирленген күндөрүм көп эле болгон болсо керек, бир да жолу таяк көтөрө тап берип, жонумду ысыта камчы үйүргөн эмессиз. Катууну дайым жумшак сындыраарын айтып, өңүмдү кызарта сөз менен тарбиялап койчусуз...

«Баардык нерсе Кудайдын гана буюрганындай болот, артыкбаш нерсеге жулунгандан пайда жок. Бирөөгө чоңсунуу, кимдир бирөөлөрдүн ырыскысына көз артуу, көралбастык кылып бут тосуу, керсейип, илик албоо–барыптурган жаман адат» дечүсүз.

Далай ирет ууга чыгып тосоттордо суусун ичтик, далай ирээт отун алып өтөктөрдө кымыз ичтик, ышкын тердик, карагат тердик, аш кактык, мал издеп ашуу артып, капкан коюп суусар издедик. Далай жолу жорго минип, жасанып аш-тойго бардык. Кымыз уулап ичип, шернелерде шерик болдук.

Сиздин кебиңизди кыттай уютуп, көкүрөгүмө сактадым, сиздин чийип берген алтын эрежелерди колуман келишинче аткаргандын аракетиндемин.

Сиздин баскан из боюнча түбөлүк чыгарма жаратам, буюрса!» *(Тынчтык Алтымышов, журналист)*

Тынчтыкбек мырзанын атадан үйрөнгөн жумуштары: ат токуу, малга көз салуу, отун алуу, үй тигүү, мал союу, көч башкаруу, ууга чыгуу, мылтык атуу, капкан салуу, тосоттордо жатуу, ышкын терүү, карагат терүү, аш кагуу, мал издөө ж.б. Ата бул жерде өзү билген өнөрлөрдүн баарын баласына үйрөтүп коюу милдетим деп эсептеген жана ошондой тарбияда чоңойгон бала белгилүү журналист болуп чыккан.

«Чоң атам Сулайман айылда мугалим болуп, почтальон болуп иштеген, кадыр-барктуу киши эле. Кичине болгонубузга карабай ар жакка жумшап ишке бышырат, тентектик кылсам да ачуусун ичине жутуп тим болот. Анан такыр эсимден чыкпай калганы – кучактап алып бышактап ыйлаганы. Абдан белими кысып өзүнө тартып өксүп алчу. Мындай дегеним – ошол жылдарда атам Турдубай Өзгөн районунан ревизиядан келе жатып, белгисиз жагдайда автокырсыкка кабылып, каза болуп, апам да жаш, биз болсо жөжөлөрдөй чурулдап атасыз калган кез эле.

Ошондо чоң атам белди бекем бууп, бизди тарбиялоо милдетин алган экен эми ойлосом.

Ал киши тууралуу бир окуя такыр эсимден кетпей калыптыр жана азыркы балдарга тарбия болсун деп ошол окуяны кыскача баяндап берейин деп чечтим.

1983-жылы, мен анда он бир жашта элем, чамасы, төртүнчү классты бүтүп, каникулда элек. Элдин көбү колхоздун ишинен бошобойт, субай малдарды тоого чыгарып, ар кимге көз салып койгула деп кудайга аманат тапшырып келе берет, же бирөөлөргө кошуп ийет. Биздики кандай болгонун азыр эстей албайм, иши кылып эки жашар букабыз жоголуп атканын чоң атама айтышат. Ал киши жетимиштин бештерине барып калган, тоого чыга албайт, ар кимге карай келгиле дегенден майнап чыкпайт: бири таанybайт, бирөө көргөндөй болдум дейт. Анан калса бул жашта эркек мал эки айда жайлоодо кыйла өзгөрүп кетет эмеспи. Айтор, ылаажы жок. Ичинен миң толгонсо керек, айла куруганбы, «Сен барып издеп кел» деди бир күнү мага. Апам кандай болду билбейм, а мен шерденип алдым, себеби чоң атам «ошол малды сатып сага велосипед алып берем» деп ийди. Таң ата электе, жер али жарый электе жөнөдүм. Жалгыз жөнөдүм. Апам жарты нанын белиме түйүп берди. Жип алып алдым. Тообуз абдан бийик, ал жакка машина да каттабайт, а түгүл машина жол да жок. Анда элде ат да жок, колхоз аттын баарын жок кылган. Түштө араң жетесиң, ар бир карагандын арасын карап чыгасың, уйлар каталактап көлөкөлөп кирип кетет. Биринчи күнү таппай кайттым. Экинчи жолу да таппадым. Эгер үчүнчү жолу таппасам – анда түңүлсөк болот, же Шаңколдун төрүнө, же Кошчан жакка кетип калган болот, анан калса, ошол жылдары биздин жайлоолорго Араван районунун малчылары чыкчу, алардын малына кошулса, булар жакында жакага айдап түшсө, Араванга кетип калмак.

Кудай жалгап, үчүнчү күнү таптым, Сары-Таштан да ары Чалка деген ашуу бар. Ойноок мал ошол жакка кетип калыптыр. Тапкан менен же карматпайт, же мени тааныбайт. Көпкө убараланып атып эптеп байладым, жетелесем – баспайт, артынан айдасам – кайра артка качат. Не бир азаптарды

көрүп, жатаар ооп калганда ээрчишип үйгө келдик. Апам да, чоң атам да эси чыгып турган экен, баягындай сыга кучактап көз жашы кылып, көкүлүмдөн жыттап койду» *(Алтынбек Сулайманов, Жогорку кеңештин депутаты).*

Көрүнүп тургандай, Алтынбек мырза атасынан жашында калып, чоң атасы Сулаймандын колунда тарбияланган. Чоң атасы канчалык аяса да, боору ооруса да, небересин тоодон мал издегенге жиберет, анын ошондон тарбиялаганын максаты – бала турмушка каныксын, кийин чоркок, үй күчүк, борпоң болуп калбасын дегени.

Аңгемелешүү методу менен мына ушул сыяктуу көптөгөн инсандардын башынан өткөн, эмгек тарбиясына байланыштуу окуялардын, кырдаалдардын күбөсү болдук.

***Окуучулардын жазуу жумуштарын анализдөө.*** Бул багытта жүздөн ашык окуучуга ата-энелери эмгекке тарбиялоо багытында кандай иш жүргүзүп жатканын билүү максатында макала жаздырдык. «Мени атам (энем) эмгектенүүгө үйрөттү», «Аталардын эмгектенүүгө тарбияланышы», «Кыргыз адабиятындагы эмгек адамынан образы» дегендей темаларда макалалар жазылып, алар жалпы класстарда талкууга алынды.

***Анкеттөө методу.*** Бул метод ар кандай эле изилдөөлөрдө кеңири колдонулуучу метод болуп, пайдаланууга жана жыйынтык чыгарууга ыңгайлуулугу менен айырмалат. Изилдөөнүн жүрүшүндө окуучуларга төмөнкүдөй суроолор жазылган анкеталар таратылды.

1. Кандай жумуштарды аткарууну атаңдан (кыздар үчүн – апаңдан) үйрөнгөнсүң?

2. Сени кайсыл кесип кызыктырат, эмне үчүн?

3. Ата-энеңдин кандай жумуштарды аткаруусуна кантип жардам бересиң?

4. Бирөөлөрдүкүнө иштешүү үчүн жардамга баргансыңбы, барсаңар эмне иштерди бирге бүтүрдүңөр?

5. Үй-бүлөңөрдө атадан балага өтүп келе жаткан өнөрлөр барбы, болсо, кайсылар?

6. Үй жумуштарын бир туугандар менен биргелешип иштейсиңерби, иштесеңер кайсыл жумуштарды? ж.б. көптөгөн анкеталар таратылып, аларга жооптор алынып, ошолор анализденди жана синтезделди.

Анкеттөө методун окуучуларга гана эмес мугалимдерге, ата-энелерге да колдонуп, темага байланыштуу жалпы абалды аныктап алдык.

**Байкоо методу –** бул өтө жөнөкөй, тынымсыз аткарыла берүүчү метод. Мында байкала турган объект – салттуу кыргыз үй-бүлөлөрү, алардын балдарынын эмгекке мамилеси, экинчиси – азыркы окуучуларды эмгекке үйрөтүүдөгү ата-энелердин ролу. Бул методдун эффективдүүлүгүн байкоо үчүн байкала турган нерселерди (объект) бөлүп алдык, байкоонун максатын, милдеттерин белгилеп, схемасын иштеп чыктык. Байкоо бизге керектүү маалыматтын толук көрсөтө албаганы менен бир топ маселелерди аныктап алууга жардам берет.

**Тажрыйбаларды талдоо жана жыйынтыктоо, аларды иште колдонуу методу** бул педагогикалык багыттагы эмгектер үчүн өзгөчө керек метод. Диссертациялык изилдөөдө элдик педагогикалык салттар боюнча азыркы мектепте окуучуларды эмгекке тарбиялоо боюнча Лейлек районундагы №3 гимназия мектебинен мугалими Г.Мадеминовдун, Талас районундагы К.Нанаев атындагы «Арал» орто мектебинен мугалими Б.Исаковдун ж.б. мугалимдердин, М.Б.Абдыкадырова, Т.Каранова, Г.А.Жумабаева, Б.Алымбаева жана Э.Сабырова ж.б. педагог окумуштуулардын, методисттердин тажрыйбалары үйрөнүлдү жана диссертацияга жыйынтыкталып киргизилди.

**Моделдештирүү методунун** негизинде бизсалттуу кыргыз үй-бүлөсүндө эмгекке тарбиялоодо ата-энелердин ролу азыркы мектеп практикасында кандайча чагылдырылганын кичирейтилген үлгүсүн (моделин) жана компоненттерин көрсөттүк.

***2.1 – таблица. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүнүн үлгүсүндө азыркы мектепте окуучуларды эмгекке тарбиялоонун компоненттери***

| | |
|---|---|
| **Максат** | Кыргыз үй-бүлөлөрүндө балдарды эмгекке тарбиялоо боюнча салттарынын негизинде азыркы окуучулардын эмгекке болгон сүйүүсүн калыптандыруу. |
| **Милдет** | 1. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө ата-энелердин балдарды эмгекке тарбиялоо өзгөчөлүктөрүн аныктоо<br>2. Азыркы окуучуларды кыргыз үй-бүлөлөрүн салттарынын негизинде эмгекке тарбиялоонун технологияларын иштеп чыгуу<br>3. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө ата-энелердин балдарды эмгекке тарбиялоо боюнча тажрыйбаларын азыркы педагогикалык процессте пайдалануу мүмкүнчүлүктөрүн практикага сунуштоо |
| **каражат** | Элдик педагогикалык каражаттар: макал-ылакаптар, санат-насыят ырлары, ашарлар, тарбиячылардын тажрыйбалары ж.б. |
| **формалар** | Сабактар, сабактан жана мектептен тышкаркы тарбиялык иштер |
| **методдор** | Баарлашуу, сабактар, бирге иштөө, талкуу, тренинг, анкеттөө ж.б. |
| **натыйжа** | 1. Окуучулардын элдик педагогикалык салттар жана алардагы эмгекке тарбиялоо тууралуу түшүнүктөрүнүн калыптанышы.<br>2. Окуучулардын эмгекке болгон мамилесинин жогорулашы. |

| | |
|---|---|
| | 3. Эмгекчил болууга үйрөтүү.<br>4. Башкалардан да эмгекчил болууга аракеттенүүсү. |
| **жыйынтыгын текшерүүнүн чен-өлчөмү** | 1. Эмгекчилдик менен жалкоолуктун өзгөчөлүктөрүн айырмалай алуулары<br>2. «Салттуу кыргыз үй-бүлөсү», «ата-эне», «эмгек», «эмгекке тарбиялоо» түшүнүктөрүн аныктоо<br>3. Адамдарды эмгекке кылган мамилеге карай баалоо<br>4. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө эмгек тарбиясына байланыштуу ата-энелердин насааттарын таба алуу, аларды ылгай билүү<br>5. Элдик педагогикадагы эмгек тарбиясына байланыштуу айтылган ойлордун маанисин чечмелөө<br>6. Эмгекчил болууга жана эмгекке үндөгөн инсандык сапаттарга ээ болууга жетишүү. |

Жогорудагы компененттердин негизинде салттуу кыргыз үй-бүлөсүнүн үлгүсүндө азыркы мектепте окуучуларды эмгекке тарбиялоонун модели түзүлдү.




***2.2 – сүрөт. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүнүн үлгүсүндө азыркы мектепте окуучуларды эмгекке тарбиялоонун модели***

Жогорудагы методдордон тышкары да ишти жазууда анализ жана синтез, жалпылоо жана системалаштыруу, типологиялык байланыш түзүү, интеграциялоо, индукция жана дедукция ж.б. теориялык методдор колдонулду.

Теориялык методдор менен бирге эле эксперименталдык методу колдодук.

### 2.2.2. Изилдөөнүн эксперменталдык методдору

Эксперименталдык метод же педагогикалык тажрыйба илимий иштин теориялык божомолун аныктоонун негизги көрсөткүчү болуп эсептелет (*Бул методдорун уюштурулушу, максаты, милдеттери жана жыйынтык натыйжалары 3-главада кеңири чагылдырылды).*

## 2.3. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекке тарбиялоодо ата-энелердин тажрыйбаларын азыркы учурда мектеп практикасында пайдалануунун педагогикалык шарттары жана мүмкүнчүлүктөрү

Азыркы учурда кыргыз жаштарынын эмгекке кылган мамилеси, эмгекчилдик сапаттары салттуу кыргыз үй-бүлөсүнө караганда бир топ өзгөрдү. Ал өзгөрүүлөр төмөнкүлөр менен байланышат. Аны төмөнкү таблицада көрсөтүп бердик *(2.2- Таблица).*

***2.2 – таблица. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө жана азыркы үй-бүлөлөрдө балдарды эмгекке тарбиялоонун өзгөчөлүктөрү***

| **Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө эмгекке тарбиялоонун максаты** | **Азыркы кыргыз үй-бүлөсүндө эмгекке тарбиялоонун максаты** |
|---|---|
| •эмгек негизинен жан багуунун, эптеп эл катары күн көрүп жашоонунун булагы;<br>•эмгектенүү – тамак-аш, кийим табуу;<br>•эмгектин негизги куралдары – аңчылык үчүн капкан, мылтык, кол ж.б. каражаттары | •эмгек баюунун, башкалардан жогору жашоого жетишүүсүн булагы;<br>•эмгектенүү – акча табуу, үй салуу, машина алуу;<br>•эмгектин негизги куралдары – трактор, комбайн, станоктор, компьютер ж.б. каражаттары |

| | |
|---|---|
| •эмгектин натыйжасы – өлбөй жашоо<br>•эмгек кылуунун принциби – жаматташуу, биргеликте иштөө | •эмгектин натыйжасы – баюу<br>•эмгек кылуунун принциби – жекеликте иштөө |

Мына ошондуктан азыркы жаштарды эмгекчил кылып тарбиялоодо ата-бабалардын салттарын да колдонуунун зарылдыгы келип чыгат.

Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндөгү ата-энелердин балдарын эмгекке тарбиялоо боюнча тажрыйбаларын бүгүнкү күндө колдонуп тарбиялоонун **максаты:**

1. Салттуу кыргыз үй-бүлөлөрүндө ата-энелер балдарын эмгекчил кылып тарбиялаган тажрыйбалары азыркы жаштарга педагогикалык-психологиялык жактан таасир бере турганын аныктоо.
2. Азыркы окуучуларды элдик педагогикалык салттар менен тааныштыруу аркылуу кыргыз элинин руханий-маданий дөөлөттөрүнүн эскирбей, улам жаңыланып жатканын көрсөтүү.
3. Окуучулардын өз улутун сүйө билген мекенчилдик, тарыхый эс тутумду сыйлай билген атуулдук сезимдерин жогорулатуу.
4. Учурдагы мектептин окутуу-тарбиялоо иштерин этнопедагогизациялоо.
5. Кыргыз элинин улуттук педагогикалык маданияты менен классикалык педагогиканын идеяларын салыштыруу ж.б.

Азыркы мектепте окуучулар үчүн окутуунун жана тарбиялоонун эң эффективдүү каражаты – сабак. Сабакта билим берүүчүлүк, өнүктүрүүчүлүк максаттар менен бирге тарбиялоочулук максаттар ишке ашырылат.

Педагогика илимдеринин кандидаты М.Абдыкадырова кыргыз адабияты сабагында Тоголок Молдонун «Иттин доолдай тиктирем деген» тамсилин интерактивдүү методдун ыкмасы болгон ролдук оюн жана имитация аркылуу түшүндүрөт [107]. Сабакта окуучулар текстти талдоо менен кенебестиктин, жалкоолуктун жана башка терс сапаттарды автор кандай мыскылдап

жатканын үйрөнүшөт. Аны үчүн методист окуучулар тобу менен ролдоштуруп ойногон чакан инсценировканы сунуштайт.

**Сабактын темасы**: Тоголок Молдо «Иттин доолдай тиктирем дегени»

**Сабактын максаты:**

1. Окуучуларга жалкоолук – терс сапат экендигин жана ал эмнеге алып келерин чыгарманы окуу аркылуу көрсөтүү.

2. Жалкоолукка келишпестик менен мамиле жасоо, жакшы сапаттарды арттыруу.

3. Мамилешип иштеп, нравалык көндүмдөргө ээ болушат

**Сабактын формасы**: Чыгармачылык сабак

**Сабактын методу:** Ролдук оюн

**Сабактын жабдылышы**: Ар бир топко бирден тапшырма жазылган №1-тиркеме, окуу китеби, түстүү сүрөттөр

**Сабактын жүрүшү:**

1. Текст окулат. Мугалим окуучулардын сөз байлыгын өстүрүү максатында тамсилдеги айрым сөздөрдү түшүндүрүү үчүн көнүгүү иштерин жүргүзүү керек. Төмөнкү сөздөрдү тактага жазып, алардын котормосун жана маанисин түшүндүрүрөт.

Кышкы чилде – кышкысын болуучу абдан суук кырк күн;

Доолдай – жүндөн соккон таар чепкен;

Жалчы – жалданып иштеген киши, малай;

Саратан – күн абдан ысып турган мезгил – жайдын толугу, жайдын чилдеси.

2. Тамсил окуучулар тарабынан окулат.

3. Окуучулар үч топко бөлүнөт. Ресурстарды алышат.

4. Карточкадагы *(таблица 2.3.)* тамсилдин маанисин ролдук оюн, имитация (тууроо, окшоштуруу) аркылуу чыгармачылык менен чагылдыруу тапшырмасы берилет.

4. Ар бир топ өз алдынча иштешет.

5. Ар бир топ жалпы класска презентациялашат.

Акындын окуяга жана каарманга жасаган мамилесин, анын кандай көз караште экендигин ачыш үчүн чыгармага байланыштуу окуучуларга төмөнкүдөй суроолор берилет.

1. Жалкоолукту акын чыгармасында кимдин образы аркылуу берет?

2. Кенебестик, жалкоолук жакшы сапатпы?

3. Силерде жалкоолук сапат барбы? Аны болтурбай коюуга мүмкүнбү?

4. Дүйнө элдеринин адабиятынан жалкоолук жөнүндө дагы кандай окшош чыгармаларды, образдарды Билесиңер?

***2.3– таблица. Тоголок Молдонун «Иттин доолдай тиктирем дегени» аттуу тамсили боюнча карточкалар***

| №1 | №2 |
|---|---|
| Кыш чилде курудум,<br>Үнүмдү баспай улудум.<br>Бул жүргөнүм кеп эмес,<br>Бул иш мага эп эмес.<br>Жадырап жайнап жаз болсо,<br>Байга жалчы жүрөйүн,<br>Байдын коюн кайтарып<br>Бир доолдай чепкен киейин. | Ал аңгыча кыш өттү,<br>Жадырап жайнап жаз өттү,<br>Ит унутту айтканын,<br>Кышында музда жатканын.<br>Тилин салып акактап,<br>Көлөкө жерди качырат,<br>Доолдай чыккан эсинен,<br>Көлөкөгө жашынат. |

| №3 |
|---|
| Түлкү итке кеп айтат,<br>Түшүнсүн деп бек айтат:<br>- Кышында айткан доолдай,<br>Бүттүбү, итим? – деп айтат.<br>Түлкүм, мага жүн гана<br>Чыга турган үн гана?<br>Ал чепкенди кылгын деп,<br>Айта турган тил гана? |

Окуучулардын эмоционалдуу кабыл алуусуна жана билимин системага салууда дидактиканын негизги принциптеринин бири көрсөтмөлүүлүк зор роль ойнойт. Сабакта Тоголок Молдонун «Иттин доолдай тиктирем дегени» тамсилин окутуп жатканда жалкоолукту чагылдырган сүрөттөрдү көрсөтүү өз натыйжасын берет.

Чепкен чыгып эсинен,

Керилип жатып алыптыр

Жалкоонун жайы ушундай,

Жайкалып уйку салыптыр, - жалкоолуктун эмне экендигин түшүндүрүп, окуучуларды жалкоолуктан алыс болууга үндөйт. Тамсил акырында кенебестикти, жалкоолукту жоюп, аны кайталабоого үндөп, тарбия берүү менен аяктайт.

Бул тамсилди окуп-үйрөнүүдөгү башкы нерсе – чыгарманын тамсил экендиги, б.а., адам турмушу жаныбарлардын образы менен аллегорияланып берилиши. Ит – жалкоо адамдын образы, арамза кишинин кайманаланышы. Окуучулар эки нерсеге өзгөчө көңүл бурушат: биринчиси – турмуштагы кадимки эле ит, ошол ит жашоосунда да жалкоо, жанбакты, эптеп оокатын өткөрүп жүргөн жаныбар. Ошон үчүн Тоголок Молдо анын ошол сапаттарын «адамдаштырып», адамдар коомуна, адамдай ой жүгүртүрүп, адамдай сүйлөтүрүп алып келди.

Мына ушул чыгарма узак жылдардан бери кыргыз мектептеринде гана эмес, окутуу орус, өзбек, тажик тилинде жүргүзүлгөн мектептерде да окулутуп келет жана балдарды эмгекчил болууга, айткан убадасын аткарууга үйрөтүп келет. Бул тамсил түпкүлүгү элдик жомок болуп, Тоголок Молдо ошол жомокту И.С.Крыловдун, А.Кунанбаевдин тамсилдеринин формасына салып, иштеп чыккан. Чыгарманынын элдик педагогикалык мааниси азыркы окуучуларга да нравалык-этикалык, эстетикалык тарбия берип, моралдык-психологиялык жактан инсандык сапаттарын калыптандырууга жардам берет.

Жалпы билим берүүчү орто мектептердин 7-класстарында Т.Сатылгановдун «Насыят» деген ыры окутулат. Бул ыр чыныгы

педагогикалык идеяларды өз тулкусуна сиңдирип турган алтын сандык сыяктуу чыгарма. Анын башкы лейтмотиви – балдарды жана жалпы эле адамдарды оң сапаттык өрнөктөргө тартуу, мына ошол сапаттардын башында эмгекчилдик турат. Акын адамдарга эмгектин бир канча түрү менен алектенүүнү сунуш кылат. Алар:

*Биринчи:*

Эч оокатың болбосо,
Эгин айдар жер керек.

*Экинчиси:*

Күнүмдүктү ойлобой,
Кулак байлап жер жибит.

*Үчүнчүсү:*

Эгин айдап, чөбүң чап,
Эмгегиңден пайда тап.

*Төртүнчүсү:*

Андан көрө эгин бак,
Алың барда жулунуп.

*Бешинчиси:*

Эсиң кетсе, эчки бак,
Эчки тууйт үч улак.
Айраныңды мол кылып,
Саан берет үч убак.
Эч болбосо экиден
Эгиз тууйт улагың,
Эшигиңден эрмен жейт,
Эстебей тоонун тулаңын.

*Алтынчысы:*

Эгин айдап, жакшы бак,

Жазында чыгат жалтылдай,

Кампадан ашып кап толот,

Баасы кызыл алтындай.

*Жетинчиси:*

Мергендиктин белгиси –

Бугу, марал, теке аткан.

Үңкүйүп үйдө жатканча

Ит агытып, сал капкан[160,14-54].

Мындагы акын айтып жаткан кесиптер жана өнөрлөр: дыйканчылык, анын ичинен эгин эгүү, сугатчылык; мал чарбачылыгы, анын ичинен эчки багуу; мергенчилик, анын ичинен тайган агытып, капкан салуу. Булардын ар биринин адамдарга пайдасын айтып берип, аларга насаат кылат. «Эр жигиттин белгиси – эпчил болот термелеп», «Түрүнүп иштеп, эр жигит, тишиң барда таш чайна», «Жашыңда кылгын мээнетти», «Жардылык, байлык кимде жок, «жардысың» деп демитпе», «жамандашып, эр жигит, бириңди-бириң кемитпе», «Эрдин көркү – эл менен, эмгегиң менен элге жак» ж.б. ыр саптары афоризмдерге, элдик макал-ылакаптарга айланып кеткен.

Бул сабакты окутууда мугалимдер азыркы окуучулар үчүн түшүнүксүз болгон «сүткор», «сүткорлук», «көтөрмө» деген сөздөрүн маанисин түшүндүрүү үчүн диспут уюштурат, айылдагы (же шаардагы) көтөрмөлөп (процент менен) акча, же эгин-тегин берген айрым сүткор адамдар тууралуу талаш-тартыш уюштурат. «Эринбөө», «бекерлик», «эпчил», «аксым», «жардылык» ж.б. сөздөрдүн синонимдери, антонимдери таптырылат.

Төмөндө Т.Сатылганов белгилеген адамдын оң жана тескери сапаттары таблицага алып көрсөтүлөт.

***2.4 – таблица. Т.Сатылганов белгилеген адамдын оң жана трс сапаттары***

| Оң (жакшы) сапаттар | Тескери (жаман) сапаттары |
|---|---|
| Эпчил болот термелеп<br>Кулак байлап жер жибитет<br>Жалбырттаган жалындай,<br>Өзүн өзү асырайт,<br>Уурулукка малынбайт<br>Ушак сөзгө чалынбайт<br>Түрүнүп иштейт<br>Эгин айдап, чөбүн чабат<br>Эмгегинен пайда табат ж.б. | Ачуулуу болот<br>Аксым болот<br>Көпкөндүккө жеңдирет<br>Көрүнгөнгө мактанат<br>Карыздар болот<br>Көтөрмөгө бурулат<br>Абийирин кетирет<br>Тамак даяр болгондо,<br>Ал урган кирип келет бир жактан<br>[160], ж.б. |

Андан ары адабият мугалими «Биздин класстын эң эмгекчил окуучусу» деген темада бир окуучу бир сүйлөм айтат (Мисалы, «Биздин класстын эң эмгекчил окуучусу деп мен Бегалы уулу Асланды айтамын...» ж.б.), андан ары окуучулар бирден сүйлөм кошуп отурат да, класстын эң эмгекчил окуучусунун ысымы чыгат. Анан анын эмгекчилдик сапаттары бир-бирден термеленип айтылат, б.а., ар бир окуучу өз пикирин далилдеп берет. Сабактын аягында эмгек, эмгекчилдик тууралуу он, жалкоо, жалкоолук тууралуу он макал айтып берүү тапшырмасы аткарылат.

Азыркы мектеп практикасында салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө ата-энелердин эмгекке тарбиялоо салттарын реализациялоо боюнча сабак – **технология сабагы**. Советтик билим берүү тарыхында бул предмет «кол эмгеги», «эмгек», «политехникалык эмгек» ж.б. аталыштар менен өзүнчө сабак катары окутулуп келди. Азыр ал жалпы билим берүүчү уюмдарында «Технология» предмети деп аталат. Анын максаты «окуучуларды рыноктук экономика шартында өз алдынча эмгек жолуна даярдоо болуп саналат. «Технология» предмети көп модулдуу жана көп деңгээлдүү, анын логикасы окуучуларды предметтик чөйрөнүн эстетикалык жана функционалдык сапаттарын калыптандырууну максат кылган долбоордук ишмердүүлүктүн

бардык этаптарына камтылышына багытталган» болуп, «окутуу процессинде төмөндөгү милдеттер аткарылышы керек:

- политехникалык билимди жана экологиялык маданиятты калыптандыруу;
- үй-тиричилигин жүргүзүү жана үй-бүлөнүн бюджетинин эсебин аткаруу боюнча элементардык билим жана жөндөмдөрдү үйрөтүү;
- заманбап өндүрүштүн жана тейлөө тармагынын негиздери менен тааныштыруу;
- чыгармачыл жана тапкычтык милдеттерди чечүү үчүн окуучулардын өз алдынчалуулугун жана жөндөмдөрүн өнүктүрүү;
- окуучуларга өзүн-өзү таануу, кесиптер дүйнөсүн изилдөө, кесиптик өзүн-өзү аныктоо үчүн кесиптик көнүгүүлөрдү аткаруу мүмкүнчүлүгүн камсыздоо;
- эмгекчилдикке, ишкердикке, коллективизмге, адамгерчиликке жана боорукерликке, милдеттүүлүккө, чынчылдыкка, жоопкерчиликтүүлүккө жана салабаттуулукка, патриотизмге, жүрүм-турум маданиятына жана чыр-чатаксыз баарлашууга тарбиялоо;
- рыноктук экономиканын, менеджмент жана маркетингдин негизги түшүнүктөрүн кабылдоо жана аларды өз продукциясын жана кызматтарын сатууда колдоно билүү;
- эмгек объектиси катары керектөө буюмдарын тандоо жана сатууда атаандаштыгын жогорулатуу максатында аларды дизайндык жана декоративдик-прикладдык көркөм өнөрдүн талаптарын эске алуу менен кооздоо» [5-9].

Жогоруда КР билим берүү жана илим министрлиги бекиткен технология предмети боюнча мамлекеттик стандартта белгиленгендей бул окуу предметинин тарбиялык потенциялары да жогору. Ошол жогору потенциялдын бири – элдик педагогикалык салттар аркылуу эмгекке үйрөтүү жана эмгекке тарбиялоо. Бул экөө бири-бири менен эриш-аркак жүрөт,

эмгекке үйрөтүү, көнүктүрүү процессинин өзү тарбиялык функция аткарат. Предметти окуу менен окуучулар жетишкен компетенттүүлүктөр:

- кийинки ишмердүүлүгүнүн эң зарыл сапаты болгон эмгекчилдик жана жоопкерчиликти түшүнүү сапаты жогорулайт;
- эл чарбасынын ар түрдүү тармагында эмгектенүү үчүн болочок кесибинин алгачкы компетенттүүлүктөрү калыптана баштайт;
- өз кесибин өзү аныктоого мүмкүнчүлүк түзүлөт;
- келечектеги кесиптик ишмердүүлүгүн пландоого жетишет;
- үй тиричилигин жүргүзүүгө камылга көрүлүп, үй чарбасын рационалдуу өткөрүүгө даяр болот;
- техникалык-технологиялык жана экономикалык ой жүгүртүүсүнө шарт түзүлөт;
- эмгек шаймандарын, техникалык каражаттарды туура пайдаланууну үйрөнөт;
- эмгек процессинде коопсуздук техникасын туура сактоого көнүгөт;
- өз долбоорлорун практика жүзүндө ишке ашырууга алгачкы мүмкүнчүлүк болот;
- эмгек, анын орду жөнүндө көптөгөн маалыматтарга жетишет ж.б.

Ошентип технология предмети окуучулар үчүн мотивдештирүүчү (мотивациялоочу), эстетикалык, коммуникативдик, физиологиялык-психологиялык багытта чоң роль ойнойт.

Сабактарда эмгекке тарбиялоо процесси төмөнкүдөй **принциптерге** таянылышы керек:

- пландуулук, б.а., эмгекке тарбиялоочу сабактарды жана иш чараларды алдын ала болжолдоп алуу;
- системалуулук, б.а., иш-аракеттерди үзгүлтүксүз жана ырааттуу жүргүзүп туруу;
- шайкештик, б.а., бул ишмерүүлүктөр коомдун бүгүнкү талабына ылайык келиши керек;

•балдардын курак жана психологиялык өзгөчөлүгүн эске алуучулук;

•билим берүү уюмунун шартын, мүмкүнчүлүгүнө кароо;

•баланын өнүгүшүнө кам көрүүчүлүк;

•аң-сезимдүүлүк;

•активдүүлүк;

•жөнөкөйдөн – татаалга, жеңилден – оорго баруучулук;

•көргөзмөлүүлүк;

•тарыхыйлык;

•элдик салттарды жана андагы ата-эненин эмгекке тарбиялоо тажрыйбаларын эске алуучулук ж.б.

Окуучуларды кыргыз адабиятынан окулуучу чыгармалар аркылуу же технология предметинен элдик кол өнөрчүлүк буюмдарын жасап үйрөнүү менен эмгекчил болууга тарбиялоо аракеттери, эмгек алдыңкылары менен жолугушуу эмгекти сүйүүчү аң-сезим жана эмгекчилдик ишмердүүлүктүн тыгыз карым-катышы жөнүндөгү педагогикалык принципке туура келет.

Окуучуларды азыркы мектепте элдик салттардын негизинде эмгекке тарбиялоонун негизги **формалары** булар:

1. Окуу предметтери жана алардагы эмгекке тарбиялаган темалар.
2. Салттуу үй-бүлөлөрдүн эмгекке тарбиялоо тажрыйбаларын үйрөнүү.
3. Элдин арасында азыр да колдонулуп жүргөн эмгек процессине катышуу (кырман басуу, килем согуу, кийиз жасоо, жүн тытуу, көчөт отургузуу, курулуш тургузуу ж.б. ашар иштери).
4. Мейман тосуу, мейман узатуу салттарына аралашуу.
5. Эмгек алдыңкылары, ар түрдүү кесип ээлери менен жолугушуу ж.б.

Мына ушулардан жалпы социомаданий чөйрөнү педагогизациялоо, анын ичинде этнопедагогизациялоо келип чыгат, ал иш чаралардын жалпы формалары болуп булар эсептелет.

***2.5 – таблица. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндөгү ата-энелердин эмгекке тарбиялоо боюнча иш-чаралардын негизги формалары жана өткөрүлгөн жерлери***

| **Өткөрүлүүчү жер** | **Иш-чаралардын негизги формалары** |
|---|---|
| **мектеп** | предметтердеги эмгекке байланыштуу темалар; технология сабагы; мектеп өнөрканаларындагы кол эмгеги; кол өнөрчүлүк ийрими; жаш техниктер ийрими; эмгек адамдары менен жолугушуу; эмгекке тарбиялоо боюнча тарбиялык сабактар; элдик чеберлерлердин көргөзмөлөрүн уюштуруу, алардын мастер-класстарына катышуу ж.б. |
| **айыл (шаар)** | эмгекке байланыштуу жерлерге (кырман, тегирмен, курулуш ж.б.) экскурсия; эмгекти даңазалаган жер-суу аттары коюлган жерлерге саякат; кары-картаңдарга жардам берүү (советтик учурдагы «тимурчулар» кыймылы); массалык эмгек майрамдары; ашарлар; эмгек лагерлери ж.б. |
| **үй-бүлө** | балдардын эмгекке байланыштуу оюндары; балдарга жумуш иштетүү; бир туугандарды биргеликте иштетүү; чарбалык жумуштар; кыздарга сеп даярдатуу; балдарга салттуу үй-бүлөдө эмгекке кантип даярдагандыгы тууралуу түшүнүк берүү ж.б. |

***2.6 – Таблица Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндөгү ата-энелердин эмгекке тарбиялоо тажрыйбаларын үйрөнүүнүн натыйжаларынын компоненттери***

| **Компоненттер** | **Компоненттердин мазмуну, маңызы, натыйжасы** |
|---|---|
| **Когнитивдик (таанымдык)** | элдик педагогиканын негизинде окуучулардын эмгекти сүйүү идеяларынын улам жогорулап отурушу, жашы |

| | |
|---|---|
| | өйдөлөгөн сайын адам жашоосундагы, өзүнүн жеке турмушундагы эмгекке мамиленин активдешүүсү, иштөө ишмердүүлүгүнүн жогорулашы үчүн маалыматтар менен толукталышы, эмгек адамдарынын ишмердүүлүгү менен кеңири таанышуусу |
| **Көз караштык дөөлөттүк** | окуучулардын эмгекке тарбиялоодогу кыргыз элинин салттуу үй-бүлөсүндөгү ата-энелердин ролуна баа берүүсү, талдап, таразалоосу. Эмгек адамды жана коомду өзгөртүүчү күч экендигине ишенүүсү, өзү да эмгек менен ийгиликтерге жетишерине ынануусу. |
| **Жүрүм-турумдук** | окуучулар мындай компонентке ээ болуу менен практикалык жактан жүрүш-турушун, адептик сапаттарын, руханий дүйнөсүн өзгөртөт, элдик салттарды барктоо, баалоо сезимдерин жогорулатып, ата-энелерди сыйлоосу активдешет жана жалкоолуктан арылып, эмгекчил болууга, ата-энелерге, кары-картаңдарга, муктаж адамдарга жардам берүү сапаттары калыптанат. |

***2.7 – таблица. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүнүн эмгекке тарбиялоо салттарынын негизинде эмгекчилдикке тарбиялангандыктын чен-өлчөмдөрү жана деңгээлдеринин көрсөткүчтөрү***

| **Деңгээлдер** | **Чен-өлчөмдөр** | **Чен-өлчөмдөрдүн көрсөткүчтөрү** |
|---|---|---|
| **төмөн** | керектөө | Салттуу үй-бүлөдөгү эмгекке тарбиялоо маданиятына кызыкпагандык, ошол маданиятты түшүнүүгө өсүп жетпегендик |
| | билим | Салттуу үй-бүлөдөгү эмгекке тарбиялоодогу ата-эненин ролу боюнча билиминин жоктугу |

| | | |
|---|---|---|
| | жүрүм-турум | Салттуу үй-бүлөдөгү эмгекке тарбиялоо боюнча ата-энелердин тажрыйбаларын өз жүрүм-турумунда пайдалана албагандык |
| **орто** | керектөө | Салттуу үй-бүлөдөгү эмгекке тарбиялоо маданиятына анчалык кызыкпагандык, ошол маданиятты түшүнүүгө аракеттенгени менен али ага толук өсүп жетпегендик |
| | билим | Салттуу үй-бүлөдөгү эмгекке тарбиялоодогу ата-эненин ролу боюнча билиминен бир аз гана деңгээлде болушу |
| | жүрүм-турум | Салттуу үй-бүлөдөгү эмгекке тарбиялоо боюнча ата-энелердин тажрыйбаларын өз жүрүм-турумунда бир аз гана пайдалана алгандык |
| **жогору** | керектөө | Салттуу үй-бүлөдөгү эмгекке тарбиялоо маданиятына абдан кызыккандык, ошол маданиятты түшүнгөндүк |
| | билим | Салттуу үй-бүлөдөгү эмгекке тарбиялоодогу ата-эненин ролу боюнча билиминин жогорулугу |
| | жүрүм-турум | Салттуу үй-бүлөдөгү эмгекке тарбиялоо боюнча ата-энелердин тажрыйбаларын өз жүрүм-турумунда кеңири пайдалана алгандык жана башкаларга да бул багытта үгүт жүргүзгөндүк |

Иште материалдарды анализдеп жана синтездеп келип, окуучуларды эмгекке тарбиялоонун салттуу жана заманбап каражаттарын, формаларын, методдорун үйрөнүп чыгып, элдик педагогикадагы ата-энелерди эмгекке тарбиялоо тажрыйбаларын эске алып, азыркы мектеп окуучуларын эмгекчилдикке, иштемчилдикке жана эмгекти сүйүүгө тарбиялоонун негизги бир иш-чарасын сунуш кылдык.

***Окуучулардын ата-энелери менен «Балдарды элдик педагогиканын таасиринде эмгекке тарбиялоодогу ата-эненин ролу» деген темада интерактивдүү сабак***

**Максаты:**

1. Ата-энелердин балдарын элдик педагогиканын негизинде эмгекти сүйүүгө тарбиялоо боюнча компетенттүүлүктөрүнүн жогорулашына көмөк көрсөтүү.

2. Ата-энелердин кыргыз элдик педагогикасы боюнча билимдерин көтөрүүгө аракет кылуу.

3. Ата-эне – мугалим – окуучу – мектеп – элдик тарбия байланышын өркүндөтүү.

4. Эмгекчил балдарды өстүрүүдө ата-энелердин ишине методикалык жактан көмөктөшүү.

**Материалдар:** фотолор, сүрөттөр, дисктер, анкеталар, карандаш, кагаз, түстүү карточкалар.

**Жабдылышы:** интерактивдүү доска, ноутбук, компьютер, экран, проектор, китептер.

**Өткөрүү узактыгы:** 100 минута.

**План**

***2.8 – таблица. Окуучуларынын ата-энелери менен «Балдарды элдик педагогиканын таасиринде эмгекке тарбиялоодогу ата-эненин ролу» деген темада интерактивдүү сабактын планы***

| № | Иш чаранын аталышы | Убактысы (минута) |
|---|---|---|
| 1. | Уюштурулушу. Учурашуу. Таанышуу | 5 |
| 2. | Мектеп психологунун сөзү: «Сиздин балаңыздын курак жана психологиялык өзгөчөлүктөрү» | 10 |

| | | |
|---|---|---|
| 3. | Тема боюнча баяндамалар.<br>Мектеп директорунун тарбиялык иштер боюнча орун басары: «Эмгек тарбиясы»<br>Кыргыз адабияты мугалими: «Элдик чыгармалардагы эмгекке тарбиялоо темасы»<br>Чоң ата-чоң энелердин эң улуусу: «Ата-энелерибиздин бизди эмгекке тарбиялоосу» | 10 |
| 4. | Педагогикалык көнүгүүлөр:<br>«Сиз балаңызды үй жумуштарына кандайча аралаштырасыз?»<br>«Балдарыңыздын кимиси кандай эмгек ишмердүүлүгүнө катышат?»<br>«Балдарыңыз жалпы элдик жумуштарга катышабы, катышса, кандайча катышат?»<br>«Сиз балдарыңызды эмгекке үйрөтүүдө ата-энелериңизден уккан кандай насааттарды колдоносуз?» ж.б. | 30 |
| 5. | Ата-энелердин педагогикалык маалыматын жогорулатуу сөздүк менен иштөө:<br>Этнопедагогика<br>Этнография<br>Салттуу үй-бүлө<br>Педагогикалык маданият<br>Үй-бүлө тарбиясы | 5 |
| 6. | Балдар менен алардын ата-энелери менен мамилесин билүү үчүн суроо-жооптор. Долбоорлоо | 20 |
| 7. | Сунуштар жана пикирлер | 5 |
| 8. | Каршы байланышка чыгуу («обратная связь») | 5 |
| 9. | «Эмгектен жаралган буюмдар» (Жыйынтык көргөзмө) | 10 |

**Мугалим.** Саламатсыздарбы, урматтуу биздин ардактуу ата-энелер! Биздин класска кош келипсиздер! Биз сиздер менен бүгүнкү тарбиялык иш-чарада «Балдарды элдик педагогиканын таасиринде эмгекке тарбиялоодогу ата-эненин ролу» деген темадачогуу-чаран,мектеп директорунун тарбиялык иштер боюнча орун басары, мектеп психологунун, адабият мугалиминин катышуусунда талкуу өткөрөбүз.

1. ***Оюн-көнүгүүлөрү:*** *«Таанышуу»*

Ата-энелер бири-бирине бет маңдай отуруп, ар бири өзү тууралуу кыска айтып берет. Кайсыл кесиптин ээси экендигине, кандай өнөрү бар экендигине өзгөчө бөлүп токтолот. М.: Менин атым – Акканкуш. Жыйырма алты жылдан бери шофер болуп иштеймин. Азыр Ошко, Бишкекке такси менен кардарларды ташыймын. Ушул отургандардын көбү мени менен жол жүргөн. Аялым болсо жеке ишканада тигүүчү болуп иштейт. Бул класста окуган Берметтин атасымын. Бермет биздин эң кичүү кызыбыз ж.б. ушинтип ата-энелер бир-бирден таанышып чыгат.

2. ***Психологдун баяндоосу:*** *«Сиздин балаңыздын курак жана жеке өзгөчөлүгү»*

Бул баяндамасы үчүн мектеп психологу алдын ала даярданат: ар бир окуучу менен аңгемелешип чыгат, алардан психологиялык тесттерди, анкеталарды алат. Иш-чарада ошолордун жыйынтыгынын керектүү учурларын айтып, ар бир балага психологиялык мүнөздөмө берет. Өзгөчө учурда ата-энелер катышып отурган курактагы балдардын жалпы психологиялык өнүгүшүндөгү өзгөчөлүктөргө токтолот. Балдардагы ак көңүлдүк, аярлык, кам көрүүчүлүк, эмгекчилдик, берешендик, көңүл буруучулук, таарынчаактык, сезгичтик, кенебестик, дос тандоочулук, жамаат менен мамиле түзүүчүлүк ж.б. сапаттарга анализ берип, конкреттүү окуучулардын мисалында ата-энелерге айтат. Темага байланыштуу баланын мүнөздүк, эрктик сапаттарынын калыптанышындагы эмгектин ролу тууралуу турмуштук мисалдарды кошуп сүйлөп берет. Психологдун айтуусу боюнча бала көргөнүн кылат, үйрөнгөнүн кылат, ошону үчүн ага көрсөтүү жана

үйрөтүү өзгөчө мааниге ээ. Айталык, шофердун баласы атасы машинансын жүргүзүп атканда ага кызыгып жанында турат, машинанын ичине түшүп, ар түрдүү тетиктерин кармалап көрөт, демек, анда айдоочулук кесипке кызыгуу пайда болот. Ушундай кезде атасы да, ага кошулуп апасы да айдоочулукту «ушул да кесиппи», «башка бир жумуш табайын» ж.б. дей берсе, баланын ал кесиптен көңүлү сууйт. Ата кесиби ал үчүн коркунучтуу нерсеге, эмгектенүү азап тартууга айланат.

Ошондуктан окуучулар менен эмгекке тарбиялоону жүргүзүүдө иш чаралар комплекстүү болушу керек. Аны үчүн ата-эне балага эмне кылууну, ошону эмне үчүн кылууну, кандай кылууну көрсөтүү, үйрөтүү керек, көнүктүрүү зарыл. Бала менен ата-энелердин ортосунда көрсөтүү – түшүндүрүү – кайталап көрсөтүү – текшерүү – баалоо деген процесстер жүрөт. Балдар биринчи кезекте өз ата-энесинин моралдык сапаттарын: туруктуулугун, көңүл бургучтугун, акыйкатчылыгын, талап коё билгичтигин, ак ниеттүүлүгүн, камкорчулугун, бекемдигин, эрктүүлүгүн ж.б. карап, ошолордон таасирленет. Бала үчүн ата-энеден өткөн кадыр-барктуу киши болбойт, андан үлгү алуу, анын кылып келген кесибин аркалоо бала үчүн сыймык болот. Кыргыздар кайсыл бир кесипти аркалап жатканда «ата кесиби» деп сыймык менен айтат, мисалы, «ата кесиби деп кырк жылдан бери кетмен чаап келемин» деп коёт бир сугатчы. Демек, анын атасы да, балким чоң атасы да сугатчы болгон. Ошону үчүн ата-энелер, сиздердин эң биринчи милдетиңиздер, балдарга өз жумушуңуздардын жакшы жагын көрсөтүп, айтып, үйрөтүп, негизгиси эмгектенүүдөн ырахат алууну айтып беришиңиздер керек. Бара-бара баланын билген кесиптери көбөйүп, өзү дүйнөнү жана адамдарды таанып билип, эмгектин жана кесиптин түрлөрү тууралуу маалыматтарга ээ болуп, бирөөнүн жетегинде жүрүүдөн өз алдынча чечим чыгарууга өтөт ж.б. *(Психологдун сөзү дагы тереңдейт).*

*Баланын бул учурдагы милдети* – өзүнө өзү эмне кесипке ээ болушум керек деп суроо коюу, өзүн өзү таанып билүү, эмгектенүүдөн ырахат алууга жетишүү.

*Ата-эненин бул учурадагы милдети* – жол таба албай жаткан балага жардам берүү, эмгектенүүгө тарбиялоо, өз жөндөмүнө ылайык өнөр үйрөнүүгө, кесип тандоого жетишүүдө балага жардам берүү.

**3. *Тема боюнча баяндамалар.***

*Мектеп директорунун тарбиялык иштер боюнча орун басары: «Эмгек тарбиясы»*

Эмгек тарбиясы – мектептеги тарбиялоонун негизги формаларынын бири болуп эсептелет, адептик тарбия, акыл тарбиясы, эстетикалык тарбия, дене тарбиясы деген сыяктуу эле комплекстүү тарбиялык иштердин курамдык бөлүгү. Анын максаты – окуучулардын эмгекке чыгармачыл жана аң-сезимдүү мамиле кылуусуна, эмгекти сүйүүсүнө жетиштүү.

Анын милдеттери:

- мындай тарбия жүргүзүү менен окуучулар коомдогу, өзүнүн жеке жашоосундагы эмгек кылуунун максатын жана анын натыйжасын түшүнүүгө жетишет;
- эмгектин түрлөрү болгон акыл эмгеги менен күч эмгегинин ортосундагы айырмачылыкты, жакындыкты аңдап билет;
- эмгекти жөн эле кара күч менен иштей берүү деп түшүнбөй, ага акыл-эс, аң-сезим менен мамиле кылууну үйрөнөт;
- эмгекке компетенттүүлүктөрү калыптанат;
- эмгек маданиятына көнүгөт;
- эмгек процессинде иштөөнү, өзүн алып жүрүүнү жана эмгекти уюштурууну үйрөнөт;
- эмгек тарбиясы мектептеги дене тарбиясы, эстетикалык тарбия, адеп тарбиясы менен байланышат, мына ошолордун биримдигин, катышын билип чыгат;
- өзүнүн келечектеги кесибин тандоого жол ачылат.

«Бул милдеттерди чечүү окуучуларды эмгекке теориялык, практикалык жана психологиялык жактан даярдоого жардам берет. Мектепте эмгек

тарбиясы окуу-тарбия ишинин бардык жараянында, окууда өзгөчө илимдердин негизин окутууда, эмгекке үйрөтүү сабактарында, класстан жана мектептен тышкаркы иштердин тутумдарында ишке ашат. Илимдердин негизин окутууда окуучулар өндүрүштүн илим негиздери жөнүндөгү билимдерге ээ болушуп, таанып-билүүгө жана кесипке болгон кызыгуусу өнүгөт. Окуучулар эмгекке үйрөтүү сабактарында эмгек буюмзат, каражаттары жана жараяндары жөнүндөгү түшүнүктөрдү өздөштүрүшүп, белгилүү көндүмдөргө жана билгичтиктерге ээ болушат. Эмгек тарбиясы берүүдө окуучулардын эмгеги мааниге ээ. Педагогикалык адабияттарда окуучулардын окуу эмгеги, өзүн өзү тейлөө эмгеги, коомдук пайдалуу жана өндүрүмдүү эмгеги белгиленген. Окуучуларды эмгек жараянына катыштыруу алардын адептик, инсандык сапаттарынын, эмгекти сүйүү, эмгек адамдарын урматтоо сезимдерин калыптандырууга чыгармачылык демилгесин жана эмгектик көндүмдөрүн, билгичтиктерин өнүктүрүүгө жардам берет. Мына ошого байланыштуу окуучулардын эмгегин туура пландаштырууга, уюштурууга өзгөчө көңүл бөлүү керек»[193-б.], *(Мектеп директорунун тарбиялык иштер боюнча орунбасары андан ары мектептеги эмгекке тарбиялоо боюнча жүргүзүлүп жаткан конкреттүү иштерге токтолот, мисалы, бак тигүү, бакчаны кароо, сугаруу, класстын тазалыгын жүргүзүү, бирөөлөргө жардам берүү ж.б.)*

*Кыргыз адабияты мугалими: «Элдик чыгармалардагы эмгекке тарбиялоо темасы» (Бул теманын болжолдуу баяндалышы 1-главада берилди)*

*Чоң ата-чоң энелердин эң улуусу: «Ата-энелерибиздин бизди эмгекке тарбиялоосу» (бирөөнүн мисалы)*

Биз социализм учурунда балалыгыбызды өткөрдүк. Колхоз деген болот эле, айылдын баары ошол колхозго мүчө болуп колхоздун ишин иштешчү. Ата-энебиз тамекичилер эле. Алты-жети жашымдан ата-энеге жардам берип, тамекичиликте иштедим. Жайында күндүн ысыгына тамеки чабат элек, талаадагы тамекинин жанындагы отоо чөптөрүн өлтүрүп, көчөттүн түбүн жумшартууну тамеки чабык дешчү, абайлап иштебесең, кетмениң же бутун

тамеки көчөтүнө тийип кетсе, ал кайра көктөбөйт эле. Күн аябай ысык болуп, жел жүрбөгөн талаада таң аткандан караңгы киргенге чейин иштейбиз, адегенде биринчи чабык, анын экинчи – чабык, анын – үчүнчүсү. Ушундан кийин эле тамеки үзүү башталат, улам бышкан жалбырактарды үзүп алып, аны ийнеге өткөрүп, аны жипке сыдырып алып, сыртта күнгө бир жумадай кургатып, сарайга илебиз. Мына ушундай түйшүктүү иштердин оор жумушу бүт балдарды колунда эле. Тамекинин сасык жыты менен чоңойдук, бирок биз канчалык кыйналсак да, азыркы балдарга окшоп араккор же наркоман болуп кетпедик, эмгекчил болдук. Биз жаркыраган коммунизмди эмгек менен курабыз деп иштедик. Иштөө менен кайраткерликти, чыдамкайлыкты үйрөндүк ж.б.

**4.** ***Педагогикалык көнүгүүлөр:***

*«Сиз балаңызды үй жумуштарына кандайча аралаштырасыз?»*

*«Балдарыңыздын кимиси кандай эмгек ишмердүүлүгүнө катышат?»,*

*«Балдарыңыз жалпы элдик жумуштарга катышабы, катышса, кандайча катышат?»*

*«Сиз балдарыңызды эмгекке үйрөтүүдө ата-энелериңизден уккан кандай насааттарды колдоносуз?» ж.б.*

Бул бөлүктө тарбиячы мугалим ата-энелер менен интерактивдүү көнүгүүлөрдү аткарат.

А) Ата-энелер кайсыл баласы кайсыл убакта кайсыл баласы кандай жумуштарды аткарарын жазышкан. Бул иш-чарага катышкан ар түрдүү класстардагы 96 ата-эненин ичинен 71и ата, 25и энелер болду, алардын 81%ы балдары үй ичинде кандай жумуштарды аткарарын билсе, 8%ы анчалык так маалыматка ээ эмес, 7%ы балдарынын эмне иш менен алектенерин билбейт экен.

***2.9 – таблица. Балдардын ата-энелерге жардам берүүсү (шаар жеринде, эркек балдар)***

| **Эркек балдардын негизги жумуштары (Шаар жеринде)** | **пайызы** |
|---|---|
| Дүкөнгө баруу | 86 |
| Инилерин, карындаштарын бакчадан алып келүү | 81 |
| Аталарынын иштеген жерине тамак алып барып келүү | 13 |
| Атасынын машинасын жуушуу | 11 |
| Дагы башка ар түрдүү жумуштар | 8 |

Жогорудагы таблицадан көрүнүп тургандай шаардагы эркек балдардын негизги эле иши – дүкөнгө барып, азык-түлүк сатып келүү, ошол эле балдардын ичинде бир туугандарын бакчадан алып келүүгө жардам бергендер да бар.

***2.10 – таблица. Балдардын ата-энелерге жардам берүүсү (айыл жеринде, эркек балдар)***

| **Эркек балдардын негизги жумуштары (айыл жеринде)** | **пайызы** |
|---|---|
| Тоют камдоого катышуу | 96 |
| Малга каралашуу | 84 |
| Суу ташып келүү | 55 |
| Короо тазалоо | 51 |
| Дагы башка ар түрдүү жумуштар | 17 |

*2.11 – таблица. Балдардын ата-энелерге жардам берүүсү (шаар жеринде, кыз балдар)*

| **Кыз балдардын негизги жумуштары (Шаар жеринде)** | **пайызы** |
|---|---|
| Үй, короо тазалоо | 100 |
| Инилерин, карындаштарын бакчадан алып келүү | 71 |
| Апаларынын кол өнөрчүлүгүнө жардам берүү | 57 |
| Базардан азык-түлүк сатып келүү | 34 |
| Дагы башка ар түрдүү жумуштар | 23 |

*2.12 – таблица. Балдардын ата-энелерге жардам берүүсү (айыл жеринде, кыз балдар)*

| **Кыз балдардын негизги жумуштары (айыл жеринде)** | **пайызы** |
|---|---|
| Короо, үй-жай тазалоо | 100 |
| Малга каралашуу | 85 |
| Апаларынын кол өнөрчүлүгүнө катышуу | 74 |
| Талаачылык иштерине жардамдашуу | 56 |
| Дагы башка ар түрдүү жумуштар | 27 |

Таблицадан көрүнүп тургандай, айыл жериндеги кыздар да, балдар да шаарлыктарга салыштырмалуу ата-энелердин ар түрдүү жумуштарына активдүү жардам берет *(салыштырыңыз).*

Андан ары ата-энелер менен балдары кимиси кандай эмгек ишмердүүлүгүнө катышары, балдардын жалпы элдик жумуштарга катышары жана катышпасы, балдарды эмгекке үйрөтүүдө ата-энелеринен уккан насааттарын колдонушу боюнча диспуттар өттү ж.б.

**5. Ата-энелердин педагогикалык маалыматын жогорулатуу боюнча сөздүк.**

Иш-чаранын бул этабында төмөнкүдөй түшүнүктөрдүн маанилери чечмеленет: этнопедагогика, этнография, салттуу үй-бүлө, педагогикалык маданият, адеп-ахлак; эмгек тарбиясы; эмгектик ишмердүүлүк, компетенттүүлүк.

**6. Балдар менен алардын ата-энелери менен мамилесин билүү үчүн суроо-жооптор. Долбоорлоо**

Мында иш-чарага катышып жаткан ата-энелерге бир нече суроолор жазылган баракчалар таратылат, ага жооп жазышат жана жооптор проектор же интерактивдүү доска аркылуу жарыяланат. Айрым суроолор төмөнкүдөй:

1. Сиз тапшырган жумушту балаңыз аткарбай койсо кандай жаза колдоносуз?
2. Балаңыз берилген жумушту туура эмес, же чала аткарып койсо, кандай абалда болосуз?
3. Балаңыз менен биргеликте жумуш аткарганда ким активдүү болот: албы, сизби?
4. Сиздин оюңузга койбой эле балаңыз бир ишти аткарууну демилгелеп жатат, ошол учурда сиз эмне кыласыз?
5. Иштеп жатып балаңыз эмгек куралдарын, же идиш-аяктарды сындырып салды, ага кандай чара колдоносуз?
6. Сиздин ишиңизди, кесибиңизди балаңыз сүйөбү, түшүнөбү, жардам береби? ж.б.

Долбоорлоо: Балаңыз мектепти бүткөндөн кийин кандай кесипти тандайт, ал кесибин кандай аркалайт?

Балаңыз жөндөмүнө карабай иштеп калса, сиз карыган кезде кандай абалда болосуз? ж.б.

*(Муну ата-энелер жазуу же оозеки формада айтып берет, же болбосо телефондон аудиожазуу аркылуу жиберет).*

**6. Сунуштар жана пикирлер.**

Бул учурда ата-энелер бүгүнкү иш чара боюнча пикирлерин кыска оозеки айтышат жана мугалимге сунуш берет.

**7. Каршы байланышка чыгуу («обратная связь»)**

Катышуучулар сары карточкага бүгүнкү иш чаранын эмнеси жакпаганын, жашыл карточкага эмнеси жакканын, актай карточкага кийинки иш чарада дагы кайсыл темада сүйлөшүүнү каалашарын жазып тапшырат.

**8. «Эмгектен жаралган буюмдар» (Жыйынтык көргөзмө).** Мында окуучулардын өз колдору менен жасалган ар түрдүү буюмдары көргөзмөгө коюлат, ата-энелер аларды көрүп чыгат жана балдар аларын кантип, эмнеден жасаганын, кайсыл убакта колдонуларын айтып беришет.

Жогорудагы иш чара класстан жана мектептен тышкаркы иштерде элдик салттар аркылуу окуучуларды эмгекчилдикке тарбиялоонун айрым учурларын чагылдырды. Бул жалпы сценарий болуп, ар түрдүү класстарда өзүнчө өзгөчөлүктөр менен өтүлдү. Аларды жалпылап айтканда төмөнкүдөй болду.

*Максаты:* ата-энелердин балдарды эмгекке тарбиялоо боюнча билимдерин, компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүү.

*Каражаттары:* лекция, аксакалдардын сөзүн угуу, баарлашуу, кеңеш берүү, үйрөтүү, көрсөтүү, үлгү кылуу, мактоо, долбоорлоо, кыска эксперимент ж.б.

*Принциптери:* улуттук, эл аралык жана жалпы адамзаттык гуманисттик идеялар; тарбиянын үзгүлтүксүздүгү жана чексиздиги; эмгекке тарбиялоодо элдик салттарды пайдалануу; эмгекке тарбиялоону табигый өзгөчөлүктөргө ылайыктоо, б.а. тарбиялануучулардан курактык, аймактык, жыныстык жана психологиялык өзгөчөлүктөрдү эске алуу; маданий жана социалдык өзгөчөлүктөргө ылайыктоо.

*Формалары:* класстан тышкаркы иштер; тарбиялык сабактар; кыймылдуу жана акыл оюндары; адабий-кече; крайтаануу экскурсиялары; викторина; драмалык ийрим; диспут; конференция; ашарга катышуу; эмгек жүрүп жаткан жерлерге саякттаттоо; эмгек алдыңкылары менен жолугушуу; театр жана кинолорго баруу ж.б.

*Педагогикалык шарттары:*

1. Окуучулардын индивидуалдык, психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алып тарбиялоо.

2. Окуучулардын курактык өзгөчөлүктөрүн эске алып тарбиялоо.

3. Окуучуларды алар жашаган аймактык-этникалык өзгөчөлүктөрүн эске алып тарбиялоо.

4. Балдардын ата-тегин, генетикалык факторлорду, алардын социалдык абалын эске алып тарбиялоо.

5. Окуучуларга таасир эткен коомдук шарттарды, чөйрөнү эске алып тарбиялоо.

6. Окуучуларга тарбия берүүдө элдик педагогиканын тажрыйбаларын эске алуу.

7. Тарбия процессинде элдик тарбия маданияты менен классикалык илимий педагогиканын идеяларын, алардын биримдигин пайдалануу.

8. Ар түрдүү мамлекеттердин, калктардын, улуттардын прогрессивдүү педагогикалык идеяларынын оң жактарын тарбия ишинде колдонуу.

9. Тарбия иши жүргүзүлүп жаткан билим берүү уюмдарынын жана ал жердеги окуучулар жашаган аймактын ресурстук жактан камсыз болушун (кинотеатр, опера-балет театры, компьютердин клубдар, интернет, мектеп сахнасы, аксакалдар, байбичелер ж.б. коомдук тарбиячылар, климат, инфраструктура ж.б.) эсепке алуу.

*Натыйжасы* элдик тарбия салттарын эмгек процессинде колдоно алган, эмгекчил, ата-энени сыйлаган инсанды тарбиялоо.

## 2.4. Кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекке тарбиялоо салттарын азыркы мугалимдердин жана тарбиячылардын практикада колдонулуш тажрыйбалары

Мектептердеги айрым предметтерде, университеттерде жана тарбиялык сабактарда кыргыз элдик педагогикасындагы ата-энелердин балдарына

үйрөткөн эмгек тарбиясын кандайча технологиялар менен пайдаланылып жаткан тажрыйбаларга көңүл бөлөлү.

Жалпы билим берүүчү мектептерди технология сабактарында жана класстан тышкаркы иштерде колдонулуп жүргөн эффективдүү ыкмалардын бири – кол өнөрчүлүк буюмдарын жасоо. Советтик учурда А.Гайдардын «Тимур жана анын командасы» деген чыгармасынын таасиринен улам XX кылымдын 30-жылдарынан тарта «Тимурчулар командасы» деген пионерлердин жана комсомолдордун кыймылдары уюштурулуп, алар кары-картаң, оорулуу адамдардын, согуш майыптарынын үйлөрүнө барып, алардын ар түрдүү жумуштарын аткарып турган. Мектептерде «Өндүрүштүк бригада» дегендер да болуп, окуучуларга колхоз-совхоздор жер аянтын бөлүп берип, ошол жерге ар түрдүү эгиндерди өстүрүп, бул жумушта балдар-кыздар кезектешип аткарган. Нарын областынын көп жерлеринде окуучулар кой төлдөгөн учурда сакманчылыкка барса, Ош областынын Ноокат, Өзгөн райондорунда, Талас областында жайында тамекиде, Оштун жана Жалал-Абаддын пахтачылык зоналарында күзгү терим учурунда пахтачыларга жардам берген. Түштүк Кыргызстандын дээрлик окуучуларын баары пахта терим учурунда колхоз-совхоз талааларында иштеген.

Мына ошол советтик учурдагы окуучулардын өндүрүш менен байланышкан ишмердүүлүгү СССР бузулуп, чарбалар жоюлуп, жер жана мал жеке менчикке өткөндөн кийин пассивдешип кетти.

Бирок кийики жылдарда бул багытта өлкөнүн мектептеринде бир катар пайдалуу тажрыйбалар жүргүзүлдү. 2017-жылы 30-ноябрда Ысык-Көл областынын Ысык-Көл районундагы П.Ф.Колесников атындагы орто мектебинде ушул райондун билим берүү бөлүмүнүн балдар чыгармачылык үйүнүн жетекчиси А.Т.Жусупбекованын уюштуруусу жана жетекчилиги менен «Окуучуларды эмгекке тарбиялоо» деген темада райондук семинар-көргөзмө өттү. Анда окуучулар өз колдору менен жасаган буюмдарын көргөзмөгө коюп, буюмдардын көптүгү жана өз деңгээлинде жасалгандыгы тарбиялык сааттарды жүргүзгөн класс жетекчилердин жана технология

мугалимдеринин кызыгуусун арттырган. Семинардын көргөзмөсүнүн боз үйдө өткөндүгү да байыркы убак менен азыркы цивилизацияны бириктиргендей мааниде болду.

Бишкек шаарында Ж.Бапанованын жетекчилиги менен балдардын жана өспүрүмдөрдүн «Алтын түйүн» деп аталган академиясы иштейт. Ал жерге техника жасоого жана долбоорлоого кызыккан окуучулар сабактан кийинки учурларында келип, ар түрдүү роботторду, техникалык шаймандарды, аспаптарды, самолёттордун моделдерин жасап турушат жана алар жыл сайын көргөзмөлөрдү өткөрөт.

Кыргыз-түрк лицейлеринин «Сапат» билим берүү уюмдарынын 16 лицейинин окуучуларынын арасында робот жасоо жарышы болуп, ал иш чарага жүздөн ашык окуучу өз эмгектери менен катышты, алар кыргыздардын улуттук кийимдери болгон чапанды, калпакты кийген, кыргызча саламдашкан роботторду демонстрациялашты.

Байыртадан бери эле кыргыз усталары жана комузчуларды комуз черткен учурда балдарына же неберелерине комуздун башын карматып койгон, комуз чаап атканда балдарды жанына отургузуп, эмгек куралдарын алып келүүгө, алып берүүгө жумшап, кыл тагууга жардамдаштырып келген. Ушул салт азыркы күндө да уланып келет. Болуш Мадазимов Кара-Суу районунун Мады айылдык кеңешинин Кыргыз-Чек айылындагы маданият үйүн жана андагы комузчулар ансамблин жетектеп, Намазбек Уралиев болсо Чолпон-Ата шаарындагы маданият үйүндө иштеп, жүздөгөн шыктуу балдарга комуз чертүүнү гана үйрөтпөй, комуз чабууну да, өзү черте турган комузду өздөрү чаап алууну да үйрөткөн.

Ээр чабуу да чоң өнөр болуп, байыртадан бери эле бул өнөрдүн ээлери эл тарабынан жогору бааланып келген, ээрге алтын, күмүш, жез иштетилген, кайыш менен шөкөттөлгөн. Ата-энесинин жанында отуруп балдар да ээр чабууга үйрөнгөн, азыр мектептердин технология сабактарында жана кол өнөрчүлүк ийримдеринде кичинекей ээр чапкан, ат жабдыктарын жасаган окуучулардын эмгектерин көрө алабыз.

Окуучулар камчы, аяк кап, куржун, орок сап, күрөк сап, кетмен сап, капас, уя, чүпүрөк баштык, туз салгыч ж.б. буюмдарды ата-энелеринин жардамы менен жасап мектепке алып келген учурлар алардын байыркы эл турмушуна кызыккандыгынан кабар берет.

Балдарды мектепте эмгекке тарбиялоонун дагы бир эффективдүү каражаты – *эмгек алдыңкылары, жалпы эле эмгек адамдары менен жолугушууларды өткөрүү.* Советтик учурда бул өзгөчө кеңири тараган ыкма болгон. Кыргыз айылдарында Социалисттик Эмгектин эки жолку Баатырлары З.Кайназарова, Х.Таширов, А.Анаров, Т.Акматов, бир жолку баатырлар С.Юсупова, Д.Рафикова, Ө.Атабекова, М.Тынаев ж.б. атактуу адамдар жашаган жана алар мектептерде тынымсыз болуп, балдарды пахтачы, дыйкан, чабан ж.б. айыл чарба кесиптеринин ээси болууга үндөп турган. Азыр мектептерде эмгек алдыңкылары менен жолугушуулар мурдагыдай болбосо да, анда-санда өтүп, окуучулар алардан тарбиялык таасир алат.

Этнопедагог окумуштуулар Б.Алымбаева жана Э.Сабырова «Балдарды эмгекке тарбиялоодо улуттар аралык салыштыруу» деген макаласында[151-б.], кыргыз элинин маданий салттарындагы эмгекке тарбиялоо иштерин азыркы практикадагы *улуттар аралык билим берүү жана тарбиялоо процессинде колдонуу* боюнча сунуштарын айткан.

БатМУнун Кызыл-Кыя гуманитардык институтунун доценти, педагогика илимдеринин кандидаты Т.Каранова «Элдик салттар менен тарбиялоо – өз алдынча принцип катарында» деген макаласында[85-б.], *элдик педагогиканын башкы принциптеринин бири эмгекке тарбиялоо экенин жазып,* эмгек салттарын аталардан балдарына өткөрүү адамзат коомунун алгачкы кезинен эле башталганын, улуулардын тажрыйбасы жана билими жаштарды тарбиялоодо атайын колдонулганын белгилеп, балдар эмгектик ык, машыгууларга эртелеп ээ болуп, практикалык иш-аракеттерди эрте жашынан эле аткарышканын айтат. Автордун көз карашында «Көптөгөн кылымдар бою эмгек салттары эмгекчи элдин эң керектүү жүрүм-турум нормалары катары каралып келген. Кыргыз элинин эмгек салттарынын күчү мамилешүүнүн,

достуктун, өз ара көмөктөшүүнүн, кызматташуунун калыптангандыгында. *Балдарды эмгекке тарбиялоо, алар үй-бүлөдө эмгектенип турмушка катышууга жарагандан бир топ мурда башталган.* Баланын туулган күнүнө арналган тойлордо жана балага ат коюу учурунда каалоолор айтылган. Бала төрөлгөндө, «Атасына окшош малчы болсун», кыз төрөлгөндө «Апасына окшоп саанчы болсун» деп айтышкан. Бул каалоолордо эмгек адамдарынын мүдөөсү чагылдырылган. Алар балдарын эмгекти сүйгөн, эмгекчил адам болушун, эмгеги менен бактылуу турмуш үчүн шарт түзүшүн каалашкан.

*Балдарды эмгекти жана эмгек адамдарын урматтоого, сарамжалдуулукка көп көңүл бурдурушкан.* Ар бир үй-бүлөдө эмгек куралдары, ар кандай эмеректер жана мал-жан чоң мааниге ээ болгон. Балдарды малга жакшы көз салууну тапшырып, аларды уруп-согууга тыюу салышкан. Айрыкча атка карата жакшы мамилеге өзгөчө көңүл буруу менен, аны асырашкан. Бекеринен «Ат – адамдын канаты» деп айтышкан эмес». «Элдик салт боюнча жаштарды мал этинен ар түрдүү азык-оокат даярдоого эртелеп үйрөтүшкөн. *Ошондой эле, кыргыз элинде байыртан бери эли «Ашар» салты болгон.* «Ашардын» мааниси– *адамдардын бири-бирине жардам берип, акысыз кол кабыш кылышында.* Мисалы, бир адам тоют даярдайбы, үй курабы, же башка жумуш кылабы, ага коңшулары, достору, тууган-уруктары, тааныштары ж.б. жардамга келишкен да, ал ишти тез жана оңой бүтүрүшкөн. «Ашарга» катышуу аларга чоң моралдык канаагат алып келген. *Жогорудагыдай салттарды бүгүнкү күндө да жандандыруу, пайдалануу балдарды эмгекти сүйүүгө, боорукерликке, адеп-ахлакка ж.б.* тарбиялайт»[85-б.].

Ал студенттер менен өтүлгөн лекцияларында жана практикалык сабактарында мына ушундай *элдик салттарга* өзгөчө көңүл бурат.

Баткен областы – кыргыздын көөнө салттары кыйла көп сакталган регион. Бул чөлкөм Кыргызстандын Түштүк-Батыш аймагы болуп, жаз эрте келип, дыйканчылык жана багбанчылык жакшы өнүккөн. Жыл сайын апрель айында «Айгүл гүлүнүн майрамы» деген майрам өтөт. Бул элдик майрам студенттер

жана окуучулар, мугалимдер үчүн эмгек майрамы болуп эсептелет, анткени алар ошол күнү айгүл гүлү өскөн жерлерге барып, гүлдү бейбаш балдардан коруп турат, жөн гана коруп калбай, тегерек-четтерин тазалап, анын жакшы өсүүсүнө кам көрөт. Күз айында «Өрүк терүү» ашыры болот, ал күнү студенттер, мектептин жогорку класстын окуучуларлары колу жетпей аткан адамдардыкына барып, өрүктөрүн күүп (кагып), терип, кургата турган жерге алып барышат. Мына ушундай ашарлашып иштөө менен балдар элдин биримдигин, ынтымагын, эмгекчилдигин көрөт. Кол эмгегине жарабаган кемпирлер, жаш кыздар ашарда иштеп жаткандар үчүн тамак-аш бышырып, суусундуктарды алып барып берип турат.

Кыргыз билим берүү академиясынын илимий кызматкери, педагогика илимдеринин кандидаты Т.Жумабаева 9-класстардын класс жетекчилери үчүн сунуш кылган «Эр эмгегин жер жебейт» деген *тарбиялык сабагында* [74-б.], сабактын негизги максаты эмгекчилдиктин, мээнеткечтиктин, ишкердиктин маанисин түшүндүрүү жана ошол сапаттарга үндөө экендигин көрсөтөт. Сабакта адегенде инсандын жетилишиндеги, коомдогу эмгектин мааниси жөнүндө сөз кылып, «Мээнет жерде калбайт, мээнетсиз адам ырахат албайт. Иштеген адамдын жөндөмү өнүгөт. «Мээнеттин түбү кенч болот» деген эл сөзүн айтып келип, эмгектенүүнүн натыйжасында тапкан байлыкты башка бирөөгө мураска калтырса да, сатып жиберсе да болоруна, ал эми эмгектин натыйжасында өнүккөн чыгармачылыкты, аң-сезимдин калыптанышын, акылдын өсүшүн жана ойлонуу касиетин башка бирөөгө мураска калтырууга болбошун айтып келет. «Дайыма эмгектенип көнгөн адам кайра-кайра ишти кайталай берип, кыймылы тез болот, ойлонбой эле эмне кылыш керек экендигин билип калат, колдору, көздөрү, бүт денеси аракетке көнөт. Андай ишмерди таланттуу дешет, чынында ал – көнүгүүнүн натыйжасы. Көбүнчө ишке көнбөгөн адамдар иш учурунда кырсыкка учурашат. Тажрыйбасы жок биржалык маклер бир нече минутта миллиондогон доллардан ажырайт. Дүкөнчү пайда таппай калат. Туура чечимди иштеп көнгөн адам табат. Азыркы эмгек майданында ишке көнбөгөн адамдар чоң ылдамдыктагы жолдо

жай жүргөн жүргүнчүнүн машинасы сыяктуу эле коркунучтуу. Кишини адам кылуучу (себеп) эмгек экендигин ар ким билет. Эмгек бардык жыргалчылыктын булагы экендиги да белгилүү, бирок баары эле эпкиндүү иштей бербейт. Көпчүлүк жаштардын иш жок деген шылтоосу бар. Чындыгында иштен (жумуштан) көп неме жок. Бала кезиңде иштеп үйрөнбөгөндөр, иштегиси келбегендер, чоңойгондо жумуш таппай кор болушат. Азыр жумуш издеп бөтөн элде (мамлекетте) кор болуп жүргөн жаштар аз эмес. Эмгек аркылуу турмуштан ордун аныктай албаган адам өзүн татыктуу сезип, өзүнө канааттана албайт. Эмгексиз адамдын максаты, конкреттүү жолу аныкталбайт. Андай адамда гармониялуу өсүү болбойт. Адам эмгек аркылуу ээ болгон тажрыйбасынын негизинде ойлонот. Ойлонбогон адамда өсүү болбойт. Өсүү болбогон адам өзүн бактылуу сезбейт. Ал коомго, адамга эч нерсе сунуш кыла албайт. Жаш кезиңде саргара мээнет кылсаң, карыганда дөөлөткө жетесиң. Жаш кезиңде мээнет кылбасаң, карыганда интеллекти, шыгы ж.б. өнүкпөй калгандыктан азап чырмайт».

Андан ары тарбиялык сабакта «Кары келсе – ашка, жаш келсе – ишке», «Кылганың мен үчүн болсо, үйрөнгөнүң өзүң үчүн», «Эмгек кылсаң жашыңан, дөөлөт кетпейт башыңан», «Азаматтын даңкын чыгарган эмгек, арамзанын жанын чыгарган эрмек», «Адал эмгек абийир таптырат, арам эмгек азабын тарттырат» деген макалдар айтылат.

Сабак андан ары «Кишинин адам болуш үчүн ичип-жегени, кийгени ж.б. таман акы, маңдай тери менен табылган нерсе болуш керек. Бирөөнүн мээнетин уурдап, алдап, тартып жеген тамак адал эмес. Адам болуш үчүн таза жана адал нерселерди жеп-ичиш зарыл, пайдалуу иштерди жасаш керек. Арам тамак жегендер, бекерпоздор өнүкпөй калышат. Иштебегендер өзүнүн жүгүн жакындарына артат. Бекерпоздорду эч ким сыйлабагандыктан санаа тартып, таарынчаак, депрессивдүү болушат. Бекерпоздор менен чогуу жашоо кыйын, анткени алар ашка-жүк, башка-жүк болгону аз келгенсип, жакындарына кыңкыстай берип, аларды депрессивдүү абалга тартып турат. Депрессия жугуштуулугу менен коркунучтуу» деп жыйынтыктайт. Бышыктоодо

мугалим окуучуларды төрт топко бөлүп, төмөнкү төрт суроого жооп табуусун өтүнөт, ар бир топтон бир окуучу чыгып, топтун пикирин билдирет.

1. Эмгек жөнүндө накыл кеп айткыла.

2. Эмгек дайыма эле пайдалуубу же зыяндуу да эмгек болобу?

3. Жатып ичерлик, арам тамактык, жалкоолуктун зыяндуулугу жөнүндө жогоруда айтылгандан тышкары эмнени айта аласыңар?

4. Эмне үчүн Япония, Кытай өлкөлөрүнүн экономикалык абалы биздикинен алдыда? (Элдин эмгекке мамилеси дурус).

Мугалим: Эмгек аркылуу адамдын акылы өсөт, жаш кезинде эмгектенбей, өнүкпөй калган акыл аркылуу мээнет кылса кандай болот? (Окуучулардын жообун угат).

Сөз берметтери:

«Акыл бакыт – алыстаткан азаптан,
Акыл байлык – өмүрүңдү жыргаткан.
Акыл менен иш кылбасаң мээнетиң,
Шорго айланат жүрөк черин ырбаткан» (Фирдоуси).

«Жаман ишке жалданып иштегендердин жүүнү бош болот, акыры өкүнүчкө келет. Жакшы иш үчүн жалгыз акыл аздык кылат» (Ф.М.Достоевкский).

«Балаңды жалкоолукка үйрөтпөгүн,
Жашоодо белен оокат табылбастыр,
Турмуштун капилеттик кырсыгына,
Эмгекке көнгөн адам багынбастыр» (А.Аухади)

«Бул дүйнөдө көрөм десең жыргал күн,
Сөздү коюп, эмгектенгин күнү-түн (Ж.Баласагын).

Окуучулар мындай тапшырмаларды андан ары улантат.

Жыйынтык сөз:

Жалындуу бол, жалкоо дедирбе.

Бекер жаткыча бекер иште.

Иштеген ишиңди милдет кылба.

Азыр кылганың үй-бүлө, мектеп, коом үчүн болсо, үйрөнгөнүң өзүң үчүн.

Эмгектенгендер гана кыйынчылыкты жеңе аларын унутпа.

Мектеп мугалимдеринин биздин тема боюнча изилдөөлөрүнүн дагы бир орчундуу бөлүгү – этнографиялык, этнопедагогикалык материалдарды жыйноо, же болбосо «талаа экспедициялары». Бул багытта биздин экспериментке катышкан мугалимдер, тарбиячылар окуучулар менен бирдикте сексенден ашык информаторлор менен сүйлөшүп, салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө ата-энелер балдарын эмгекке кантип тарбиялап келгенин изилдеп чыгышты.

### *Экинчи бап боюнча корутунду*

**«Изилдөөнүн материалдары жана методдору»** деп аталган 2-баптын 1-параграфы *«Илимий изилдөөнүн материалдары»* деп аталат. Эң алгач диссертация үчүн материалдарды тандоонун чен-өлчөмдөрү (критерийлери) көрсөтүлдү, андан ары ошол материалдарын тандоонун, жайгаштыруунун негизги принциптери тууралуу айтылды.

Изилдөөбүздүн материалдары катары этнография илиминин салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө үй-бүлөнүн курулушу, ата-энелик парыз, традиция жана анын үй-бүлөдө сакталышы, нике жана анын мааниси, балдарды тарбиялоодогу үй-бүлөнүн жоопту улугу тууралуу изилдөөлөр пайдаланылды. Алардын материлдарында эмгектүү оюндардын ичинен чүкө жана ордо оюнуна токтолдук. Баланын өсүп-өнүгүшүн коштогон тушоо кесүү салтын баяндап бердик.

Экинчи бир материалдар тобу – көркөм адабият. Кыргыздардын салттуу үй-бүлөсүндө эмгекке тарбиялоо идеялары, андагы ата-эненин орду көптөгөн акындардын, жазуучулардын чыгармаларында чагылдырат. Ч.Айтматовдун «Балалыгым» деген эскерүү китебине таянып, болочок жазуучу элдик тарбияда эмгектенип өскөнү үчүн «Кайрак жерде», «Сыпайычы», «Атадан калган туяк» деген аңгемелеринде, «Манас-Атанын ак кар, көзү музу» очеркинде, «Саманчынын жолу», «Гүлсарат», «Эрте келген турналар»

повесттеринде, «Кыямат», «Кылым карытар бир күн» романдарында эмгек адамдарынын образын жаратып, эмгектин улуулугун көрсөткөндүгүн мисал катары тарттык.

Изилдөөбүздүн дагы бир материалдары – салттуу үй-бүлөдө чоңойгон аксакалдар менен аңгемелешүү болду. Алардын ичинен Акчолпон Абдырахманованын, Өмүрзак Ташматовдун, Меңди Мамазаировaнын сөздөрүн ишибизге киргизип, алардан ата-энелер элдик педагогиканын салттары аркылуу эмгекке кантип тарбиялап келгенин дагы тереңирээк аңдаштырдык.

Кийинки материалдар студенттердин жазган эсселери болду, аларды анализдөө да көп материалдарды берди.

2-параграф *«Илимий изилдөөнүн методдору»* деп аталат. Биз ишти жазууда колдонгон методдор: кыргыз этнопедагогикасындагы, социологиясындагы, этнографиясындагы идеяларды жалпы педагогика илиминдеги ойлор менен байланыштыруу, б.а., типологиялык салыштыруу методу; башка улуттардагы балдарды эмгекке тарбиялоо салттары менен кыргыз элинин салттарын салыштырма-типологиялык анализдөө методу; аңгемелешүү методу (салттуу үй-бүлөдө тарбияланган адамдар ж.б. информаторлор менен); темага байланыштуу «талаа материалдарын» жазып алуу, ал жерде айтылгандарды видео, аудио форматында сактоо; этнографиялык эмгектерди, тарыхый жазма булактарды этнопедагогикалык аспектиден анализдөө; мектептеги окуу-нормативдик материалдарга талдоо; тарбиялык сабактарды жана айрым предметтерде өтүлгөн сабактарды изилдөө; мектептердеги класстан тышкаркы иштерге катышуу; айылдагы (шаардагы) элдик майрамдар, биргелешип жумуш иштөө (ашар) ж.б. иш чараларга баруу; эксперимент методу ж.б.

*«Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекке тарбиялоодо ата-энелердин тажрыйбаларын азыркы учурда мектеп практикасында пайдалануунун педагогикалык шарттары жана мүмкүнчүлүктөрү»* деп аталган 3-парагафта салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө жана азыркы үй-бүлөлөрдө

балдарды эмгекке тарбиялоонун өзгөчөлүктөрүн таблица формасында көрсөттүк. Ушул эле бөлүмдө М.Абдыкадырованын кыргыз адабияты сабагында Тоголок Молдонун «Иттин доолдай тиктирем дегени» аттуу тамсилин интерактивдүү методдун ыкмасы болгон ролдук оюн жана имитация аркылуу окутууда окуучуларды жалкоолук менен күрөшүүгө чакырыгы түшүндүрүлөт. Азыркы мектеп практикасында салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө ата-энелердин эмгекке тарбиялоо салттарын реализациялоо боюнча сабак – технология сабагы. Бул сабакта эмгекке тарбиялоо процессинин принциптери (пландуулук; системалуулук; шайкештик; балдардын курак жана психологиялык өзгөчөлүгүн эске алуучулук; билим берүү уюмунун шартына, мүмкүнчүлүгүнө кароо; баланын өнүгүшүнө кам көрүүчүлүк; аң-сезимдүүлүк; активдүүлүк; жөнөкөйдөн – татаалга, жеңилден – оорго баруучулук; көргөзмөлүүлүк; тарыхыйлык; элдик салттарды жана андагы ата-эненин эмгекке тарбиялоо тажрыйбаларын эске алуучулук ж.б.) аныкталды.

Ушул эле параграфта окуучуларды азыркы мектепте элдик салттардын негизинде эмгекке тарбиялоонун негизги формалары жана алардын өткөрүлгөн жерлери, салттуу кыргыз үй-бүлөсүндөгү ата-энелердин эмгекке тарбиялоо тажрыйбаларын үйрөнүүнүн натыйжаларынын компоненттери жана ата-энелер менен «Балдарды элдик педагогиканын таасиринде эмгекке тарбиялоодогу ата-эненин ролу» деген темада интерактивдүү сабактын жүрүшү чагылдырылды. Окуучуларынын ата-энелери менен «Балдарды элдик педагогиканын таасиринде эмгекке тарбиялоодогу ата-эненин ролу» деген темада интерактивдүү сабактын планы да сунушталды.

Кийинки параграф *«Кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекке тарбиялоо салттарын азыркы мугалимдердин жана тарбиячылардын практикада колдонулуш тажрыйбалары»* деп аталат. Мында советтик учурдагы эмгекке тарбиялоонун оң натыйжалары («Тимурчулар командасы», мектептердеги «Өндүрүштүк бригада», сакманчыларга, тамекичилерге, пахтачыларга жардам берүү ж.б.) болгон. Мына ошол советтик учурдагы окуучулардын өндүрүш менен байланышкан ишмердүүлүгү СССР бузулуп, чарбалар жоюлуп, жер

жана мал жеке менчикке өткөндөн кийин пассивдешип кетти. 2017-жылы 30-ноябрда Ысык-Көл областынын Ысык-Көл районундагы П.Ф.Колесников атындагы орто мектебинде ушул райондун билим берүү бөлүмүнүн балдар чыгармачылык үйүнүн жетекчиси А.Т.Жусупбекованын уюштуруусу жана жетекчилиги менен «Окуучуларды эмгекке тарбиялоо» деген темада райондук семинар-көргөзмө өттү. Бишкек шаарында Ж.Бапанованын жетекчилиги менен балдардын жана өспүрүмдөрдүн «Алтын түйүн» деп аталган академиясы иштейт, кыргыз-түрк лицейлеринин «Сапат» билим берүү уюмдарынын 16 лицейинин окуучуларынын арасында робот жасоо жарышы болуп турат, Болуш Мадазимов Кара-Суу районунун Мады айылдык кеңешинин Кыргыз-Чек айылындагы маданият үйүн жана андагы комузчулар ансамблин жетектеп, Намазбек Уралиев Чолпон-Ата шаарындагы маданият үйүндө иштеп, жүздөгөн шыктуу балдарга комуз чертүүнү гана үйрөтпөй, комуз чабууну да, өзү черте турган комузду өздөрү чаап алууну да үйрөткөн.

Андан ары диссертацияда этнопедагог окумуштуулар (Б.Алымбаева жана Э.Сабырова, Т.Каранова, Т.Жумабаева ж.б.) колдонгон тажрыйбалар илимий анализден өткөрүлүп, жыйынтыктары чагылдырылды.

# III БАП. САЛТТУУ КЫРГЫЗ ҮЙ-БҮЛӨСҮНДӨ БАЛДАРДЫ ЭМГЕКЧИЛДИККЕ ТАРБИЯЛООДО АТА-ЭНЕНИН РОЛУ ЖАНА АНЫ АЗЫРКЫ МЕКТЕП ПРАКТИКАСЫНДА ПАЙДАЛАНУУ БОЮНЧА ТАЖРЫЙБАЛАРДЫН ЖҮРҮШҮ ЖАНА НАТЫЙЖАЛАРЫ

## 3.1. Педагогикалык тажрыйбалардын уюштурулушу жана өткөрүлүшү

Изилдөөнүн максат-милдеттерине ылайык педагогикалык тажрыйба (эксперимент) методун жүргүздүк. Ага тажрыйбалык (эксперименталдык)

база катары Ош областынын Ноокат районундагы Ж.Чыңгараев, Кожоке, Араван районундагы №9 Бостон орто мектептери жана Ош шаарындагы №30 А.Алиев атындагы жана «Жетиген» мектептери тартылды. Мында биз салыштырып көрүү үчүн чоң шаардын (Оштун) эки мектебин, анан айылдын үч мектебин атайын максатта тандап алдык.

Биз эң алды менен тажрыйба жүргүзүүнүн этаптарын, максатын, негизги милдеттерин, методдорун, алынуучу натыйжаларын аныктадык.

***3.1 – таблица. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-эненин ролун азыркы мектептерде колдонуу боюнча тажрыйба өткөрүүнүн этаптары, максаты, методу, милдети, натыйжасы***

| **Даярдоо (байкоо, изилдөө, констатациялоочу) этабы – 2015-2016-жылдар** | |
|---|---|
| **максаты** | мектептердин тарбиялык сабактарынын план-программалары менен таанышуу;<br>жазыла турган диссертациянын жумушчу гипотезасын аныктоо;<br>проблема боюнча методологиялык адабияттарды үйрөнүү ж.б. |
| **милдети** | тажрыйба өткөрүлүүчү базаларды издеп, табуу;<br>тажрыйбалык сынактан өткөрүү үчүн материалдарды даярдоо;<br>тажрыйбанын негизги максат-милдеттерин аныктоо;<br>тажрыйба өткөрүүнүн жүрүшүн пландоо;<br>тажрыйба өткөрүүнүн тартибин иштеп чыгуу;<br>тажрыйба өткөрө турган мугалимдерди, тарбиячыларды белгилөө ж.б. |

| | |
|---|---|
| **методу** | КР билим берүү мыйзамдарын, КР билим жана илим министрлигинин окуу-нормативдик документтерин үрөнүү;<br>баарлашуу;<br>аңгемелешүү;<br>байкоо;<br>анкеттөө;<br>илимий-теориялык адабияттарды үйрөнүү;<br>окуучулардын жазма иштерин талдоо;<br>ата-энелердин үйлөрүнө баруу;<br>анализ жана синтез;<br>жалпылоо жана системалаштыруу;<br>типологиялык байланыш түзүү;<br>интеграциялоо;<br>индукция жана дедукция<br>ж.б. |
| **натыйжа** | салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-эненин ролун азыркы мектеп практикасында колдонуунун учурдагы абалы такталды;<br>ушул проблема боюнча окуу-нормативдик документтер үйрөнүлдү;<br>теориялык жана методикалык илимий адабияттар изилденди;<br>окуучулардын жазуу жумуштары текшерилди;<br>бул багытта тарбиячылардын жана мугалимдердин тажрыйбалары үйрөнүлдү;<br>окуу пландары, окуу прогрммалары талданды;<br>бул багытта айрым ата-энелердин тажрыйбалары үйрөнүлдү ж.б. |
| **Изденүүчү (аныктоочу) этабы – 2017-2018-жылдар** | |

| | |
|---|---|
| **максаты** | диссертациянын предметин, объектин, максатын, милдетин, болжомолун тактоо;<br>салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-эненин ролун азыркы мектеп практикасында колдонуунун компонттерин, моделин иштеп чыгуу. |
| **милдети** | салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-эненин ролун азыркы мектеп практикасында колдонууну ишке ашыруучу тарбиячылардын, мугалимдердин ушул проблема боюнча компетенттүүлүктөрүн текшерүү;<br>салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-эненин ролун азыркы мектеп практикасында колдонуунун ыкмаларын, жолдорун жана каражаттарын иштеп чыгуу;<br>иштелип чыккан ыкмаларды, каражаттарды тажрыйба жүргүзүүчү тарбиячыларга жана мугалимдерге сунуштоо ж.б. |
| **методу** | тарбиялык сабактарды анализдөө;<br>тестирлөө;<br>аңгемелешүү;<br>байкоо;<br>анализ жана синтез;<br>жалпылоо жана системалаштыруу;<br>ата-энелердин тарбиялык иштери менен таанышуу;<br>ар түрдүү үй-бүлөлөрдү салыштыруу;<br>салыштырма этнопедагогикалык анализ (б.а., башка элдердин ушундай салттары менен салыштыруу) ж.б. |
| **натыйжа** | учурда кыргыз элдик педагогикасынын салттарын пайдаланып тарбиялоо боюнча шарттар, талаптар аныкталды;<br>тарбиялык иштер боюнча негизги материалдар үйрөнүлдү; |

| | |
|---|---|
| | методикалык сунуштарыбыз тарбиялык сабактарда жана сабактарда тажрыйба жүргүзүүчү мугалимдер тарабынан текшерилди;<br>окуучулардын кыргыз элинин тарбиялоо маданиятына болгон кызыгуулары аныкталды;<br>окуу-тарбия процессинде азыркы ата-энелердин таасири канчалык экендиги такталды ж.б. |
| **Жыйынтыктоочу (калыптандыруучу) этабы – 2019-2020-жылдар** | |
| **максаты** | салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-эненин ролун азыркы мектеп практикасында колдонууну боюнча педагогикалык текшерүүнүн жыйынтыктарын анализдөө жана баа берүү;<br>айрым материалдардын кээ бир натыйжаларын кайра тактоо;<br>тажрыйба үчүн сунушталуучу материалдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү;<br>илимий изилдөөнүн гипетозасынын туура же туура эмес экендигин дагы бир жолу текшерүү;<br>диссертацияны жыйынтыктоо жана диссертациялык формага салуу ж.б. |
| **милдети** | салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-эненин ролун азыркы мектеп практикасында колдонууну боюнча педагогикалык текшерүүнүн жыйынтыктарын мугалимдерге сунуш кылуу;<br>илимий-практикалык конференцияларда диссертациянын негизги жоболорун апробациялоо;<br>диссертациянын айрым бөлүмдөрүн илимий макала формасында жарыялоо, алар тууралуу пикирлер менен таанышуу; |

| | |
|---|---|
| | тажрыйбага катышкан мугалимдердин жүргүзгөн иштерине баа берүү;<br>изилдөөнүн башкы компонеттерин жана моделин толуктоо;<br>салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-эненин ролун азыркы мектеп практикасында колдонууну боюнча иштердин натыйжалуулугун ырастап, аны мындан ары өркүндөтүүнүн жолдорун сунуштоо. |
| **методу** | анкеттоо;<br>сабактарды жана тарбиялык иштерди илимий талдоодон өткөрүү;<br>алдыңкы тажрыйбаларды үйрөнүү;<br>жазуу жумуштарын анализдөө;<br>аңгемелешүү;<br>байкоо;<br>материалдарга анализ жана синтез;<br>материалдарды жалпылоо жана системалаштыруу;<br>башка улуттардын тарбиялоо салттары менен типологиялык байланыш түзүү;<br>интеграциялоо;<br>индукция жана дедукция;<br>ата-энелердин үй-бүлө турмушу менен таанышуу ж.б. |
| **натыйжа** | салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-эненин ролун азыркы мектеп практикасында колдонууну боюнча тажрыйбалык материалдар ар тараптуу үйрөнүлдү жана алар жыйынтыкталды;<br>алынган натыйжалар илимий жактан жалпыланды;<br>материалдар анализденип, синтезделди;<br>иштин гипетозасынын ырастыгы дагы бир жолу текшерилди; |

| | |
|---|---|
| | темага байланыштуу окуу-тарбия процессине ылайлык практикага сунуштар берилди;<br>илимий иш диссертация жана автореферат формасына келтирилди. |

*Окуучулардын эмгекке тарбиялангандыгынын тажрыйбанын аныктоо этабындагы диагностикасы*

Жалпы билим берүүчү орто мектептердин окуучуларынын салттуу кыргыз үй-бүлөсүндөгү эмгекке тарбиялоо тажрыйбаларын кандайча үйрөнүп жаткандыгын билүү максатында бир катар теориялык жана методикалык материалдарды жүргүздүк.

***3.2– таблица. Окуучуларынын салттуу кыргыз үй-бүлөсүндөгү ата-энелердин эмгекке тарбиялоо тажрыйбаларын кандайча үйрөнүп жаткандыгын аныктоонун диагностикалык программасы***

| **Окуучулардын эмгек тарбиясын алгандыктын көрсөткүчү** | **Калыптанган сапаттардын белгилери жана деңгээлдери (3-деңгээлден 0-деңгээлге чейин)** |
|---|---|
| **Пайдалуу эмгектин маани-маңызын билүүсү (билбөөсү)** | 3 – жумуш аткаруунун маани-маңызын, пайдасын түшүнөт, ошол жумуштарды өзү таап аткарат жана мындай жумуштарды аткарууда башкаларга көмөктөшөт, аларды үндөйт;<br>2 – жумуш кылуунун пайдасын, аны кандай аткаруу керектигин билет, өзү иш таап аткарат, бирок башкаларды үндөбөйт, аларга жардам бербейт; |

| | |
|---|---|
| | 1 – эмгектин кадыр-баркын, маани-маңызын так ажырата билбейт, ар кандай ишти бирөөнүн айтканы менен гана аткарат;<br>0 – жумуш кылуунун пайдасын билбейт, иштөөнү каалабайт жана иштебейт. |
| **Эмгектеги демилгелүүлүгү жана пайдалуу иштерге катышуусу (катышпоосу)** | 3 – ар дайым класс, мектеп, же жалпы эле коом үчүн, достору үчүн эң эле пайдалуу иш таба билет жана ага башкаларды да үндөйт;<br>2 – ар дайым класс, мектеп, же жалпы эле коом үчүн, достору үчүн эң эле пайдалуу иш таба билет, бирок ага башкаларды тарта албайт; 1 – бирөөлөр уюштурган пайдалуу иштерге катышат, а өзү уюштурбайт;<br>0 – ар дайым класс, мектеп, же жалпы эле коом үчүн, достору үчүн эң эле пайдалуу иштерге катышпайт жана катышууну да каалабайт. |
| **Эмгек процессине катышуудагы өз алдынчалыгы** | 3 – башкалардын текшерүүсү болбосо дале жумуш иштөөгө активдүү катышат жана мындай иштерге катыштырууга досторун да үгүттөйт;<br>2 – жумуштарды иштөөгө өзү активдүү катышат, бирок |

| | |
|---|---|
| | башкалардын да иштеп жатканына кайдыгер карайт;<br>1 – ар кандай ишти башка бирөөлөр текшерип турса гана бүтүрөт, болбосо таштап салат;<br>0 – жумуштарды аткарууга катышпайт, катышкасы да келбейт. |

Бул педагогика илимдеринин доктору, профессор М.И.Шилованын[185, 710-144-б.б.], методикасына болуп саналат, ошол методикага таянып окуучулардын эмгекке тарбиялангандыгынын (ОЭТ) деңгээлин аныктап чыктык. Анда биз эмгекке тарбиялангандыктан негизги үч көрсөткүчүн бөлүп алдык. Алар:

- пайдалуу эмгектин маани-маңызын билүүсү же билбөөсү;
- эмгектеги демилгелүүлүгү жана пайдалуу иштерге катышуусу же катышпоосу;
- эмгек процессине катышуудагы өз алдынчалыгы.

Буларды аныктоо үчүн ар бир мугалим байкоо, аңгемелешүү, башкалардын пикирин угуу методу менен окуучунун баллын чыгарат, ага (мугалимге) билдирбей (көз каранды болбой) ата-энелер өзүнчө балл чыгарат. Анын мисалы төмөндө көрсөтүлөт.

***3.3 – таблица. Окуучулардын эмгекке тарбиялангандыгынын деңгээлинин көрсөткүчү (балл менен)***

| | **Окуучунун аты-жөнү** | **ОЭТ (мугалимдин баллы)** | **ОЭТ (ата-эненин баллы)** | **ОЭТ (жалпы баллдын суммасы)** | **ОЭТ (орточо балл)** |
|---|---|---|---|---|---|

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Абжалиев Зиябидин | 8 | 7 | 15 | 7,5 |
| | Акназарова Акбермет | 9 | 9 | 18 | 9 |
| | Бакыт кызы Аймира | 0 | 1 | 1 | 0,5 |
| | Жолдошов Эсенбай | 6 | 6 | 12 | 6 |
| | Имарбек уулу Артык | 5 | 6 | 11 | 5,5 |
| | Калиев Нематтилла | 6 | 8 | 14 | 7 |
| | Куштарбек уулу Мухтар | 9 | 8 | 17 | 8,5 |
| | Маткеримов Талант | 3 | 4 | 7 | 3,5 |
| | Рысбаев Кубаныч | 7 | 9 | 16 | 8 |
| | Сулайманов Толкунбек | 2 | 1 | 3 | 1,5 |

өзүнчө, ата-эне өзүнчө балл коёт. Экөөнун баллы кошулуп, суммасы чыгарылат.

Мына ушундай жол менен Ош областынын Ноокат районундагы Ж.Чыңгараев, Кожоке, Араван районундагы №9 Бостон орто мектептеринен жана Ош шаарындагы №30 А.Алиев атындагы жана «Жетиген» мектебинен 246 окуучудан эмгекке тарбиялангандыгынын (ОЭТ) деңгээлинин көрсөткүчүн алдык. Жогорудагы он окуучунун мисалын алсак:

өтө жогорку балл алгандар (8-9 балл) – 3 окуучу;

жогорку балл алгандар (7-7,5 балл) – 2 окуучу;

орто балл алгандар (3,5-5,5) – 2 окуучу.

төмөн балл алгандар (0,5-1,5) – 2 окуучу.

Мына ушундай жол менен 246 окуучунун орто баллдарын эсептеп чыктык. Анын көрсөткүчү төмөнкүдөй болду:

өтө жогорку балл алгандар (8-9 балл) – 18% окуучу;

жогорку балл алгандар (7-7,5 балл) – 26% окуучу;

орто балл алгандар (3,5-5,5) – 35% окуучу.

төмөн балл алгандар (0,5-1,5) – 21% окуучу.

Педагогикалык тажрыйбанын биринчи аныктоочу этабында окуучулардын салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекке тарбиялоо боюнча тажрыйбаларын азыркы мектепте колдонуу ишмердүүлүгүн мугалимдер жана тарбиячылар канчалык пайдалана ала тургандыгын аныктадык. Аныктоонун чен-өлчөмдөрү:

- мугалимдердин иш пландарын карап чыгуу;
- мугалимдердин тарбиялык сабактарына катышуу;
- мугалимдер менен аңгемелешүү; мугалимдердин аш-аракеттерин байкоо;
- окуучулар менен баарлашуу;
- ата-энелер менен аңгемелешүү;
- анкеттөө ж.б.

Анын жыйынтыгы төмөндө көрсөтүлдү.

***3.4 – таблица. Мугалимдердин тарбиялык иштеринде салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө ата-энелердин балдарды эмгекке тарбиялоо тажрыйбаларын азыркы мектепте пайдалана алуу деңгээли (246 окуучу % менен)***

| **№** | **Мектептер, Окуучулардын саны** | **Жогорку деңгээл (өтө жогорку жана жогору балл алгандар)** | **Орто Деңгээл (орто балл алгандар) 3,5-5,5 балл алгандар** | **Төмөнкү деңгээл (төмөн балл алгандар) 0-1,5 балл алгандар** |
|---|---|---|---|---|

| | | 7-9 балл | | |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Ж.Чыңгараев ат-гы мектеби (56) | 26,4 | 45,4 | 28,2 |
| 2 | Кожоке орто мектеби (48) | 29,2 | 38,6 | 32,2 |
| 3 | №9 Бостон орто мектеби (23) | 32,6 | 41,6 | 25,8 |
| 4 | А.Алиев ат-гы мектеби (63) | 28,8 | 34,6 | 36,6 |
| 5 | «Жетиген» мектеби (56) | 27,6 | 42,4 | 30,0 |
| | **Орточо** | **28,92** | **40,52** | **30,56** |

Бул таблицадан байкалып тургандай көрсөткүчтөр мындай болду:

Ж.Чыңгараев атындагы орто мектебинин 56 окуучусунун жогорку деңгээли – 26,4%, орто деңгээли – 45,4%, төмөнкү деңгээли – 28,2%.

Кожоке орто мектебинин 48 окуучусунун жогорку деңгээли – 29,2%, орто деңгээли – 38,6%, төмөнкү деңгээли – 32,2%.

№9 Бостон орто мектебинин 23 окуучусунун жогорку деңгээли – 32,6%, орто деңгээли – 41,6%, төмөнкү деңгээли – 25,6%.

А.Алиев атындагы орто мектебинин 63 окуучусунун жогорку деңгээли – 28,8%, орто деңгээли – 34,6%, төмөнкү деңгээли – 36,6%.

«Жетиген» орто мектебинин 56 окуучусунун жогорку деңгээли – 27,6%, орто деңгээли – 42,4%, төмөнкү деңгээли – 30,0%.

Жалпы беш мектеп боюнча 246 окуучунун жогорку деңгээли – 28,92%, орто деңгээли – 40,52%, төмөнкү деңгээли – 30,56%.

ОЭТнын мына ушундай деңгээлинин жыйынтыгы бизди канааттандырган жок.

Ал жыйынтык төмөнкүлөрдү көрсөттү:

1. Азыркы мектеп окуучуларынын салттуу кыргыз үй-бүлөсүндөгү ата-энелердин балдарын эмгекке тарбиялоо салттарын өздөштүрүүсү талап кылган деңгээлде эмес.

2. Мугалимдер жана тарбиячылар салттуу үй-бүлөдөгү ата-энелердин балдарын эмгекке тарбиялоо тажрыйбаларын иш практикасында кеңири колдоно албайт.

Ата-энелерге «Балаңызды эмгекке тарбиялоодо сиз өзүңүз ата-энелериңизден алган салттуу тарбия эрежелерин колдоносузбу» деген суроо койдук. Натыйжа төмөнкүдөй болду.

***3.5 – таблица. Ата-энелердин тарбиялык иштеринде салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө ата-энелердин балдарды эмгекке тарбиялоо тажрыйбаларын колдонуу деңгээли (жалпы 75 ата-эне)***

| **№** | **Мектептер,ата-энелердин саны** | **Жогорку деңгээл** | **Орто деңгээл** | **Төмөнкү деңгээл** |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Ж.Чыңгараев ат-гы мектеби (14) | 4 | 6 | 4 |
| 2 | Кожоке орто мектеби (21) | 6 | 8 | 7 |
| 3 | №9 Бостон орто мектеби (9) | 2 | 3 | 4 |
| 4 | А.Алиев ат-гы мектеби (13) | 3 | 5 | 5 |
| 5 | «Жетиген» мектеби (18) | 5 | 7 | 6 |
| | **Жалпы (75)** | **20** | **28** | **26** |

Бул таблицанын көрсөткүчү боюнча деңгээлдер мында абалда болду:

Ж.Чыңгараев атындагы орто мектебинин 14 ата-эненин жогорку деңгээли – 4, орто деңгээли – 6, төмөнкү деңгээли – 4 ата-эне.

Кожоке орто мектебинин 21 ата-эненин жогорку деңгээли – 6, орто деңгээли – 8, төмөнкү деңгээли – 7 ата-эне.

№9 Бостон орто мектебинин 9 ата-эненин жогорку деңгээли – 2, орто деңгээли – 3, төмөнкү деңгээли – 4 ата-эне.

А.Алиев атындагы орто мектебинин 13 ата-энесинин жогорку деңгээли – 3, орто деңгээли – 5, төмөнкү деңгээли – 5 ата-эне.

«Жетиген» орто мектебинин 18 ата-энесинин жогорку деңгээли – 5, орто деңгээли – 7, төмөнкү деңгээли – 6 ата-эне.

Жалпы беш мектеп боюнча 75 ата-эненин жогорку деңгээли – 20, орто деңгээли – 28, төмөнкү деңгээли – 26 ата-эне.

Бул изилдөө боюнча 26 ата-эне (75тин ичинен) салттуу кыргыз үй-бүлөсүндөгү ата-энелердин эмгекке тарбиялоо тажрыйбаларын өз практикасында такыр колдонбогондугун көрсөттү.

Мугалимдерди жана окуучуларды тажрыйбанын байкоо этабында аныктап алгандыгыбыз биздин изилдөөнүн багытын да кайсыл жакка буруу керектигин тастыктады.

*Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндөгү балдарды эмгекти сүйүүгө тарбиялоо традицияларын азыркы мектеп практикасында колдонуунун майнаптуулугун аныктоо үчүн калыптандыруучу тажрыйбанын жүрүшү жана мазмуну*

Изилдөөнүн бул этабында төмөнкүдөй иштер аткарылды:

- жогорудагы беш мектептин ичинен тажрыйба жүргүзүүчү (эксперименталдык) класстарды же топторду жана тажрыйба жүргүзүлбөөчү же жөн эле байкоочу класстарды же топторду тандоонун чен-өлчөмдөрү иштелип чыкты;
- аныкталган чен-өлчөмдөрдүн негизинде тажрыйба жана байкоо топтору тандалды;

- тажрыйба класстары үчүн биз тандаган тарбиялык сабактардын темалары, аларды өткөрүүнүн ыкмалары, жолдору жана каражаттары сунушталды;
- ушул проблема боюнча тарбиялык сабактар, мектептик иш-чаралар уюштурулду;
- салттуу кыргыз үй-бүлөлөрүнө саякаттар (байкоо экспедициялары) жасалды;
- тарбиячы-мугалимдер үчүн методикалык колдонмолор, сабактардын иштелмелери даярдалды;
- этнографиялык, этнопедагогикалык эмгектердин үзүндүлөрү, айрым үй-бүлөлөрдүн тарбиялоо салттарын чагылдырган видеоматериалдар, фотолор ж.б. керектүү каражаттар атайын көбөйтүлүп, тажрыйба жүргүзүүчү мугалимдерге таратылып берилди ж.б.

*Алдыңкы тажрыйбаларды колдонуу.*

Бул багытта Баткен областынын Лейлек районундагы №3 эксперименталдык гимназия мектебинин директору Гапыр Мадаминовдун программасынын эмгекке тарбиялоо боюнча иш-аракеттерин пайдаландык [101,108-б.].

***3.6 – таблица. Ата-энелердин үй-бүлөдө балдары менен алып баруучу тарбиялык аңгеме, сабак, иш-чараларынын болжолдуу программасы (түзгөн Гапыр Мадаминов)***

| № | Тема, иш-чара | Саат | Амалият, күн |
|---|---|---|---|

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1. | Ак эмгек, бешене-тер, туура жол менен мал, дүйнө табуу жана сарамжалдуу жашоо<br>А. Байлыкты ак эмгек менен табуу жолдору<br>Б. Байлыкты башкаларга көргөзүү үчүн эмес, татыктуу жашоо үчүн чогултуу<br>В. Артыкча шаан-шөкөт, байлык менен жашоонун өзүн токтотуу жөнүндө<br>Г. Сарамжалдуулук байлык топтоонун жана көз каранды болбостуктун эң мыкты жолу<br>Д. Тапканга жараша сарптоо принциби. | | |
| 2. | Ишкердик, акча табуу жолдору жөнүндө<br>А. Ишкердиктин мааниси, түрлөрү<br>Б. Учурга, заманга, талапка ылайык ишкердиктин түрлөрү<br>В. Ишкердикти үйрөнүү, жүргүзүү жолдору<br>Г. Соода, акча, эсепти туура жүргүзүү | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Д. Цивилизациялуу, ыймандуу ишкердикке жетишүү. | | |

Новатор-педагогдун ата-энелердин үй-бүлөдө балдары менен алып баруучу тарбиялык аңгеме, сабак, иш-чараларынын болжолдуу программасынын 18-19 пункттары түздөн-түз жана кыйыр түрдө эмгекке тарбиялоого, азыркы учурдун эң пристиждүү өнөрү болгон ишкердикке үйрөтүүдө биз үчүн жол көрсөттү. Анын өзгөчөлүгү – биринчиси, балдарды эмгектенүүнүн адал натыйжасына багыттоо, кол учу менен же бирөөлөрдүн эсебинен акча таппай маңдай тери менен жанын багуу; экинчиси, ишкердик кылууда, коммерцияга барууда да цивилизациялуу мамиле кылуу, бизнестеги ыймандуулук принцибин колдонуу.

*Семинарларды, сабактарды уюштуруу.*

Окуучуларынын ата-энелери менен «Балдарды элдик педагогиканын таасиринде эмгекке тарбиялоодогу ата-эненин ролу» деген темада интерактивдүү сабактын планын 2-главада сунуш кылганбыз.

Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекке кантип тарбиялангандыгын азыркы окуучуларга жеткирүү үчүн ата-энелер үчүн семинар өткөрүү да өзгөчө маанилүү. Анын болжолдуу программасы төмөндө сунуш кылынат.

***3.7 – таблица. Ата-энелер менен салттуу кыргыз үй-бүлөлөрүндөгү балдарды эмгекчилдикке тарбиялоо идеяларын азыркы учурда колдонуу боюнча үйрөтүүчү семинардын болжолдуу программасы***

| № | иш-чаранын темасы | болжолдуу убакыт | өтүлүүчү мөөнөтү |
|---|---|---|---|
| 1. | Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндөгү эмгектин түрлөрү:<br>А. Кол өнөрчүлүк<br>Б. Аңчылык<br>В. Дыйканчылык<br>Г. Мал асыроо<br>Д. Үй тиричилик иштери | | |
| 2. | Баланы бир жашка чейин эмгектенүүгө тарбиялоо салттары | | |
| 3. | Ак эмгек кылууга үйрөтүү.<br>А. Уурулук кылуу, ууру тууралуу жомоктор<br>Б. «Бешене-тер» деген түшүнүктүн мааниси<br>В. Ак эмгек тууралуу элдик макалдар, ырлар | | |
| 4. | «Манас» эпосунда бала Манасты эмгекчилдикке тарбиялоо идеялары | | |
| 5. | Сизди ата-энеңиз кантип эмгекчил болууга тарбиялаган эле? | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 6. | Ата-энеңиздин сизди эмгекчилдикке тарбиялоо боюнча үйрөткөндөрүн сиз балдарыңызга кантип өткөрүп берип жатасыз? | | |
| 7. | Сиз балаңызды эмгекчил деп эсептейсизби? | | |
| 8. | Эмгекчил болууну бала кайдан үйрөнүшү керек: ата-энеденби, мектептенби, досторунанбы, көчөдөнбү? ж.б. | | |

Тажрыйба жүргүзүлгөн мектептерде ата-энелер менен бирге ушундай семинардык сабактарды биз түзүп берген программанын негизинде мектеп директорунун уруксаты менен тажрыйба жүргүзүүчү мугалимдер өткөрүштү. Ал ата-энелердин балдары окуган класстарда эмгекке мамиле бир кыйла жогорулады.

*Ата-энелер менен жолугушууларды өткөрүү*

Бул багытта атайын ата-энелер тандалып алынды. Алар өз балалык чагы, ал учурда алган тарбиялары тууралуу окуучуларга айтып берди. Мисалы, бир ата төкмө акын Идрис Айитбаевдин мындай насаатын ортого салды: «Алтынчы классымда акча табуу үчүн төрт бала чогулуп жумушка жалданып он алты күн Жалал-Абадда шаалы отодук. Күнүнө болгону 30 сом акча берет. Эрте менен уйларды падага кошом, суу ысыганга чейин үй иштери, анан күн батканга чейин шаалыдан – суудан чыкпайбыз. Күн бүркөө күнү талаага жүгөрүнүн чөбүн чапканы, отогону барам. Кечинде пададан келген уйларды тосуп алам, торпокту уйга эмизип кармап турам. Айтор үйдөгү эле аткарган жумуштарымды аткарып жатам. Ошентип үйдөгү аткарып жаткан

